**17.05.2021-жылдан 30.06.2022-жылга чейин убактылуу сырттан башкаруу мезгил аралыгына карата “Кумтор Голд Компани” жабык акционердик коомунун ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө**
**отчет**

**Аудит жүргүзүү үчүн негиз:** 2022-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планы.

**Жооптуу тараптар жана аудит объектиси**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 17.05.2021-жылдагы № 2-б жана №25 буйруктарына ылайык, бул аудитке карата жооптуу тарап болуп, убактылуу сырткы башкаруучу Болтурук Тенгиз Аяпберген уулунун атынан "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы (мындан ары – "КГК" ЖАКы) эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-февралындагы № 133 буйругу менен, "Кумтөр Голд Компани" жабык акционердик коомун убактылуу сырткы башкаруучу болуп, "Улуу Көчмөндөр Мурасы" Улуттук холдинг компаниясы" ачык акционердик коомунун президенти Болтурук Тенгиз Аяпберген уулу дайындалган. "КГК" ЖАКынын убактылуу сырттан башкаруу жол-жобосу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 23.08.2022-жылдагы №446-т тескемесинин негизинде аяктаган.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 17.05.2021-жылдагы №7 токтому менен бекитилген, Убактылуу сырткы башкаруучуну дайындоонун тартибине (мындан ары – Тартип) ылайык, Убактылуу сырткы башкаруучунун милдети болуп иштин таасир этүү зонасында иштеген же жашаган адамдардын өмүрүнө же ден соолугуна түздөн-түз коркунуч келтирген, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жер казынасын коргоонун, экологиялык жана өнөр жайлык коопсуздуктун талаптарын бузууларды четтетүү үчүн коомдун ыйгарым укуктуу органы тарабынан зарыл болгон чаралар көрүлбөгөн шартта юридикалык жактын **үзгүлтүксүз өндүрүштүк, экономикалык** жана башка ишин камсыз кылуу саналат.

Тартиптин 8-пунктунун 5,6-пунктчаларына ылайык, коомдун гана кызыкчылыгында иштөөгө, кызыкчылыктардын кагылышуусуна жол бербөөгө, коомдун активдерин натыйжалуу тескөөгө гана иштейт.

Мында, Тартиптин 7-пунктунун 5-6-пунктчасынан жана “Акционердик коомдор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 65-1-беренесинин 3-пунктунан улам, Убактылуу сырткы башкаруучу коомдун уставында, ушул

Мыйзамда, акционердик коомду башкаруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларында каралган коомдун аткаруу органынын компетенциясынын чегинде иш алып барат жана бул максатта аткаруу органынын ыйгарым укуктары бөлүнүп берилет.

**Аудитордун милдети**

Аудитордун жана аудит тобунун милдети, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде тиешелүү критерийлерге аудит предметинин туура келээри боюнча өз алдынча корутундуга келүүдө турат. Аудит жыйынтыктарды тастыктоочу, жетиштүү талаптагыдай далилдерди алуу үчүн, жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор, катачылыктын жана алдамчылыктын натыйжасында жол берилген олуттуу шайкешсиздиктин тобокелдигин баалоону камтуу менен, аудиттин кесипкөй пикирине жараша болот. Аудит тарабынан аткарылуучу жол-жоболор бул жагдайларда ылайыктуу, чогултулган аудитордук далилдер бул отчетто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейбиз.

**Аудиттин предмети жана критерийлери**

Аудиттин предмети болуп, төмөндө аудиттин критерийлери болуп эсептелген белгилүү бир ченемдик документтер боюнча максаттарга жана милдеттерге "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын ишинин шайкеш келүүсүн изилдөө эсептелет:

- Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- “Акционердик коомдор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- 1992-жылдын 6-мартындагы №850-XI “Кыргыз Республикасындагы концессиялар жана концессиялык ишканалар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Бишкек шаарында 2009-жылдын 24-апрелинде кол коюлган, “Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, "Кыргызалтын" ачык акционердик коому, "Центерра Голд Инк." канадалык компаниясы, "Кумтөр Оперейтинг Компани" жабык акционердик коому, "Кумтөр Голд Компани" жабык акционердик коому жана "Камеко" канадалык корпорациясынын ортосундагы "Кумтөр" долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндө Макулдашууну ратификациялоо тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 14-мартындагы ПЖ № 79 “Кыргыз тараптын жана канадалык "Центерра Голд Инк." компаниясынын ортосундагы өз ара дооматтарды жөнгө салуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 9-мартындагы № 119-VII КПҮ токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-мартындагы №102 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын жана “Кыргызалтын” ААКтын жана “Центерра Голд Инк.” компаниясынын ортосундагы жөнгө салуу жөнүндө глобалдуу макулдашуу”;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 17.05.2021-жылдагы №7 “Убактылуу сырткы башкаруучуну дайындоонун тартибин бекитүү жөнүндө токтому;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 17.05.2021-жылдагы № 2-б жана №25 буйруктары;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 23.08.2022-жылдагы №446-т тескемеси;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.04.2021-жылдагы №128 “Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана уюмдарынын маселелери жөнүндө” токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонду жөнүндө, 20-тиркеме” Жобо;
- Президенттин м.а. Деон Баденхорст тарабынан бекитилген, эсеп саясаты №7-1 “Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну жүргүзүү” (01.06.1995-жылы киргизилген, 19.07.2019-жылы кайрадан каралган) жана башкалар.
- Жеткирүү тутумун башкаруу боюнча директор Арипин Буман тарабынан 10.09.2019-жылы бекитилген, №9-006 “Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча өндүрүштүк нускама”.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттары**

Иш-чара шайкештик аудити жөнүндө жетектөөчү көрсөтмөлөргө ылайык жүргүзүлдү, негизинен, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайрадан каралган), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 29.03.2021-жылдагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген, Шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык.

**Этикалык талаптарга туура келиши**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдердин сакталышын, ошондой эле аудит предмети бардык олуттуу аспекттерде негизделген ишенимди алуу үчүн, аудитти пландоо жана жүргүзүү, мыйзамдуу жана жөнгө салуучу ченемдерге туура келишин талап кылат.

**Аткарылган ишти кыскача баяндоо**

Аудит тарабынан "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жана убактылуу сырттан башкаруучунун ишине тиешелүү ченемдик-укуктук документтер, ички ченемдик документтер, финансылык отчеттуулук изилденди.

Төмөндөгү маселелер каралды: финансылык отчеттуулук, бюджеттик көрсөткүчтөрдү талдоо, өндүрүштүк көрсөткүчтөрдү талдоо, штаттык жүгүртмө жана эмгек акынын, командировкалык чыгымдардын төлөнүшүн, сатып алуулардын негиздүүлүгүн, көрсөтүлгөн кызматтарды, дебитордук жана кредиттик карыздын түзүлүшүнүн негиздүүлүгүн талдоо, демөөрчүлүк жардамды, капиталдык салымдарды координациялоо боюнча ишти, отчет берүүчү суммалардын укуктуулугун баалоо ж.б.у.с.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын иши төмөндө жазылган жагдайлардан сырткары, бардык олуттуу аспекттерде мыйзам талаптарына туура келет.

**Аудит объектисине кыскача мүнөздөмө**

Кумтөр - Борбордук Азиядагы ири алтын кени чыккан жер жана деңиз деңгээлинен 4000 метрден ашык бийиктиктеги Тянь-Шань тоо кыркаларында жана Бишкек шаарынан 350 км аралыкта Кыргызстандын Ысык-Көл областында, 60 км Ысык-Көлдүн түштүгүндө жана 60 км аралыкта Кытай менен чек арада жайгашкан, дүйнө жүзүндөгү экинчи бийик тоолуу алтын кен ишканасы болуп эсептелет.

Кумтөр алтын кени 1978-жылы ачылган. Ал эми кенди өздөштүрүү боюнча техникалык-экономикалык негиздеме (ТЭН) СССР Министрлер советине караштуу “ГИНАЛМАЗАЛТЫН” Баалуу металлдар башкы башкармалыгы тарабынан 1989-жылы даярдалган.

Кыргыз Республикасы эгемендүү мамлекет болуу менен, өлкөнүн баалуу кендерин иштеп чыгууга батыш инвестицияларды тартуу мүмкүнчүлүгүн алган. Алсак, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бир нече инвесторлордун сунушун карап чыккандан кийин, дүйнө жүзүндө ири уран өндүрүүчүлөрдүн бири болуп эсептелген, “Камеко” канадалык корпорациянын сунушун жогору баалаган.

1992-жылы Торонто шаарында тараптар ортосунда “Кумтөр алтын” долбоору боюнча Башкы макулдашууга кол коюлган. Кендин курулушу 1993-жылы башталып, 1997-жылы аяктаган. 1997-жылдын майында компания алтынды коммерциялык өндүрүүгө киришкен жана 1998-жылы 1 миллион унция алтын өндүрүлгөн.

Кумтөрдө кен карьердик ыкма менен казылат (бургулоо ыкмасы, жардыруу иштери, жүктөө жана ташуу) жана майдалагычка, андан ары алтын алуучу фабрикага (мындан ары – ААФ) жеткирилет. Ал жерде кен майдаланат жана “эритмедеги көмүр” технологиясын колдонуу менен алтын алынат.

ААФнын өндүрүш кубаттуулугу суткасына 15000-16000 тоннаны түзөт. Фабрика модернизациялангандан кийин, өндүрүш кубаттуулугу 15,6-18,75%га же 2500-3000 тонна кенге көбөйгөн. ААФнын негизги продуктысы болуп, 65-85% алтынды камтуу менен, Доре эритмеси эсептелет жа өнөр жай өндүрүшү башталгандан тартып, 1997-жылдын ортосунан 2022-жылдын 30-июнуна чейин 13,8 млн унций же 431,6 тонна алтын өндүрүлгөн.

“Кумтөр” кенинде өндүрүлгөн Доре куймалары, Кара-Балта шаарындагы аффинаждык ишканада андан ары иштеп чыгуу үчүн, “Кыргызалтын” ачык акционердик коому (мындан ары - “Кыргызалтын” ААКсы) тарабынан сатылып алынат, бул болсо, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын, “Кыргызалтын” ААКсынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда түзүлгөн алтын менен күмүштү сатуу жөнүндө келишим менен каралган.

*“Кыргызалтын” ААКсы Кыргыз Республикасында жана андан сырткары аффинеждделген алтынды менен күмүштү сатуунун өзгөчө укугуна ээ.*

**Аныкталды 1**

Убактылуу сырттан башкаруучу (УСБ) берген, 2022-жылдын январь – июнуна карата "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын өндүрүштүк жана финансылык жыйынтыктары жөнүндө отчётто, биринчи жарым жылдыкта чыгымдарды үнөмдөө 90 195,4 миң сомду түзгөн, өндүрүштү колдоо жана өнүктүрүү боюнча капиталдык чыгымдардан сырткары:

| Беренелер | Сумма, млн. АКШ доллары | Чыгымдарды азайтууну негиздөө |
|---|---|---|
| **Отун** | 9,2 | Тоо иштеринин көлөмүн азайтуунун эсебинен керектөөнү азайтуу |
| **Мобилдик жабдуулар үчүн запчастар** | 15,4 | Капиталдык ондоо иштеринин графигин өзгөртүү |
| **Жардыруучу заттар** | 4,6 | Эски төмөнкү баа боюнча жардыруучу материалдардын калдыктарын январь жана февралда колдонуу, бюджет менен салыштырмалуу абдан төмөнкү баа, азайтылган керектөө |
| **Майдалоочу шарлар** | 4,1 | Компания Россия жана Казакстандан жаңы жабдуучулардан майдалоочу шарларды сатып ала баштагандыгына байланыштуу, керектөөнүн азаюу эсебинен, аларга өнөр жайлык тестирлөө жүргүзүлгөн, анын натыйжасында керектөө азайган |
| **Реагенттер жана химикаттар** | 3,4 | Негизинен, цианид натрий, кошундудан ажыратуунун технологиялык схемасы убактылуу өзгөргөндүгүнө байланыштуу, керектөө жана баанын төмөндөтүлгөндүгү |
| **Кесиптик кызматтар** | 3,4 | Эл аралык консалтингдик кызмат көрсөтүүнүн көлөмү азайгандыгына жана мөөнөттөрү өзөргөндүгүнө байланыштуу, ошондой эле, ИТ менен байланышкан кесиптик кызмат көрсөтүүлөргө төлөө боюнча чыгымдардын азюусу |
| **Башка жалпы жана административдик** | 5,6 | Камсыздандыруу полистерин кайрадан карап чыгууга байланыштуу, камсыздандыруу боюнча чыгымдардын көпчүлүк бөлүгүнүн азайгандыгынын натыйжасында |
| **РМСБнын жыл сайынкы суммасы** | 10,0 | Жыл сайынкы сумма боюнча боло турган төлөмдөрдү туура эмес эсептөөгө байланыштуу |
| **Башка фонддорго чегерүүлөр** | 10,9 | Жыл башында бюджетке башка фонддорго чегерүүлөргө 10,9 млн АКШ доллары салынган, |

| | | |
|---|---|---|
| | | 2022-жылдын 6 айына карата факты жүзүндө акча каражаттар чегерилген эмес |
| **Башка операциялык чыгымдар** | 11,2 | Жыл башында бюджетке резидент эместердин кирешелерине салыктар салынган, төлөнгөн дивиденддерге карата резидент эместердин кирешелерине салыктар факты жүзүндө кармалган эмес жана чегерилген эмес |
| **Геологиялык чалгындоо боюнча чыгымдар** | 12,4 | подряддык уюмдар менен, бургулоо иштери боюнча бардык келишимдер бузулган, ошондой эле, бургулоо иштеринин өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндүгүнө байланыштуу |
| **Өндүрүштү колдоого капиталдык чыгымдар** | 65,3 | негизинен, логистикалык көйгөйлөргө (Украина аймагындагы РФнын атайын аскердик операциясы) байланыштуу, жабдууларды жеткирүү графигинин өзгөрүүсүнө байланыштуу |
| **Өндүрүштү өнүктүрүүгө капиталдык чыгымдар** | 97,7 | негизинен, логистикалык көйгөйлөргө (Украина аймагындагы РФнын атайын аскердик операциясы) жана жер астында иштетүү боюнча долбоорду токтотуу менен байланыштуу, жабдууларды жеткирүү графининин өзгөрүүсү |

**Корутунду**

1. 2022-жылдын январь – июнуна карата чыгымдарды үнөмдөө 90 195,4 миң сомду түзгөн, ал 2022-жылга ашыра пландоо менен, ошондой эле Кумтөрдүн негизги иши менен байланышкан өндүрүштүк көрсөткүчтөрдүн аткарылбашы менен байланыштуу.

**Сунуш**

1. Негизи өндүрүштүк көрсөткүчтөрдү эске алуу жана ар бир чыгымдар беренелери боюнча эсептөөлөрдү тастыктоо, ошондой эле, өндүрүш иши менен байланышкан негизги көрсөткүчтөрдү аткаруу менен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын бюджетин пландоо камсыздалсын.

**"Улуу Көчмөндөр Мурасы" Улуттук холдинг компаниясы" ачык акционердик коому**

**Аныкталды 2**

Аудит тарабынан, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын каражаттарынын эсебинен, ал түзүлгөн учурдан баштап, "Улуу Көчмөндөр Мурасы" Улуттук холдинг компаниясы" ачык акционердик коомуна каржылоо жүргүзүлгөндүгү аныкталган, бирок, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын Уставынын 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык, Компаниянын максаты болуп, өз ишинен максималдуу киреше алуу, атап айтканда, геологиялык изилдөөлөрдү жана кенди техникалык-экономикалык баалоону жүргүзүү, Кумтөрдүн алтынын өндүрүү, маркетинг жана сатуу эсептелет.

Убактылуу тышкы башкаруу мезгил аралыгына карата "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан Улуу Көчмөндөр Мурасы" Улуттук холдинг компаниясы" ачык акционердик коомунун чыгымдары 1 908,8 миң АКШ долларына каржыланган.

***2022-жылдын январынан 2022-жылдын июнуна чейинки мезгил аралыгына карата чыгымдар***

| № | Чыгымдардын аталышы | Суммасы (миң АКШ доллары) |
|---|---|---|
| 1 | Жергиликтүү жумушчулардын эмгек акысы | 407,6 |
| 2 | Чет элдик жумушчулардын эмгек акысы | 1148,3 |
| 3 | Контракттык жумушчулардын эмгек акысы | 175,8 |
| 4 | Жаңы кеңсенин ижарасы | 100,5 |
| 5 | IT адистеринин кызмат көрсөтүүлөрү | 10,9 |
| 6 | Жана башка чыгымдар | 37,0 |
| 7 | *Эмерек жана материалдар* | *28,7* |
| | *Бардыгы* | *1908,8* |

Холдинг тарабынан "Кумтөр Голд Компани" ЖАКыны каражаттарынын эсебинен 32 долбоор ишке ашырылууда, анын ичинен, “Аврора” санаториясын модернизациялоо, бутирленген суу, Каракол шаарындагы аэропортту реконструкциялоо, Каприз тоо лыжасы отелин модернизациялоо жана заманбап 5 жылдыздуу отелди, мрамор чыгаруучу заводду, Каракол шаарындагы ипподромду куруу ж.б.у.с.

Бул долбоорлорду ишке ашырууга, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын 1 908,8 миң АКШ доллары өлчөмүндөгү каражаттары чыгымдалган, анын ичинен, жергиликтүү жана чет элдик жумушчулардын, ошондой эле контракттык негизде тартылган жумушчулардын эмгек акылары гана 1 731,7 миң АКШ долларын түзгөн. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынны эсебинен көрсөтүлгөн долбоорлорду каржылоо чечими, убактылуу сырткы башкаруучу Т. Болтурук тарабынан кабыл алынган. Долбоорлор ушул кезге чейин ишке ашырылбастан калган, ошону менен бирге, келтирилген чыгымдар "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жана бирден бир акционер “Кыргызалтын” ААКсынын финансылык ишине терс таасирин тийгизген.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 17.05.2021-жылдагы №7 токтому менен бекитилген, Убактылуу сырткы башкаруучуну дайындоонун тартибинин 8-пунктунун 5-6-пунктчаларына ылайык, убактылуу сырткы башкаруучу коомдун кызыкчылыгында гана иштөөгө жана коомдун активдерин натыйжалуу тескөөгө милдеттүү.

**Корутунду**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын каражаттарынын эсебинен, ал түзүлгөн учурдан баштап, "Улуу Көчмөндөр Мурасы" Улуттук холдинг компаниясы" ачык акционердик коомуна каржылоо жүргүзүлгөн, бирок, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын Уставынын 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык, Компаниянын максаты болуп, өз ишинен максималдуу киреше алуу, атап айтканда, геологиялык изилдөөлөрдү жана кенди техникалык-экономикалык баалоону жүргүзүү, Кумтөрдүн алтынын өндүрүү, маркетинг жана сатуу эсептелет.

2. Холдинг тарабынан "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын каражаттарынын эсебинен 32 долбоор ишке ашырылууда, аларга 1 908,8 миң АКШ доллары чыгымдалган, анын ичинен, жергиликтүү жана чет элдик жумушчулардын, ошондой эле, контракттык негизде тартылган жумушчулардын эмгек акылары гана 1 731,7 миң АКШ долларын түзгөн. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын эсебинен көрсөтүлгөн долбоорлорду каржылоо чечими, убактылуу сырткы башкаруучу Т. Болтурук тарабынан кабыл алынган. Натыйжада, долбоорлор ишке ашырылбастан калган, ошону менен бирге, келтирилген чыгымдар "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жана бирден бир акционер "Кыргызалтын" ААКсынын финансылык ишине терс таасирин тийгизген.

***Сунуш***

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине***

1. "Кыргызалтын" ААКсы жана "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы менен бирге, тиешелүү мамлекеттик түзүм тарабынан, "Улуу Көчмөндөр Мурасы" Улуттук холдинг компаниясы" ачык акционердик коому баштаган долбоорлорду ишке ашырууну улантуунун экономикалык максатка ылайыктуулугу каралсын.

***Сунуш***

***"Кыргызалтын" ААКсы***

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы жана тиешелүү мамлекеттик түзүм менен бирге, "Улуу Көчмөндөр Мурасы" Улуттук холдинг компаниясы" ачык акционердик коому баштаган долбоорлорду ишке ашырууну улантуунун экономикалык максатка ылайыктуулугу каралсын.

***Сунуш***

***"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы***

1. "Улуу Көчмөндөр Мурасы" Улуттук холдинг компаниясы" ААКсын каржылоону токтотсун, салыштыруу актысын түзсүн жана анын жыйынтыгы боюнча 2021-2022-жылдардагы долбоорлор боюнча жүргүзүлгөн чыгымдарды "Улуу Көчмөндөр Мурасы" Улуттук холдинг компаниясы" ААКсы кайтарышы үчүн көрсөтүлсүн.

2. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын каражаттарынын эсебинен "Улуу Көчмөндөр Мурасы" Улуттук холдинг компаниясы" ААКсы тарабынан 1908,8 миң АКШ доллары суммасында жүргүзүлгөн иш-чараларга кеткен чыгымдарды кайтаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

3. "Кыргызалтын" ААКсы жана тиешелүү мамлекеттик түзүм менен бирге, "Улуу Көчмөндөр Мурасы" Улуттук холдинг компаниясы" ачык акционердик коому баштаган долбоорлорду ишке ашырууну улантуунун экономикалык максатка ылайыктуулугу каралсын.

**Аныкталды 3**

Убактылуу сырткы башкаруучу тарабынан, алтынды жер астынан казып иштеп чыгуунун башталгандыгы жөнүндө чечим кабыл алынган (эч жерде таризделген эмес, кеңешменин протоколу, буйруктар ж.б. жок) жана “жер алдында иштеп чыгуу” долбоорунун менеджери катары И. Конищев менен 23.08.2021-жылы эмгек келишими түзүлгөн.

*Эскертүү. 2012-жылы "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын башкармалыгы тарабынан Кумтөр кенинде жер алдында кенди өндүрүү үчүн, инфра түзүмдүн курулушу боюнча 180 700,0 миң АКШ доллары суммасындагы чыгымдарды эсептен чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алынган.* ***Кийинчерээк, 2014-жылы "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы жер алдында иштеп чыгуудан баш тарткан.***

Долбоордун техникалык-экономикалык негиздемеси, чыгымдарга жана натыйжаларга талдоо жок туруп, убактылуу сырткы башкаруучунун чечими менен, 2022-жылга капиталдык долбоорлордун бюджетине аларды кошуу менен, жер астында иштеп чыгууга чыгымдар жүргүзүлгөн.

2022-жылдын 30-июнундагы абал боюнча, жер астындагы иштер боюнча долбоорду ишке ашырууга факты жүзүндөгү чыгымдар, план боюнча 25 157,0 АКШ доллары (5,4%) суммасы алдында, 1 357,9 миң АКШ долларын түзгөн.

| **Коду** | **Долбоор** | **Бюджет боюнча сумма (долл)** | **Бекитилген сумма (долл)** | **Факт** | **Алдын ала төлөө** | **Бардык төлөнгөндөр (долл)** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Y9000A | Жер астында иштеп чыгууну долбоорлоо, I этап | 15 000 000 | 204 000 | 8 423 | 112 037 | 120 460 |
| Y9000B | Жер астында иштеп чыгууну долбоорлоо, . II этап | 15 000 000 | 2 393 000 | - | - | - |
| Y9010A | Жер астынан казуу үчүн жабдууларды сатып алуу | 4 800 000 | 4 800 000 | 603 | 129 574 | 130 177 |
| Y9020A | Жер астынан казуу үчүн жабдууларды калыбына келтирүү B | 7 500 000 | 4 150 000 | 185 335 | 328 438 | 513 773 |
| **Y9030** | **Жер астындагы курулуш *(төмөнд долбоорчолор)*:** | **86 000 000** | **13 610 000** | - | - | - |
| Y9032 | №1 порталдын курулушу | - | 33 000 | - | - | - |
| Y9035 | Калорийфер менен желдеткич | - | 1 090 000 | - | 407 506 | 407 506 |
| Y9035A | Дизелдик генераторду сатып алуу | - | 210 000 | - | 185 959 | 185 959 |
| Y9036 | Бетон заводу | - | 1 235 239 | - | - | - |
| | **Бардыгы** | | **25 157 000** | **194 361** | **1 163 515** | **1 357 875** |

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 17.05.2021-жылдагы №7 токтому менен бекитилген, Убактылуу сырткы башкаруучуну дайындоонун тартибинин 8-пунктунун 5-6-пунктчаларына ылайык, убактылуу сырткы башкаруучу коомдун кызыкчылыгында гана иштөөгө жана коомдун активдерин натыйжалуу тескөөгө милдеттүү.

**Корутунду**

1. Убактылуу сырткы башкаруучу тарабынан, алтынды жер астынан казып иштеп чыгуунун башталгандыгы жөнүндө чечим кабыл алынган, буга

карата бул чечимди негиздеген аудитке тиешелүү документтер (кеңешменин протоколу, буйруктар ж.б. у.с.) аудитке берилген жок.

2. Долбоордун техникалык-экономикалык негиздемеси, чыгымдарга жана натыйжаларга талдоо жок туруп, убактылуу сырткы башкаруучунун чечими менен, 25 157,0 АКШ доллары (5,4%) суммасындагы бекитилген план алдында, 1 357,9 миң АКШ доллары суммасында жер астында иштеп чыгууга чыгымдар жүргүзүлгөн.

***Сунуш***

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине***

1. Долбоордун техникалык-экономикалык негиздемеси жок туруп, алтынды жер астынан казып иштеп чыгуу жөнүндө убактылуу сырткы башкаруучу тарабынан чечим кабыл алуу фактысы (2022-жылы жер астында иштеп чыгууга 1 357 875 АКШ доллары өлчөмүндөгү чыгымдар жүргүзүлгөн), ошондой эле, бул багытта иштин улантылышынын максатка ылайыктуулугу маселеси каралсын.

***Сунуш***

***"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы***

1. Техникалык-экономикалык негиздеме кабыл алынгандан кийин, алтынды жер астынан казып иштеп чыгуу жана бул багытта иштин улантылышынын максатка ылайыктуулугун тастыктоо жүргүзүлсүн (2022-жылы жер астында иштеп чыгууга 1 357 875 АКШ долларындагы чыгымдар жүргүзүлгөн).

**Аныкталды 4 (“Amismo AG” компаниясы)**

Аудитке, убактылуу сырткы башкаруу Т.А. Болтуруктун атынан "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы (мындан ары - Заказчы) менен бирден бир директор Маркус Туордун атынан “Amismo AG” компаниясынын (мындан ары – Аткаруучу) ортосунда түзүлгөн, 24.01.2022-жылдагы №С-8109 “Amismo AG” (Швейцария) чет элдик компаниясы тарабынан кызмат көрсөтүү жөнүндө келишим берилген.

Келишимге карата №1 тиркеме (кызмат көрсөтүүлөрдүн аталышы жөнүндө жобо) менен, кызмат көрсөтүүлөрдү жабдуучуга аткаруу үчүн 15 иш-чара белгиленген: бөтөлкөгө куюлган ичүүчү сууларга болгон суроо-талапты изилдөө, коммерциялык сатуу жана Кыргызстанда кондитердик өндүрүштү ишке киргизүү боюнча биргелешкен ишкананын түзүү, “Каракол” тоо лыжа базасын андан ары өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүн изилдөө ж.б. Кызмат көрсөтүүнүн жалпы мөөнөтү 1 (бир) жылды түзгөн, келишим боюнча кызмат көрсөтүү наркы айына - 12,0 миң АКШ доллары, жылына - 144,0 миң АКШ доллары өлчөмүндө каралган (3-пункт).

Аудит тарабынан, жогоруда саналган бардык 15 иш-чара, "Улуу Көчмөндөр Мурасы" Улуттук холдинг компаниясы" ачык акционердик коомунун долбоорлору үчүн каралгандыгы аныкталган.

Келишим убактылуу сырткы башкаруучу тарабынан, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын №7-1 ички саясатынын V1 бөлүмүнүн жол-жоболору сакталбастан жана кызмат көрсөтүүлөрдүн негизделген эсептөөлөрсүз (калькуляция, смета) түзүлгөн.

24.01.2022-жылдан 20.05.2022-жылга чейинки мезгил аралыгына карата "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан “Amismo AG” ЖЧКсына 51 583 АКШ долларындагы төлөм жүргүзүлгөн, анын ичинен, салыктык жана административдик камсыздоо 4 992 АКШ долларын же 12%ды, транспорттук чыгымдар (авиа учуулар) - 2 191 АКШ долларын түзгөн.

24.01.2022-жылдагы №С-8109 түзүлгөн келишим менен, ар бир айдын аягында Аткаруучу, өткөн айга карата көрсөтүлгөн кызматтардын актысын Заказчынын кароосуна берет, ал өзүнө деталдуу тизмени жана отчеттук айдын ичинде көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмүн камтышы керек.

“Amismo AG” ЖЧКсы аткарылган иштерди (кызмат көрсөтүүлөрдү) тастыктоо катары, 2 191 АКШ долларында төлөнгөн командировкалык чыгымдарды эсепке алуу менен, 47 551 АКШ долларындагы аткарылган иштердин (кызмат көрсөтүүлөрдүн) 5 актысын берген.

Жогоруда көрсөтүлгөн аткарылган иштердин актыларына карата, алар кабыл алынгандыгы жана убактылуу сырттан башкаруучу тарабынан кол коюлгандыгы аныкталган: 04.04.2022-жылдагы (2022-жылдын март айы үчүн) 1 акт, 16.05.2022-жылдагы (2022-жылдын апрель айы үчүн) 2 акт жана датасы жок 2 акт.

Берилген актылардын аткарылган иштер бөлүгүндө (тастыкталган документтер жана факты жүзүндөгү жыйынтыктары жок) төмөндөгүлөр көрсөтүлгөн, Аткаруучу тарабынан Кыргыз Республикасына киргенде мөөнөтүнөн мурда чек ара контролун камсыздоо боюнча сервисти жайылтуунун стратегиясы, юридикалык документтер менен иштөө, инвестицияларды тартуу ыкмалары жана багыттары боюнча негиздемелерди иштеп чыгуунун баштапкы этабы иштелип чыккан.

Мында, “Улуу Көчмөндөр Мурасы" Улуттук холдинг компаниясы" ачык акционердик коомунун ("Кумтөр Голд Компани" ЖАКы үчүн эмес) долбоорлорунун алкагында аткарылган иштерди жана документтерди тастыктоонун жоктугуна карабастан, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын финансы кызматкерлери тарабынан “Amismo AG” ЖЧКсына 51 583 АКШ доллары өлчөмүндөгү каражаттар чегерилген жана алар өндүрүш чыгымдары катары эсептен чыгарылган.

“Amismo AG” ЖЧКсына  келишимди мөөнөтүнөн мурда бузуу жөнүндө 17.05.2022-жылы №01-5/9152 билдирүү жөнөтүлгөн жана жыйынтыктоочу өз ара эсептешүү үчүн, бардык керектүү документтерге кол коюу талап кылынган.

**Корутунду**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын атынан убактылуу сырткы башкаруучу Болтурук Т.А тарабынан,  "Улуу Көчмөндөр Мурасы" улуттук холдинг компаниясы"  ААКсынын долбоорлорунун алкагында каралган 15 иш-чараны аткаруу, ай сайын  12,0 миң АКШ долларында төлөө боюнча, «Amismo AG»  чет элик компаниясы менен 24.01.2022-жылы  №С-8109 келишим түзүлгөн.

2. Жогоруда көрсөтүлгөн келишим, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын №7-1  ички саясатынын V1 бөлүмүнүн жол-жоболору сакталбастан жана кызмат көрсөтүүлөрдүн негизделген эсептөөлөрсүз (калькуляция, смета) түзүлгөн.

3. Аткарылган иштердин актыларын, убактылуу сырткы башкаруучу өзү кабыл алган жана тастыктоочу документтерсиз кол койгон.

4. “Улуу Көчмөндөр Мурасы" Улуттук холдинг компаниясы" ачык акционердик коомунун ("Кумтөр Голд Компани" ЖАКы  үчүн эмес) долбоорлорунун алкагында аткарылган иштерди жана документтерди тастыктоонун жоктугуна карабастан,  "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын финансы кызматкерлери тарабынан “Amismo AG” ЖЧКсына  51 583  АКШ доллары өлчөмүндөгү каражаттар чегерилген жана алар өндүрүш чыгымдары катары эсептен чыгарылган.

5. 24.01.2022-жылдагы түзүлгөн №С-8109 келишимден факты жүзүндөгү жыйынтыктардын жоктугуна карабастан, 17.05.2022-жылы №01-5/9152 билдирүү менен, “Amismo AG” ЖЧКсы менен  келишим  мөөнөтүнөн мурда бузулган, анын натыйжасында, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын өндүрүштүк ишине каражаттарды тартуу  51 583 АКШ долларын түзгөн.

**Сунуш**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын өндүрүштүк иши үчүн зарыл болгон финансылык каражаттарды тартууга алып келген, натыйжасыз келишимдерди түзүү практикасы токтотулсун.

2. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын өндүрүштүк ишине  51 583 АКШ долларынндагы  финансылык каражаттарды тартууга алып келген, “Улуу Көчмөндөр Мурасы" Улуттук холдинг компаниясы" ачык акционердик коомунун долбоорлорунун алкагында иштерди аткаруу боюнча түзүлгөн 24.01.2022-жылдагы №С-810 келишимди түзгөн кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды 5 – Өндүрүштүк бюджет (5-аныктамага карата корутундулар жана сунуштар) КПҮ**

## Кассалык жана банктык операциялар

**Аныкталды 6**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын Эсеп саясатынын майда накталай саясаты бөлүгүндөгү  принциптеринин бири *(24.04.1995-жылы киргизилген №3–2/1 - 2021-жылдын 2-июлунда кайрадан каралган)* болуп, башка формадагы төлөмдөрдү жүргүзүүчү жерде аларды чыгымдабоо  жана накталай каражаттарды минимум пайдаланууга карата маалыматтар эсептелет.

Убактылуу сырткы башкаруучу киргизилген мезгил аралыгына карата, кассадагы накталай акчалар сомдо жана АКШ долларында жүргүзүлгөн. Аудит мезгилине карата 11310 “АКШ долларындагы майда накталай каражаттар” эсеби боюнча  2021-жылдын майындагы калдык 26,9  миң АКШ долларын түзгөн,  бардыгы болуп кассага - 59,3  миң АКШ доллары кириштелген, чыгымдалган - 74,0  миң АКШ доллары, анын ичинен: командировкалык чыгымдар  25,8 миң АКШ доллары, бизнес аванстар -  20,7  миң АКШ доллары, визаларды тариздөө - 0,6  миң АКШ доллары жана эсепти толтуруу - 26,9  миң АКШ доллары, 2022-жылдын 30-июнуна карата калдык -  12,2  миң АКШ доллары.

Эсеп саясатына ылайык, чыгымдар компаниянын ички жол-жоболоруна туура келишине карабастан, убактылуу сырткы башкаруучу Т. Болтуруктун уруксаты менен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын коопсуздук кызматынын менеджери С. Кутмановдун 24.01.2022-жылдагы рапорту боюнча, ага отчет берүүгө  4,0  миң АКШ доллары берилген (кийинчерээк кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы боюнча, ыкчам тергөө жана соттук иш-чаралар аяктаганга чейин, акча каражаттары "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын коопсуздук кызматы бөлүмүнүн адиси Т.О. Исаевге берилген).

**Корутунду**

1. Эсеп саясатынын төмөндөгү бөлүгүнүн талаптары сакталган эмес:

- накталай каражаттарды минимум пайдаланууга карата маалыматтар, анткени, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы  өзүнүн ишинде накталай акча каражаттарын пайдаланууну улантууда;

- чыгымдар компаниянын ички жол-жоболоруна туура келиши -  аларды сактабастан туруп, коопсуздук кызматтын менеджерине отчет берүүгө  4,0  миң АКШ доллары берилген  (318,0 миң сом).

**Сунуш**

1. Компаниянын эсеп саясаты сакталсын.

2. Акча каражаттарын накталай формада пайдаланууну кыскартуу боюнча чаралар көрүлсүн.

3. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын коопсуздук кызматы бөлүмүнүн адиси Т.О. Исаевден 4,0 миң АКШ доллары (318,0 миң сом) суммасындагы отчет берүүчү сумманы кайтаруу боюнча  чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды 7**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын бухгалтердик балансы боюнча 01.07.2022-жылдагы HSBC Bankтын эсебиндеги акча каражаттарынын калдыгы 5 194,8 миң АКШ долларын түзгөн, 2021-жылдын 17-майынан 27-майына чейинки мезгил аралыгына карата, көрсөтүлгөн эсептен «Центерра Голд Инк» компаниясы тарабынан факты жүзүндө 5 169,2 миң АКШ доллары суммасындагы каражаттар чыгарылып кеткен. Эсептеги калдык 25,6 миң АКШ долларын түзүшү керек эле.

Бирок, HSBC Bankтын алыш-бериш эсебинен берилген көчүрмөлөргө ылайык, 01.06.2022-жылга карата эсептеги калдыктар 92,6 миң АКШ долларын түзөт, алар өзүнө 60,6 миң АКШ доллары суммасындагы АКШ долларындагы банктык эсепти, 33,6 миң канада долларындагы же 27,9 миң АКШ долларын банктык эсепти, 5,0 миң евро суммасындагы евродогу банктык эсепти же 4,1 миң АКШ долларын камтыйт.

HSBC Bankындадагы алыш-бериш эсебинде ар кандай валютада (евро, канада доллары жана АКШ доллары) акча каражаттары сакталгандыгын жана "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы өзүнүн эсебинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын курсун колдонуу фактысын, ал эми HSBC Bankынын эсептеринен чыгаруу банктын коммерциялык курсу боюнча жүргүзүлгөндүгүн эске алуу менен, жалпы 66,9 миң АКШ доллары суммасында (евродогу эсеп боюнча 61,0 миң АКШ доллары ("Кумтөр Голд Компани" ЖАКы колдонгон 1.04 АКШ долларына карата евронун катышы жана HSBC банкы колдонгон 1.22 АКШ долларына карата евронун катышы) канада долларындагы эсеп боюнча 5,9 миң АКШ доллары ( 0.78 – КГК, 0.81 - HSBC).

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын финансы бөлүмүнүн түшүндүрмөсү боюнча, эсептерге жетүү мүмкүнчүлүгү “Центерра Голд Инк” жетекчилигинде да болгон, алар акча каражаттарын өз керектөөлөрүнө пайдалана алышмак.

Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук боюнча улук менеджер В. Сабыракунованын түшүндүрмөсү боюнча, “Центерра Голд Инк” компаниясы менен "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын ортосунда 2014-жылдын 25-ноябрындагы Карыз милдеттенмеси колдонулган, ага ылайык, HSBC (АКШ) банкыдагы эсепте турган "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын акча каражаттарын “Центерра Голд Инк” компаниясы жеке максаттары үчүн алган жана колдонгон.

2021-жылдын 17-майынан 27-майына чейинки мезгил аралыгына карата “Центерра Голд Инк” компаниясынын көрсөтүлгөн эсебинен, 5 169,2 миң АКШ доллары суммасындагы каражаттар алынган.

2021-жылдын 17-майына карата “Центерра Голд Инк” компаниясынын "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын алдындагы карызы заим суммасы боюнча 80 000,0 миң АКШ долларын жана пайыздар боюнча 2 681,0 миң АКШ долларын түзгөн.

2022-жылдын 28-июлундагы абал боюнча, “Центерра Голд Инк” компаниясынын маалыматтарына ылайык, карыз милдеттенмеси боюнча негизги карыз жана эсептелген милдеттенмелер 85 384,2 миң АКШ долларын, бардыгы болуп 89 259,2 миң АКШ долларын түзгөндүгүн, белгилей кетүү керек. 28-июлда "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын Директорлор Кеңеши (курамында чогулуштун төрагасы Darren Millman жана директор Michael Foreman) тарабынан, 2022-жылдын 4-апрелиндеги Жөнгө салуу жөнүндө глоабалдуу макулдашуу шарттарын аткаруу алкагында, акционерлерге “Центерра Голд Инк” компаниясынын пайдасына 39,3 млн. АКШ доллары өлчөмүндө дивиденддерди жарыялоону сунуш кылуу чечими кабыл алынган. Бул чечим акционерлердин 2022-жылдын 18-июлундагы кезексиз чогулушунда бекитилген.

2022-жылдын 1-августунда “Центерра Голд Инк” компаниясы 39,3 млн. АКШ долларын кармап калуу менен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын алыш-бериш эсебине 50,0 млн. АКШ доллары суммасындагы карыз милдеттенмелери боюнча төлөм жүргүзгөн, алар жарыяланган дивиденддер боюнча "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын милдеттенмелер эсебине чегерилген.

**Корутунду**

1. 2022-жылдын 4-апрелиндеги Жөнгө салуу жөнүндө глоабалдуу макулдашуу шарттарын аткаруу алкагында, акционерлерге “Центерра Голд Инк” компаниясынын пайдасына 39,3 млн АКШ доллары өлчөмүндө дивиденддерди жарыялоону сунуш кылуу чечилген, анын ичинен, 5,2 млн АКШ доллары, алар “Центерра Голд Инк” компаниясынын жеке максаттары үчүн алынган жана колдонулган.

**Сунуш**

1. “Центерра Голд Инк” компаниясынын пайдасына акционерлер тарабынан жарыяланган 39,3 млн. АКШ доллары, анын ичинен 5,2 млн АКШ доллары өлчөмүндө дивиденддер эсепке алуу талаптагыдай тартипте тариздселсин.

**Аныкталды 8**

11.10.2021-жылдагы №С-7613 келишимге ылайык, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы 11.10.2021-жылдан 10.10.2026-жылга чейинки мөөнөткө “Айыл Банк” ААКсынын мөөнөттүү депозиттик эсебине 850,0 млн сом өлчөмүндө (жылдык 3%) акча каражаттарын салган ("Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматкерлерин ипотекалык кредиттөө).

30.06.2022-жылдагы абал боюнча "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматкерлерине 918,6 млн сомго 737 кредит берилген (жылдык коюм 8% - 12%).

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан ФОЭСке (9) шилтемелөө жана "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын чыгымдарына киргизүү менен, 174,7 млн сом резерв эсептелген. Ошол эле учурда, “Айыл Банк” ААКсы "Кумтөр

Голд Компани" ЖАКынын каражаттарынын эсебинен, кредиттерди берүүдө жыл сайын кошумча киреше алат.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жетекчилиги тарабынан 850,0 млн сом өлчөмүндө финансылык ресурстарды тартуу жүргүзүлгөндүгү (5 жыл аралыгында) белгиленген.

**Корутунду**

1. Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жетекчилиги тарабынан 850,0 млн сом өлчөмүндө финансылык ресурстарды тартуу жүргүзүлгөн.

**Сунуш**

1. Кызматкерлерди ипотекалык кредиттөөгө 850,0 млн сом өлчөмүндөгү каражаттарды ("Айыл Банк" ААКсынын мөөнөттүү депозиттик эсеби жылдык 3%, 11.10.2021-жылдан 10.10.2026-жылга чейинки мөөнөт менен) тартуунун максатка ылайыктуулугу маселесин кароо боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды 9**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКын убактылуу сырткы башкаруу мезгил аралыгына карата 62,2 миң АКШ долларындагы 25 даана алтын медаль даярдалгандыгы, анын ичинен, 10,5 миң АКШ долларындагы 9 даана чыгымдалгандыгы аудит тарабынан аныкталган. Калган алтын медалдар кассада сакталып турат.

**Корутунду**

1. 62,2 миң АКШ долларындагы акталбаган чыгымдарга жол берилген.

**Сунуш**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы үчүн киреше алып келбеген долбоорлорду инвестициялоо токтотулсун.

**Аныкталды 10 (авиа учуулар)**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жеткирүү тутумдарын башкаруу боюнча директору К. Кыдыралиев (мындан ары – Кардар) тарабынан, башкы директору Кашиф Садиктин атынан "Travel Vision" ЖЧКсы (мындан ары – Агенттик) менен Кардардын иш сапары менен байланышкан кызмат көрсөтүүлөр (авиа билеттерди брондоо жана тариздөө, билеттерди кайтарууну жана датаны өзгөртүүнү тариздөө, дүйнө жүзү боюнча автомобилдерди прокатка алуу жана мейманканаларды брондоо, "Манас" Эл аралык аэропортундагы VIP залды берүүгө, визалык документтерди тариздөөгө жардам берүүнү камтуу менен, туристтик кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу) боюнча 04.06.2021-жылдагы № С- 7416 келишим түзүлгөн. Келишимди колдонуу мөөнөтү 04.06.2021-жылдан 31.12.2022-жылга чейин.

Келишимдин 6.1-пункту менен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы төмөндөгү кызмат көрсөтүүлөр үчүн, төмөндөгү жыйымдарды төлөөгө макулдугу көрсөтүлгөн: эконом класстагы билетти көчүрмөлөө боюнча

транзакция, эконом ошондой эле бизнес класс сыяктуу эле билетти өзгөртүү, жаңыртуу жана кайтаруу, отелдерди брондоо жана автомашиналардын ижарасы - 3900 сом, бизнес класстагы билетти көчүрмөлөө боюнча транзакция - 7500 сом.

Мында, жогоруда көрсөтүлгөн жыйымдарды негиздеген, келишимге карата эсептөөлөр жок.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын ыйгарым укуктуу кызматкерлери, компаниянын бөлүмдөрүнөн заказдарды алышат жана “Travel Vision” ЖЧКсына иш сапар багыттарын көрсөтүү менен, кызматкерлердин маалыматтарын беришет, алар өз кезегинде, авиа билеттерди сатып алышат, мейманканаларды брондошот жана өзүнүн ортомчулук кызмат көрсөтүүсү үчүн эсептерди беришет.

Өлкөнүн башка туристтик компанияларынын (Кыргыз концепт, Караван, Фест класс) ортосунда жүргүзүлгөн мониторингде, билеттерди сатып алуу, отелдерди брондоо үчүн, кандайдыр бир кошумча жыйымдар (комиссиялар) алар тарабынан алынбай тургандыгы аныкталды, авиа билеттин өзүнүн наркынан же отелдеги номердин ижара наркынан сырткары. Мында, авиа билеттерди сатып алуу үчүн комиссиялык жыйым, авиа компаниянын өзүнө байланыштуу болот, мисалы, түрк авиа линиясы же аэрофлот, эмирейтс ж.б.у.с авиа билеттин наркына кирет.

2021-жылдын июнунан 2022-жылдын июнуна чейинки мезгил аралыгына карата “Travel Vision” ЖЧКсы тарабынан "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматкерлери үчүн 995 авиа билет сатылып алынган жана 62 219,0 миң сомго 602 кызмат көрсөтүлгөн, анын ичинен, “Travel Vision” ЖЧКсынын жогоруда көрсөтүлгөн жыйымдарын төлөө 5 353,4 миң сомду түзгөн.

Алар үчүн авиа билеттер сатылып алынган кызматкерлердин тизмени талдоодо, белгиленген мезгил аралыгына карата учуулар боюнча чыгымдар компаниянын кызматкерлерине гана эмес, компаниянын ишинин маселелерин талкуулоо үчүн, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы чакырган адистерге (визитерлор) боюнча да жүргүзүлгөн.

Аудитке техникалык кызмат көрсөтүү, техникалык коштоо жана алардын продукцияларын консультациялоо, техникаларды ондоо ж.б.у.с. боюнча “Камминз” ЖЧКсы менен түзүлгөн 01.01.2017-жылдагы №С-5381 келишимге карата түзүлгөн 27.06.2022-жылдагы №13 Кошумча макулдашуу аудитке берилген.

Аудит тарабынан, №13 Кошумча макулдашууга шилтемеленген, 01.01.2017-жылдагы №С-5381 келишим "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы менен ООО “Камминз” ортосунда түзүлгөндүгү аныкталган, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы (финансы башкармалыгынын директору Рысбека Токтогулдун атынан) кол койгон жана Кошумча макулдашууда көрсөтүлгөн ТОО “Камминз” (директор А.И. Цуркандын атынан) менен эмес.

Демек, келишим “Камминз” жоопкерчилиги чектелген коом менен түзүлгөн (Россия Федерациясынын резиденти, Кыргызстанда өкүлчүлүгү бар), ал эми ага карата Кошумча макулдашуу башка компания - “Камминз” жоопкерчилиги чектелген шериктештик (Казакстан Республикасынын резиденти) менен түзүлгөн.

Бул маселеге карата, 31.12.2022-жылга чейин келишимди колдонуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө “Камминз” ООО менен түзүлгөн 07.12.2021-жылдагы №11 Кошумча макулдашууга карабастан, финансы башкармалыгынын директору Рысбек Токтогулдун атынан "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы менен башкы директор О.И. Михалинойдун атынан, “Камминз” ООО жана директор А.И. Цуркандын атынан “Камминз” ТОО ортосунда келишим боюнча милдеттенмелердеги адамдарды алмаштыруу жөнүндө **25.06.2022-жылдагы** макулдашууга кол коюлган.

Андан ары, 2 күндөн кийин, **27.06.2022-жылдагы** №13 Кошумча макулдашуу түзүлгөн (31.12.2023-жылга чейинки колдонуу мөөнөтү менен) жана туруктуу жашаган жеринен (Казакстан Республикасы/Россия Федерациясы) Кыргызстандагы кенге чейин “Камминз” ТООнун адистерин жеткирүү жана "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын эсебинен кайра жеткирүүнү камсыздоо бөлүгүндө милдеттенмелерди кабыл алуу жөнүндө 3.6-пунктка өзгөртүүлөр киргизилген.

Мында, 01.01.2017-жылдагы №С-5381 түзүлгөн келишим (мурунку аткаруучу “Камминз” ООО менен) жана ага карата 12-кошумча макулдашуу менен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын эсебинен, аткаруучу кызматкерлер тарабынан авиа учуулар боюнча чыгымдарды жабуу шарттары каралган эмес (3.6 жана 4.5-пп.)

Ошону менен бирге, 2021-жылдын майынан тартып, №13 Кошумча макулдашуу түзүлгөнгө чейинки мезгил аралыгына карата “Камминз” ООО нун кызматкерлери (Галимов А., Полянский Е., Лысиков К.) 17 жолу авиа менен учушкан, ал үчүн, 512,0 миң сом же 6 253,0 АКШ доллары (КРУБ курсу боюнча) төлөнгөн.

Ушундай эле, убактылуу сырттан башкаруучу Р. Енгалычев менен, ага каралган Бишкек шаарында ижарага алынган турак жай үчүн гана 700 АКШ долларын төлөө жана медициналык камсыздандыруу менен, жеткирүү тутумун башкаруу директору катары, эмгек милдеттенмелерин аткаруу боюнча 01.11.2021-жылы келишим түзгөн. Бирок, ага жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнө авиа учууларына 248,5 миң сом же 3 030,0 АКШ доллары (КРУБ курсу боюнча) төлөнгөн.

**Корутунду**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы өзүндө жүргүнчүлөрдү ташуу бөлүмү жана транспорт жана виза маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызматкери болгонуна карабастан, негизделген эсептөөлөр жок туруп, авиа

билеттерди сатып алуу жана мейманканаларды брондоо боюнча ортомчулук кызматты көрсөтүү жөнүндө “Travel Vision” ЖЧКсы менен 04.06.2021-жылы № С- 7416 келишим түзгөн. 2021-жылдын июнунан 2022-жылдын июнуна чейинки мезгил аралыгына карата “Travel Vision” кызмат көрсөтүүсү үчүн жыйымдарды төлөө 5 353,4 миң сомду түзгөн.

2. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан 01.01.2017-жылдагы №С-5381 келишим жана ага карата кошумча макулдашууларда каралбаган, 17 авиа учууга карата “Камминз” ООО кызматкерлерине 512,0 миң сом төлөнгөн.

3. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан кызматкердин жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн авиа учуулары үчүн, түзүлгөн келишимде каралбаган 248,5 миң сом төлөнгөн.

4. Убактылуу сырттан башкаруучу тарабынан, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы активдерди натыйжалуу тескөө бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 17.05.2021-жылдагы №7 тескемесин (8-пункттун 6-пунтчасы) сакталган эмес, анткени, жогоруда жазылгандарды эске алуу менен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын финансылык ишине таасирин тийгизген кошумча чыгымдар 6 113,9 миң сомду түзгөн.

**Сунуш**

1. Авиа билеттерди сатып алуу жана мейманканаларды брондоо боюнча ортомчулук кызмат көрсөтүү тууралуу “Travel Vision” ЖЧКсы менен түзүлгөн 04.06.2021-жылдагы № С-7416 келишимди бузуу боюнча чаралар көрүлсүн.
2. 01.01.2017-жылдагы №С-5381 келишим боюнча милдеттенмелердеги адамдарды алмаштыруу, ошондой эле, туруктуу жашаган жеринен (Казакстан Республикасы/Россия Федерациясы) Кыргызстандагы кенге чейин “Камминз” ТООнун адистерин жеткирүү жана "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын эбинен кайра жеткирүүнү камсыздоо бөлүгүндө милдеттенмелерди кабыл алуу жөнүндө 3.6-пунктка өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө ООО “Камминз” жана ТОО “Камминз” менен "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын ортосунда 25.06.2022-жылы түзүлгөн макулдашуунун негиздүүлүгүнө карата юридикалык баа берүү боюнча чаралар көрүлсүн.
3. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматкерлерине түзүлгөн келишимдер боюнча каралбаган төлөмдөр токтотулсун.
4. 6 113,9 миң сом суммасындагы кошумча чыгымдарга жол берген, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматтагы адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды 11 (тимбилдинг)**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын №7-1 Эсеп саясатынын VI “Өзгөчө учурлар” бөлүмүндө, келишимдин айрым түрлөрүн түзүүдө, өндүрүш процесси менен түздөн түз байланышы жок (мисалы, жалпыга маалымдоо каражаттары, юриспруденция, аудит, консультациялык кызматтар, окутуу, коомдук

тамактануу, **иш-чараларды уюштуруу,** ошондой эле, жалдоо тиешелүү талдоону жана кадрлар бөлүмүнүн макулдгун талап кылган жеке жактар менен кызмат көрсөтүүлөргө/жумуштарга келишим түзүүдө, өндүрүш процесстери менен түздөн түз байланышпаган жана башкалар) тар чөйрөдө адистештирилген компания менен келишим түзүүдө, ***сатып алуунун жөнөкөйлөштүрүлгөн ыкмасы колдонулат.***

Адам ресурстары башкармалыгынын директору Н.Ш. Шамыралиеванын атынан "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы жеке ишкер Р.Р. Ященко (“Sun people” өкүлү) менен, ЖАКтын кызматкерлери жана ишкер өнөктөштөрү үчүн, 2021-жылдын 10-11-12-сентябрындагы мөөнөт менен, 800 адамга сыртка чыгып “Кырчын” этно-комплексинде, “Дордой Номад” амфитеатрында жана “Кыргыз деңизи” санаториясында корпоративдүү иш-чараларды өткөрүү (тимбилдинг - жаңы формат) боюнча кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө келишим түзгөн. Бул келишим боюнча кызмат көрсөтүүнүн наркы 4 039,1 миң сомду (бардык салыктарды эске алуу менен) түзгөн.

Программа менен төмөндөгү иш-чаралар каралган: кылыч чабышууну, улуттук ат оюндарын (Кыз Куумай, Эр эңиш, тыйын эңмей), көчмөндөрдү согуш техникалары (жаа атуу, найза ыргытуу, кылыч менен буюмду жара чабуу, камчы менен иштөө, атчан жигиттер каскадерлордун командасынын эскорту), ошондой эле, жергиликтүү эстрада жылдыздары менен шоу программа ж.б.у.с.

4 199,8 миң сомго аткарылган иштердин актысы 13.09.2021-жылы түзүлгөн, же келишим наркынан ашыруу 160,7 миң сомду түзгөн. Ошону менен бирге, кызмат көрсөтүү наркы белгиленгендигин жана аткаруучу тарабынан көбөйүү жагына бир тараптуу тартипте өзгөртүүгө жатпай тургандыгын караган, түзүлгөн келишимдин 3.2-пункту сакталган эмес.

Адис М.А. Ибраеванын кызматтык катына ылайык, транспортко, жашаган дерге жана чакырылган артисттерге төлөө боюнча кошумча чыгымдар ашыруу себеби болгон. Мында, келишимге карата кошумча макулдашуу түзүлгөн эмес.

Жогоруда көрсөтүлгөн аткарылган иштердин 13.09.2021-жылдагы актысында, №7-1 Эсеп саясатынын 3-тиркемеси түрүндө каралган, белгиленген үлгү сакталган эмес.

Ошондой эле, аткарылган иштердин актысына аны менен келишим түзүлгөн жеке ишкер Р.Р. Ященконуку («Sun people») өкүлү) эмес, “Сан Маркетинг” ЖЧКсынын (ИНН 00606201410073) мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн 4 199,8 миң сом чыгымдар тиркелген.

**Корутунду**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан “Кырчын” этно-комплексинде, “Дордой Номад” амфитеатрында жана “Кыргыз деңизи” санаториясында кызматкерлер жана ишкер өнөктөштөр үчүн, мамлекеттин жетекчилерин тоскон деңгээлиндеги программа менен, 800 адамга

корпоративдүү иш-чара өткөрүлгөн, анын натыйжасында, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын финансылык ишине таасирин тийгизген кошумча чыгымдар 4 199,8 миң сомду түзгөн.

2. Чыгымдарды негиздеген документтерди түзүүдө, аткарылган иштердин актысын түзүү, ошондой эле, кызмат көрсөтүүлөрдү түздөн түз жабдуучулар тарабынан аткарылган иштерди тастыктоо бөлүгүндө, эсеп саясатынын талаптары сакталган эмес.

**Сунуш**

1. Чыгымдарды негиздеген документтерди түзүүдө, кызмат көрсөтүүлөрдү түздөн түз жабдуучулар тарабынан аткарылган иштерди тастыктоо бөлүгүндө, эсеп саясатынын талаптары сакталсын.

2. 2021-жылдын бюджетинде каралбаган, 4 199,8 миң сом кошумча чыгымдарга жол берген "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматтагы адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды 12 (башка жактарга автомобилдерди берүү)**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы Т.А. Болтуруктун атынан (мындан ары - Ссуда берүүчү) кайтарымсыз убактылуу пайдаланууга, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКына тиешелүү жеңил автомобилдерди башка адамдарга берген.

Түзүлгөн келишимдерде, келишим кол коюлган күндөн тартып, 1 календардык жыл мөөнөткө убактылуу кайтарымсыз колдонууга автомобиль Ссуда берүүчү тарабынан берилет жана тараптардын жазуу жүзүндөгү макулдашуусу боюнча узартылышы мүмкүн деп каралган.

Алсак, төмөндөгүлөр менен келишим түзүлгөн жана автомобилдер берилген:

- Кыргыз Республикасынын Экология жана климат боюнча мамлекеттик комитети (мындан ары – Мамлекеттик комитет) Д.А. Кутманованын атынан, Мамлекеттик комитет тарабынан Тойота – LC 200 маркасындагы жеңил автомобилин кайтарымсыз убактылуу пайдалануу жөнүндө (2021-жылы чыгарылган, мамлекеттик номери KGBM 3537, борттук номери 6075, баланстык наркы 62 355,0 АКШ доллары, 04.06.2021-жылдагы кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы) 01.06.2021-жылы №С-7397 келишим. Келишимди түзүү негизи болуп, өтүмдүүлүгү чоң авто транспортту убактылуу пайдаланууга берүү мүмкүнчүлүгүн кароо жөнүндө 03.06.2021-жылдагы №01-1/3-1 келишим эсептелет;
- “Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фонду” Коомдук фонду (мындан ары - Фонд) У.Т. Темирбековдун атынан, Мерседес Бенц $ 350 маркасындагы жеңил автомобилди Фонд тарабынан кайтарымсыз убактылуу пайдалануу жөнүндө (2011-жылы чыгарылган, баланстык наркы 74 823 АКШ доллары, 19.10.2021-жылдагы кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы) 11.10.2021 -жылдагы №С-7604 келишим.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 19.05.2021-жылдагы №11 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Экология жана климат боюнча мамлекеттик комитети жөнүндө” Жобосуна ылайык, Мамлекеттик комитет аткаруу бийлигинин айлана-чөйрөнү жана климатты коргоо, экологиялык (анын ичинде химиялык, биологиялык, радиациялык жана ядролук) коопсуздукту камсыз кылуу, жаратылышты пайдалануу, гидрометеорология чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп саналат, ал экологиялык коопсуздук маселелери боюнча мамлекеттик көзөмөлдү жана контролду жүргүзөт.

Тармактык саясатты, жөнгө салууну, координациялоону, моиторингди, контролдоо жана көзөмөлдөөнү ишке ашыруу функциялары менен, Мамлекеттик комитеттин атынан аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына кайтарымсыз пайдаланууга автомобилди берүү менен, кызыкчылыктардын кагылышына жол берилген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 17.05.2021-жылдагы №7 токтому менен бекитилген, Убактылуу сырткы башкаруучуну дайындоонун тартибинин 8-пунктунун 5-6-пунктчаларына ылайык, убактылуу сырткы башкаруучу коомдун кызыкчылыгында гана иштөөгө жана коомдун активдерин натыйжалуу тескөөгө милдеттүү.

Мында, Мамлекеттик комитеттин жоюлганына (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 24.12.2021-жылдагы №338 токтому) жана келишим мөөнөтү узартылбагандыгына карабастан, автомобиль ушул кезге чейин "Кумтөр Голд Компани" ЖАКына кайтарылган эмес.

**Корутунду**

1. Убактылуу сырттан башкаруучу тарабынан, коомдун активдерин натыйжалуу тескөө бөлүгүндө, Министрлер Кабинетинин 17.05.2021-жылдагы №7 токтому сакталган эмес.

2. Кыргыз Республикасынын Экология жана климат боюнча мамлекеттик комитетинин атынан, жер казынасын көзөмөлдөөчү аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу органына автомобилди кайтарымсыз пайдаланууга берүү менен, кызыкчылыктардын кагылышына жол берилген.

3. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жетекчилиги убактылуу сырттан башкаруучунун атынан, Кыргыз Республикасынын Экология жана климат боюнча мамлекеттик комитети жоюлганына жана Тойота – LC 200 маркасындагы автомобилдин кайтарымсыз ссудасы жөнүндө келишим мөөнөтү аяктагандыгына карабастан, бул активди кайтаруу боюнча чараларды көргөн эмес.

**Сунуш**

1. Башка адамдарга кайтарымсыз пайдаланууга берилген автомобилдерди кайтаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды 13 (“Унаа” МИ)**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын бухгалтердик эсеби боюнча (01.07.2022-жылга карата) **425 бирдик** санындагы транспорттук каражаттар болгон.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 28.07.2022-жылдагы №13/6193 суроо-талабына карата “Унаа” Мамлекеттик мекемеси берген маалыматтар (08.08.2022-жылдагы №11-13/4957 кат) боюнча, АИС “Регистр ТС” электрондук маалыматтар базасында 28.07.2022-жылдагы абал боюнча, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын **299 бирдик** санындагы транспорттук каражаттары катталган.

Ошону менен бирге, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын өзүнүн суроо-талабынан (07.09.2022-жылдагы №11-14/5502), “Унаа” Мамлекеттик мекемесинен **647 бирдиктин** катталгандыгы жөнүндө жооп алынган.

Жогоруда жазылгандардан улам, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКына катталган транспорт каражаттарынын болгондугу жөнүндө маалыматтар, олуттуу айырмаланып турат. Мында, тиркелген тизмеде айрым транспорт каражаттары кайталанган, ошондой эле, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын каттоосунан мурда эле алынган транспорттук каражаттар көрсөтүлгөн.

**Корутунду**

1. Бухгалтердик эсеп боюнча эсептелген "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын транспорттук каражаттарынын саны жана КР ИИМдин “Унаа” Мамлекеттик мекемесинин АИС “Регистр ТС” электрондук маалыматтар базасында катталган сан боюнча четтөө аныкталган.

**Сунуш**

1. КР ИИМдин “Унаа” Мамлекеттик мекемеси менен салыштыруу актысын түзүү менен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКына тиешелүү транспорт каражаттарын инвентаризациялоо жүргүзүлсүн.

**Аныкталды 14**

Европа жана Түндүк Америкадан жүктөрдү ташуу боюнча кызмат көрсөткөн C.H. Robinson Project Logistics LTD компаниясынын кампасында 3 818,2 миң АКШ долларындагы “КГК" ЖАКынын жүктөрү сакталып турат. Анын ичинен, убактылуу башкаруу киргенге чейин 2 416, 5 миң АКШ доллары төлөнгөн.

Аудит тарабынан, 2 099,3 миң АКШ долларга гана тастыктоочу бухгалтердик документтердин (төлөм тапшырмаларынын, 998 жабдуучулар менен келишимдер) болгондугу аныкталган.

Ошону менен бирге, C.H. Robinson Project Logistics LTD компаниясынын сунушу боюнча, жүктөрдү ташууну улантуу үчүн, ага 406,2 миң АКШ доллары суммасында алдын ала төлөм жүргүзүлгөн. Компания тарабынан ушул кезге чейин кызмат көрсөтүлгөн эмес, ал эми сумма негиздеме жок туруп эле,

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын балансынан финансы кызматкерлери тарабынан чыгарылган.

**Корутунду**

1. Мурда төлөнгөн 2 416,5 АКШ долларынан 2 099,3 миң АКШ долларындагы тастыктоочу бухгалтердик документтердин болгондугу аныкталган жана айырма 317,2 миң АКШ долларын түзгөн, аларды өндүрүүгө тиешелүү болгон дебитордук карыз катары таануу керек.

2. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан C.H. Robinson Project Logistics LTD компаниясынын сунушу боюнча, жүктөрдү ташууну улантуу үчүн, ага 406,2 миң АКШ доллары суммасында алдын ала төлөм жүргүзүлгөн.

3. C.H. Robinson Project Logistics LTD компаниясы тарабынан жүктөрдү ташуу боюнча кызмат көрсөтүлгөн эмес, ал эми сумма негиздеме жок туруп эле, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын балансынан финансы кызматкерлери тарабынан чыгарылган.

**Сунуш**

1. 2 099,3 миң АКШ доллары суммасындагы дебитордук карыз таанылсын жана аларды калыбына келтирүү боюнча чара көрүлсүн.

2. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын эсеби боюнча дебитордук карыз катары (2 416,5 - 2099,3) 317,2 миң АКШ доллар калыбына келтирилсин.

3. Тастыктоочу документтер жок туруп, C.H. Robinson Project Logistics LTD компаниясына алдын ала төлөнгөн 406,2 миң АКШ долларын, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын эсеби боюнча калыбына келтирилсин жана аны өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

## Отчет берүүчү адамдар менен эсептешүүлөр жана командировкалык чыгымдар

**Аныкталды 15**

31.12.2021-жылы "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматкери Баденхорс Диондун отчет берүүсүнө эсептелген, 760,1 миң сом же 8 963,8 АКШ доллары суммасындагы каражаттар эсептен чыгарылган. Бул каражаттар "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын төлөмдөр жана кассалык операциялар боюнча бухгалтери А. Журинанын кызматтык катынын негизде эсептен чыгарылган жана ЖАКынын чыгымдарына киргизүү менен, тастыктоосуз документтерсиз финансылык директор Р. Токтогул тарабынан кол коюлган жана "Кумтөр Голд Компани" жана кайтарымсыз карыз катары классификацияланган.

**Корутунду**

1. Баденхорс Дион мырзанын өлкөдө жоктугунун себебинен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын бюджетинин жоготуусу 760,1 миң сомду (8 693,8 АКШ долларын) түзгөн.

**Сунуш**

1. Эсептен чыгарылган жана Баденхорс Дионго берилген 760,1 миң сом (8 693,8 АКШ доллары) суммасындагы акча каражаттарын кайтаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды 16**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын убактылуу сырткы башкаруучунун 04.08.2021-жылдагы №21-097 “Компаниянын өндүрүш иши менен байланышкан чыгымдарды жабуу үчүн корпоративдик дебеттик карталарды (мындан ары – карточкалар) пайдалануу шарттары жөнүндө” буйругунун негизинде, айрым кызматкерлерге финансылык каражаттардын белгиленген лимити менен, дебеттик карточканын чыгымдары үчүн берилген.

Алсак, убактылуу сырткы башкаруучу Т.А. Бөлтуруктун наамына ачылган карточкага (№**981 000 DC)** 2021-жылдын августунан 2021-жылдын ноябрына чейин, картаны толтуруу үчүн, 7 499,5 миң сом суммасындагы акча каражаттары чегерилген. Көрсөтүлгөн мезгил аралыгында алардын пайдаланылышы боюнча отчеттор берилген жок.

Аудитке УБСнын жалпы 2 743,2 миң сом суммасындагы 27.01.2022-жылдагы отчету берилген, ал төмөндөгү максаттарга чыгымдалган:

- УБСнын "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын ишине байланышкан маселелерди жөнгө салуу боюнча “Центерра Голд Инк” компаниясы менен, мамлекеттик органдардын жооптуу адамдарынын сүйлөшүүсүнө катышуу үчүн, УСБнын 24.09.2021-жылдагы буйругунун негизинде 2 743,2 миң сом чыгымдар жүргүзүлгөн (Женева шаарына баруу үчүн, Швейцария). Негиздемеде Женева шаарындагы отелде (7 номер) жашоо жана 3 маал тамак-аш, 7 адамга ПЦР-тест жана бизнес – ланч көрсөтүлгөн жана ага катышуучулардын саны көрсөтүлгөн эмес.

2 451,1 миң сом суммасындагы чыгымдар, шарттуу кабыл алынган жана отчеттук сумма боюнча УСБнын дебитордук карызы азайтылган.

Т.А. Болтурук 11.02.2022-жылдан тартып "Улуу Көчмөндөр Мурасы" Улуттук холдинг компаниясы" ачык акционердик коомунун президенти болуу менен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын убактылуу сырткы башкаруучусунун дебеттик карточкасын пайдаланууну уланткан.

Алсак, жогоруда көрсөтүлгөн карата менен Т.А. Болтурук (25.05.2022-жылдан 28.05.2022-жылга чейин) 5 үй-бүлө мүчөсүнө (Алпусбаева И., Тенгиз Елдана, Тенгиз Азат, Теггиз Аттила жана Болтурук Теңгиз) Канада - Торонто багыты боюнча 1 045,0 миң сом өлчөмүндөгү авиа билеттерге төлөгөн, отчетко тастыктоочу документтерди тиркебестен (жогоруда көрсөтүлгөн адамдарга электрондук авиа билеттер, авиа билеттерге талондор, Т.А. Болтуруктун өзүнүн командировкасы же эмгек өргүүсү боюнча буйрук).

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын бухгалтеринин түшүндүрмөсү боюнча негиз болуп, президент Майкл Фишер тарабынан 20213-жылдын

мартындагы бекитилген жана 2013-жылдын 1-мартынан тартып ишке киргизилген, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматкерлеринин үй-бүлө мүчөлөрүнүн барышын караган, кызматкерлер үчүн иш сапары жөнүндө саясат (№2-17) эсептелген.

Аудит тарабынан, Т.А. Болтурук убактылуу сырткы башкаруучу катары, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын аткаруу органынын милдетин ишке ашыруу менен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматкери болуп эсептелген эмес, буга байланыштуу, ага Жогорудагы Эсеп саясаты жайылтылган эмес.

Бухгалтериянын транзакцияларын көрсөтүү менен, дебеттик карта боюнча банктык көчүрмөлөрдүн негизинде, Т.А. Болтуруктун отчет берүүсүнөн, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын бухгалтериясы тарабынан 1 064,0 миң сом өлчөмүндөгү отчет ебрүүчү сумма эсептен чыгарылган, анын ичинен, 1 045,0 миң сом сумма "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын чыгымдарына киргизилген.

01.07.2022-жылдагы Т.А. Болтуруктун отчет берүүсүнөн, карта (№981 000 DC) боюнча "Кумтөр Голд Компани" ЖАКына кайтарылууга тиешелүү болгон 1 842,9 миң сом болгон. Аудиттин жүрүшүндө (02.09.2022-жылы) бул калдык Т.А. Болтуруктун карточкасынан алынып, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын эсебине чегерилген.

Р. Токтогулдун (31.03.2022-жылдан 31.05.2022-жылга чейин) авансалык отчетуна ылайык, онлайн режиминде кызматкерлерди окутуу боюнча 374,1 миң сом же 3 440 евродогу чыгымдар жүргүзүлгөн: бух.эсеп 1 – геологиялык чалгындоо жана өндүрүштүк эсеп - 175,2 миң сом же 1 450 евро) жана онлайн тренинг “Геологиялык чалгындоодогу эсеп да өндүрүштүк эсеп”, 11-бөлүк - 199,0 миң сом же 1 990 евро.

Бул окутуу курстары “Mdt international” Великобритания компаниясы тарабынан өткөрүлгөн. Чыгымдарды жүргүзүү үчүн негиз болуп, “Mdt international” компаниясы тарабынан жазылган, онлайн режиминде 12.04.2022-14.04.2022-жж. окутуу мезгилине карата 25.04.2022-жылдан 29.04.2022 20.02.2022-жылдагы № 61941 жана 25.04.2022-жылдан 29.04.2022-жылга чейинки 20.04.2022-жылдагы №61669 инвойстор болгон. Берилген отчет "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын башкы финансы контролеру Д. Кекбекова тарабынан бекитилген. 01.07.2022-жылга карата "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын финансы башкармалыгынын директору Р. Токтогулдун картасы **(**картанын №982 927) боюнча, 106,4 миң сом суммасындагы пайдаланылбаган финансылык каражаттардын калдыгы болгон.

Аудит мезгилинде Р. Токтогулдун карталык эсебинде турган 106,4 миң сом каражаттардын калдыгы тосмолонгон (“Оптима Банк ААКсынын 02.09.2022-жылдагы№ 01-8/10216КА каты).

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын ЖМК боюнча байланыш бөлүмүнүн начальниги Шермур Мариананын өздүк эсебинен (985594 DC)2021-жылдын

августунан 2022-жылдын апрелине чейин 256,1 миң сом чыгымдар жүргүзүлгөн. Авансалык отчеттор боюнча бул чыгымдар, финансылык чыгымдардын максатын жана журналисттердин аты-жөнүн көрсөтпөстөн, Бишкек шаарындагы мыкты ресторандарда журналисттер менен түшкү жана кечик тамактанууларга жүргүзүлгөн.

04.08.2021-жылдагы “Компаниянын өндүрүш ишин жүргүзүү менен байланышкан чыгымдарды жабуу үчүн, корпоративдүү дебеттик картаны колдонуу шарттары жөнүндө” буйруктун 2.4.5-пунктуна ылайык, корпоративдүү карталар расмий иш чаралар, ишкер иш сапарлар жана Компаниянын өндүрүш ишин жүргүзүү менен байланышкан жана башка максаттарга колдонулат.

**Корутунду**

1. УСБга анын 5 үй-бүлө мүчөсүнө  тастыктоочу документтерсиз (электрондук авиа билеттер, авиа билеттерге талондор, Т.А. Болтуруктун өзүнүн командировкасы  же эмгек өргүүсү боюнча  буйрук) Канада - Торонто багыты боюнча авиа билеттерге 1 045,0 миң сом төлөнгөн.

2. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын ЖМК боюнча байланыш бөлүмүнүн начальниги  Шермур Мариана тарабынан 2021-жылдын августунан 2022-жылдын апрелине чейин 256,1 миң сом чыгымдар жүргүзүлгөн. Авансалык отчеттор боюнча бул чыгымдар, финансылык чыгымдардын максатын жана журналисттердин аты-жөнүн көрсөтпөстөн, Бишкек шаарындагы мыкты ресторандарда журналисттер менен түшкү жана кечик тамактанууларга жүргүзүлгөн.

**Сунуш**

1. “Компаниянын өндүрүш ишин жүргүзүү менен байланышкан чыгымдарды жабуу үчүн, корпоративдүү дебеттик картаны колдонуу тартибинин талаптарын сактоо камсыздалсын.

2. Т.А. Болтуруктун үй-бүлөсүнүн  авиа учуулары үчүн колдонулган 1 045,0 миң сом акча каражаттарын кайтаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды 17**

23.11.2021-жылдагы №KGC-21-233 жылдагы буйруктун негизинде, убактылуу сырткы башкаруучу Т. Болтурук башында турган, курамында 9 кызматкер болгон делегация Великобританиянын Лондон шаарына командировкага барган (2021-жылдын 1-2-декабрындагы “Mines and Money” форумунда "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын көргөзмө материалдарынын бет ачары жана баяндама).

Сырткы башкаруучу Т. Болтурук тарабынан бекитилген жана кадрлар бөлүмүнүн директору кол койгон, иш сапар боюнча табыштамада, командировка мөөнөтү 6 күндү (28.11.2021-жылдан 03.12.202-жылга чейин) түзгөн, ал эми факты жүзүндө командировка мөөнөтү 11 күндү (24.11.2021-

жылдан 04.12.202-жылга чейин), б.а. 5 суткадан ашык күндү түзгөн. Эл аралык командировкага делегациялардын жалпы чыгымы (суткалык, жашаган жери, транспорттук, өкүлчүлүк жана башка чыгымдар) 4 389,5 миң сомду же 10,6 миң АКШ долларын түзгөн.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынны кызматкерлери тарабынан бул иш сапардын максатына жеткендиги жана пайда алынгандыгынын жыйынтыктары боюнча отчет түзүлгөн эмес.

01.03.2018-жылдагы №2–7 Жобого жана эл аралык кызматтык командировкалар боюнча аны ишке ашырууга ылайык, Великобританиянын Бириккен Королдугунда турак жайды жалдоо боюнча чектелген чыгымдар суткасына 350 англис фунтуна чейинки каражатты түзөт.

УСБ Т.Болтуруктун 10 суткага турак жайды жалдоо боюнча чыгымдары 468,5 миң сомду (26.11.2021-жылдагы №773048 инвойс - 97,2 миң сом, 23.11.2021-жылдагы №412-21-G инвойс - 371,3 миң сом) түзгөн, чектелген ченемге ылайык, 10 суткага турак жайды жалдоо 394,1 миң сомду түзүшү керек *(350*112,594*10 =394 079 сом, 04.12.2021-жылдагы сомго карата фунта стерлингдин расмий курсу - 112,594 сом),* б.а. турак жайды жалдоо боюнча ашык төлөө **74,4 миң сомду** түзгөн.

Белгилей кетүү керек, №2-7 Эсеп саясатына ылайык, ***"Эл аралык кызматтык командировкалар"*** Компаниянын өнөктөштөрү үчүн көңүл ачуучу иш чаралар, ордуна коюлуучу чыгымдардын айрым түрлөрүнө кирет жана бул, ишкердик өз караштан алганда компания үчүн пайдалуу жана жөндүү болгон учурда гана уюштурулушу керек, отчет берүүдө датаны, иш-чараны, чакырылгын адамдардын/компаниялардын санын, алардын компанияга катышын, иш-чара өткөрүү максаты жана жери көрсөтүлөт.

Алсак, аудит тарабынан УСБ Т. Болтуруктун 27.11.21-жылы корпоративдүү бизнес картасынан каражаттардан Dominion Theatreге 142,0 миң сомго 10 даана билеттер (*J-30дан J-32ге жана К-29дан К-35га чейинки номерлер менен).* сатылып алынгандыгы аныкталган. Бул чыгымдарга карата иш-чаранын максаты, чакырылган адамдардын саны жана алардын компанияга тиешеси бөлүгүндө маалыматтар жок).

Мындан сырткары, башкаруучунун ассистенти Ч. Мамбеталиев тарабынан тастыктоосуз документтерсиз, басмакана кызматына 9,2 миң сом өлчөмүндөгү каражаттар чыгымдалган.

**Корутунду**

1. 01.03.2018-жылдагы №2–7 Жобону (саясатты) бузуу менен, УСБ Т. Болтуруктун 10 суткага турак жайды жалдоо боюнча чыгымдары 74,4 миң сомду түзгөн.

2. Эл аралык кызматтык командировкалар бөлүгүндө эсеп саясатынын талаптарын аткарбагандык, 142,0 миң сом суммасындагы акча каражаттарынын максатысыз пайдаланылышына алып келген.

3. Жана башка кызмат көрсөтүүлөргө тастыктоочу документтерсиз, 9,2 миң сом каражаттар пайдаланылган.

**Сунуш**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКында суткалык, тарнспорттук жана мейманкана кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөөдө, №2-7 Эсеп саясатынын "Эл аралык кызматтык командировкалар" талабы сакталсын.

2. 74,4 миң сом суммасында турак жайды жалдоо жана башка кызмат көрсөтүүлөргө негизсиз чыгымдар (Лондон шаарына концертке баруу) боюнча - 9,2 миң сом ашык төлөөнү кайтаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

## Ижара мамилелери

**Аныкталды 18**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы административдик кеңсе, парковкасы жана кампалары менен гараж катары (2022-жылдын майына чейин), "Учкун" ААКсына тиешелүү жайды (Бишкек шаары, Ибраимова көч.24) ижарага алган. 31.12 2020-жылы түзүлгөн № С- 7092 келишим шарттарына ылайык, "Учкун" ААКсында ай сайынкы ижара наркы квадрат метр үчүн 2 338 006 сомду же 28 288,1 АКШ долларын түзгөн (31.12.2020-жылдагы КРУБдун курсу боюнча - 82,6498 сом/АКШ долл.).

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы ) "Учкун" ААКсы Концернине 2021-жылдын майынан 2022-жылдын июнуна чейинки мезгил аралыгына карата 29 591 826 сом төлөгөн. СУБ киргизилгенден 01.07.2022-жылга чейинки мезгил аралыгына карата орточо бир айлык факты жүзүндө төлөө 2 113,7 миң сомду же 24 829,1 АКШ долларын түзгөн (85,13 сом/АКШ долл. орточо курсу менен).

Ошону менен бирге, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы жаңы кеңсе үчүн, "Орион" бизнес борборун тандаган (Бишкек шаары, Панфилов көчөсү 128 дареги боюнча) жана "Улуу Көчмөндөрдүн Мурасы" Улуттук холдинг компаниясы" ачык акционердик коомунун (мындан ары – Холдинг) кызматкерлерин жайгаштыруу зарылдыгы менен өзүнүн тандоосун негиздеген. Көчүү себеби катары, мурда долбоорлонгон "кабинеттик" тутумдагы, эл аралык стандарттарга жооп бербеген жайлар, жылуулук, электр жабдуудагы үзгүлтүккө учуроолор, талаптагыдай желдетүү тутумунун жоктугу, лифт менен иштөөдөгү көйгөйлөр, ижарага алынган имараттын ыңгайсыздыгы көйгөйлөр, эл аралык стандарттарга туура келбегендиги болгон.

Аудит тарабынан, "Учкун" ААКсынын имаратында үзгүлтүксүз иштеген, 1000 КВт кубаттуулуктагы 5 (беш) трансформатордук көмөк чордонунун, имаратта суунун жоктугу болбошу үчүн, резервдик насостун болушу менен, суу менен үзгүлтүксүз жабдуу үчүн 2 (эки) насостун болгондугу аныкталган. 2 (эки) лифт алмаштырылган, аларды коопсуз пайдалануу, алар Казакстан Республикасынан жергиликтүү адситер тарабынан тастыкталган.

Мында, “Кумтөр Голд Компани" ЖАКы ижарага алган “Учкун” ААКсынын жайын кеңейтүү мүмкүнчүлүгү маселеси каралган эмес.

Кеңселерди жана жайларды ижарага алуу боюнча бааларга мониторинг үстүртөн жүргүзүлгөн, анткени, аянты 3,1 миң кв. м., кв.м. үчүн 14 АКШ доллары баасындагы “Aurora” Бизнес борборунун сунушунан, аянты 2,0 миң кв. м., кв.м. үчүн 12 АКШ доллары баасындагы “Maximum” Бизнес борборунун сунушунан, аянты 2,5 миң кв. м., 3-6-кабат боюнча кв.м. үчүн 10 АКШ доллары баасындагы (биринчи эки айга) жана кийинки айларга 15 АКШ доллары баасындагы “Бишкек Тауер” ЖЧКсынын (“Ак-Кеме” мейманканасынын району) сунушунан баш тартылган (бул ижара берүүчүлөр тарабынан бериле турган аянттар, “Учкун” ААКсында ээленген кеңселерден 1870,3 кв. мге ашырылган).

УСБнын дарегине "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жооптуу кызматкерлери (администрация жана чарбалык-техникалык камсыздоо бөлүмүнүн менеджери, адам ресурстары башкармалыгынын директору, улук финансылык контролер, юридикалык бөлүмдүн менеджери) тарабынан, чыгымдарды 4 (төрт) эсе көбөйтүүгө алып келген, бизнес-борбордогу кеңсенин ижарасы боюнча чечим, ***экономикалык жактан максатка ылайыксыздыгы жөнүндө*** 2021-жылдын 11-августундагы №21-037 кызматтык каты жөнтүлгөндүгү белгиленген.

Ошону менен бирге, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы менен “Авигея” ЖЧКсынын ортосунда 38,4 миң АКШ доллары суммасында түзүлгөн, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кеңсесинин (жалпы аянты 3 208 $м^2$) дизайн долбоорун иштеп чыгуу боюнча кызмат көрсөтүү жөнүндө № 7612 келишим 15.10.2021-жылы түзүлгөн жана 22.10.21-жылы 11,5 миң АКШ доллары суммасында биринчи төлөм чегерилген.

Мында белгилей кетчү нерсе, кеңсесинин дизайн долбоорун иштеп чыгуу боюнча келишим түзүлгөндөн 40 күндөн кийин, “Орион” ЖЧКсы менен ижара келишими жөнүндө 23.11.2021-жылдагы № С-7750 келишим түзүлгөн.

Түзүлгөн келишим шарттарына ылайык, ижара акысы 72,9 миң АКШ долларын түзгөн (кызматтык жайлардын аянты 3548,6 кв.м., 1 кв.м. үчүн 20 АКШ доллары жана 38 парковкалык орун – ар бир орун 50 АКШ доллары).

Андан ары, 1 кв.м. үчүн 20 АКШ долларында 2 ижара келишими түзүлгөн: 05.04.2022-жылдагы №С-8410 келишими 1 149 кв.м үчүн 22 980 АКШ доллары; 29.04.2022-жылдагы №С-8409 421,8 кв.м үчүн 8 436 АКШ доллары.

Бул келишимдерге карата 22.06.2022-жылы 1 кв.м. үчүн 20 АКШ долларынан 17 АКШ долларына чейин 3033,8 кв. м ижара акысын жарым-жартылай азайтуу боюнча 2 макулдушуу түзүлгөн. Демек, 5119,4 $м^2$ кеңсе жайларынын ижарасы үчүн жалпы нарк айына 95,2 миң АКШ долларын түзгөн, 106,6 миң АКШ долларындагы КНСти эсепке алуу менен.

Белгилей кетчү нерсе, “Учкун” ААКсындагы ижарага алынган имараттагы 780,9 кв. м. көмөкчү жайдын (дааратаканалар, коридорлор, чай иче турган бөлмөлөр) ижарасынын наркы КНСти эсепке алуу менен, квадрат метр үчүн 210 сомдон – абдан төмөн баа менен төлөнгөн, ал эми “Орион” бизнес борборундагы көмөкчү жайлардын жана коридорлордун ижарасы жалпы баа боюнча эсептелген, б.а. 1 квадрат метр үчүн 17 АКШ долларынан 20 АКШ долларына чейин.

Жогоруда көрсөтүлгөн келишим шарттарына ылайык, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан 25.11.2021-жылдан 01.08.2022-жылга чейинки мезгил аралыгына карата биринчи алты айга алдын ала төлөө катары, 59 415,1 миң сом суммасындагы акча каражаттары төлөнгөн. 3033,8 кв. м. үчүн ижара акысын жарым-жартылай төмөндөтүү жөнүндө киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, 73 929,4 АКШ доллары суммасындагы алдын ала төлөө, кайрадан эсептелүүгө жана Кошумча макулдашуунун 2-пунктуна ылайык, ижара акысынын ай сайынкы наркы боюнча чегерилүүгө тийиш.

30.05.2022-жылдагы кабыл алуу-өткөрүп берүү актысына ылайык, жай пайдаланууга кабыл алынган: кеңсе жайлары - 3 548 м$^2$ (5,6,7,8-кабаттар) жана 701,5 м$^2$ аянты менен 38 парковкалык орун; 26.07.2022-жылдагы акт менен кеңсе жайлары - 1570,8 м$^2$ (3,4-кабаттар).

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын штаттык жүгүртмөсүнө ылайык, Бишкек кеңсесинде 01.06.2022-жылы 260 кызматкер иштеген жана Ходингге 73 штаттык бирдик алынган. Кызматкерлер толук жайгаштырылган, мында, Долбоор боюнча орун алган 492 жумушчу орундарын жумушчулар менен толтуруу (Холдингди эске алуу менен) 67,7 %ды түзгөн, алсак, 492 жумушчу орундун ичинен факты жүзүндө 333 ээленген, 3-кабат жарым-жартылай ээленген, 4-кабат толугу менен бош турат (“Орион” кеңсесинин 3-4-кабаттары башында “Улуу Көчмөндөрдүн Мурасы” Улуттук холдинг компаниясы” ачык акционердик коому пайдалануу үчүн багытталган).

“Орион” бизнес долбоору менен түзүлгөн келишимдин 6.3-пункту менен: ***“Ижарачынын демилгеси менен ушул Келишим мөөнөтүнөн мурда бузулган учурда (ижара мөөнөтүнөн тартып 3 жылдан кийин, же жай жарым-жартылай кайтарылган учурда (3.7.), Ижарачы Ижара берүүчүгө бир кв. м. үчүн 200 (эки жүз) АКШ доллары эсебинде, жайдын жасалгалоо наркын төлөөгө милдеттүү”*** деп көрсөтүлгөн.

Аудит тарабынан келишимдин бул пунктун түшүндүрүү жана тактоо катары суроо-талап берилген, ага “Орион” ЖЧКсы тарабынан төмөндөгүдөй жооп алынган: *“1 кв.м.дин негизи катары, 5119,4 м$^2$ди түзгөн ижарага алынган жайдын факты жүзүндөгү аянты алынат, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы келишимди мөөнөтүнөн мурда жана анын демигеси менен бузулганда 3 жылдан кийин) 1023,9 миң АКШ долларында (200*5119,4) айып пул төлөөгө милдеттүү”.*

“Орион” бизнес борборундагы кеңсенин ижарасынын жыл сайынкы төлөмү (“Улуу Көчмөндөрдүн Мурасы” Улуттук холдинг компаниясы” ААКсынын кызматкерлерин жайгаштырууну эске алуу менен) 1 279,3 миң АКШ долларына жакын сумманы түзгөн, бул болсо, “Учкун” ААКсындагы ижара наркына салыштырмалуу (339,5 миң АКШ доллары) 3,8 эсе көп, ошондой эле, “Учкун” ААКсындагы ижара акысынын наркына эки деңгээлдеги паркинг жана аянты менен 370 кв.м. кампа жайлары кирген.

**Корутунду**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жетекчилигинин чарбалык мүнөздөгү көйгөлөрдүн болушу (жылуулук, электр жабдуудагы үзгүлтүккө учуроолор, эл аралык стандарттарга жооп бербеген жайлар, талаптагыдай желдетүү тутумунун жоктугу, лифт менен иштөөдөгү көйгөйлөр) бөлүгүндө, күбөлөндүрүүлөрү тастыкталган жок.

2. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кеңсесинин аянтын кеңейтүү зарылдыгына жүргүзүлгөн талдоо жана зарыл болгон жумуш орундарынын санын аныктоо, ошондой эле, ижарага алынган кеңселердин жана жайларын бааларына мониторинг үстүртөдөн жүргүзүлгөн. Мында, “Учкун” ААКсында ижарага алынган жайларды кеңейтүү мүмкүнчүлүгү каралган эмес.

3. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жооптуу кызматкерлеринин кеңсе ижарасы боюнча чечим экономикалык жактан максатка ылайыксыздыгы жана Компаниянын чыгымдарын 4 (төрт) эсе жогорулатууга алып келери жөнүндө кызматтык каты, убактылуу тышкы башкаруучу тарабынан эске алынган эмес.

4. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы “Орион” ЖЧКсы менен 23.11.2021-жылдагы № С-7750 ижара келишимди, “Авигея” ЖЧКсына 22.10.2021-жылы 11 520 АКШ доллары өлчөмүндөгү биринчи төлөмдү төлөө менен, 38 400 АКШ долларында “Орион” бизнес борборундагы кеңсенин дизайн долбоорун иштеп чыгуу боюнча кызмат көрсөтүү жөнүндө 15.10.2021-жылдагы № 7612 келишимге кол коюлгандан кийин, 40 күндөн кийин түзгөн.

5. 5119,4 $м^2$ аянттагы кеңсе жайларынын ижарасы үчүн жалпы нарк айына 95 186,6 АКШ долларын түзгөн, кошумча нарк салыгын эске алуу менен, айына 106,6 миң АКШ долларын түзгөн.

6. “Орион” бизнес борборундагы кеңсенин ижарасынын жыл сайынкы төлөмү ("Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын каражаттарынын эсебинен “Улуу Көчмөндөрдүн Мурасы” Улуттук холдинг компаниясы” ААКсы үчүн ижараны камтуу менен) 1 279,3 миң АКШ долларына жакын сумманы түзгөн, бул болсо, “Учкун” ААКсындагы жылдык ижара наркына салыштырмалуу 3,8 эсе көп (“Учкун” ААКсында - 339,5 миң АКШ доллары), ошол эле учурда, “Учкун” ААКсында ижара наркына эки деңгээлдүү паркинг, 370 кв.м. аянттагы

кампалык жай жана спутник байланышынын антенна-фидердик курулмасын жайгаштыруу үчүн жай кирген.

7. “Учкун” ААКсындагы ижарага алынган имараттагы 780,9 кв. м. көмөкчү жайдын (дааратаканалар, коридорлор, чай иче турган бөлмөлөр) ижарасынын наркы КНСти эсепке алуу менен, квадрат метр үчүн 210 сомдон – абдан төмөн баа менен төлөнгөн, ал эми “Орион” бизнес борборундагы көмөкчү жайлардын жана коридорлордун ижарасы жалпы баа боюнча эсептелген, б.а. квадрат метр үчүн 17 АКШ долларынан 20 АКШ долларына чейин.

8. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан 25.11.2021-жылдан 01.08.2022-жылга чейинки мезгил аралыгына карата биринчи алты айга алдын ала төлөө катары, 59 415,1 миң сом суммасындагы акча каражаттары төлөнгөн. 3033,8 кв. м. үчүн ижара акысын жарым-жартылай төмөндөтүү жөнүндө киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, 73 929,4 АКШ доллары суммасындагы алдын ала төлөө, кайрадан эсептелүүгө жана Кошумча макулдашуунун 2-пунктуна ылайык, ижара акысынын ай сайынкы наркы боюнча чегерилүүгө тийиш.

9. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы келишимди мөөнөтүнөн мурда жана анын демилгеси менен бузулганда 3 жылдан кийин) 1023,9 миң АКШ долларында айып пул төлөөгө милдеттүү.

10. Долбоор боюнча орун алган 492 жумушчу орундарын жумушчулар менен толтуруу (Холдингди эске алуу менен) 67,7 %ды түзгөн, алсак, 492 жумушчу орундун ичинен факты жүзүндө 333 ээленген, 3-кабат жарым-жартылай ээленген, 4-кабат толугу менен бош турат (“Орион” кеңсесинин 3-4-кабаттары башында “Улуу Көчмөндөрдүн Мурасы” Улуттук холдинг компаниясы” ачык акционердик коому пайдалануу үчүн багытталган).

**Сунуш**

1. Коомдун активдерин натыйжалуу тескөө максатында, Бишкек шаарындагы башкы кеңсени, кампаларды, эки деңгээлдүү паркинг, спутник байланышынын антенна-фидердик курулмасы үчүн жайды жана парковка орундарын ижарага алуу боюнча чыгымдарды кыскартуу боюнча чаралар көрүлсүн.

2. “Улуу Көчмөндөрдүн Мурасы” Улуттук холдинг компаниясы” ачык акционердик коомунун кеңсесин ижарага алуу үчүн негизсиз төлөмдөр токтотулсун.

**Аныкталды 19 (эмерек)**

Жаңы кесени жасалгалоо боюнча "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жалпы чыгымы 179 700,0 миң сомду (2,3 млн. АКШ долларын) түзгөн, анын ичинен, эмеректерди сатып алуу, ташуу, жеткирүү жана оронотуу боюнча чыгымдар - 114,3 млн сомду (1,43 млн. АКШ долларын), дизайнды иштеп

чыгуу - 2,5 млн сомду (31,4 миң АКШ долларын), жана башка кезектеги чыгымдар - 62,9 млн сомду (0,79 млн АКШ долларын) түзгөн.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жаңы кеңсесине бирден бир булак ыкмасы менен эмеректерди сатып алуу үчүн, төмөндөгүдөй келишимдер түзүлгөн:

- 327,9 миң Еврого (РО N275093) Европадан (Италия) эмеректерди жеткирүү жөнүндө “Ствари Консалтинг” компаниясы менен 10.12.21-жылдагы №С-7748 келишим, алдын ала төлөө түрүндө форма менен - 70% жана товарды алгандан кийинки төлөө - 30%, бирден бир булактан сатып алуу, жеткирүү тутумун башкаруу боюнча директор Р. Енгалычев тарабынан бекитилген жана УСБ Т. Болтурук менен макулдашылган (датасы жок);

- ООО «Мебелинк» (Беларусь) компаниясы менен, 34,8 миң АКШ доллары (2,9 млн. сом) суммасында кеңсе эмеректерин жеткирүү жөнүндө (РО N277406) 21.02.2022-жылы №С-8125 келишим, алдын ала төлөө түрүндө форма менен - 80% жана товарды алгандан кийинки төлөө - 20%, аткаруучу директор К. Курманов тарабынан бекитилген жана УСБ Т. Болтурук менен макулдашылган (датасы жок);

- “Бюротайм” (Турция) компаниясы менен, 593,6 миң АКШ доллары (49,8 млн сом) суммасында кеңсе эмеректерин жеткирүү жөнүндө (РО N277385) 17.02.22-жылдагы №С-8102 келишим, алдын ала төлөө түрүндө форма менен - 70% жана товарды алгандан кийинки төлөө - 30%, аткаруучу директор К. Курманов тарабынан бекитилген жана УСБ Т. Болтурук менен 03.02.2022-жылы макулдашылган. Бул макулдашууга карата 300,6 миң АКШ долларында (24 млн сом) дагы кеңсе эмерегин (РО N280746) жеткирүү боюнча №1 кошумча макулдашуу түзүлгөн, алдын ала төлөө түрүндө форма менен - 70% жана товарды жүктөп жөнөткөндөн жана жүктү алгандан кийин – 30%. Бул сатып алууну, финансы башкармалыгынын директору Р. Токтогул 07.06.2022-жылы бекиткен жана УСБ Т. Болтурук менен 10.06.2022-жылы макулдашылган.

Жогоруда көрсөтүлгөн келишим боюнча төлөө толугу менен жүргүзүлгөн.

Түзүлгөн келишимдерди талдоодо, алар абдан көп алдын ала төлөө үлүшү менен түзүлгөндүгү аныкталган. Ошону менен бирге, сатып алуулар адистери тарабынан, алдын ала төлөө боюнча минималдаштыруу үчүн, бардык чараларды көрүү бөлүгүндө, №9-006 өндүрүштүк нускаманын 1-главасынын 7-пунктунун талаптары сакталган эмес.

Ошондой эле, жабдуучуларды тандоонун негиздемеси жөнүндө маалымат жок, анткени, кайсы негизде бул жабдуучулардын тандалган, сатып алуулардын мөөнөттүлүгү жана/же иш талап кылган өзгөчөлүктөр, тастыктоочу документтер жок, бул жабдуучу эмеректерди сатып алуу үчүн мүмкүн болуучу бирден бир вариант болуп эсептелет.

Жогоруда көрсөтүлгөн эмеректерди жүктөө, чогултуу жана куроо максатында "Бюротайм" (Турция) компаниясы менен, 6,8 млн сом суммасында эл аралык жүктөө (ташуу), жеткирүү, ошондой эле кеңсе эмеректерин чогултуу жана куроо боюнча логистикалык кызмат көрсөтүүгө (PO V278459) 23.03.22-жылы №С-8172 келишим жана 12.08.2022-жылдагы келишимге карата - 3,1 млн. сомго №1 кошумча макулдашуу түзүлгөн.

Ушундай эле, сатып алуулар бирден бир булак ыкмасы менен, бирден бир мүмкүн болуучу вариант катары тастыктоочу документтердин болушу менен, бул жабдуучуну тандоо негиздемеси бөлүгүндө Эсеп саясатынын жана Өндүрүштүк нускамынын талаптарын сактабастан жүргүзүлгөн. Сатып алуу келишими аткаруучу директор К. Курманов 17.02.22-жылы бекиткен жана УСБ Т. Болтурук менен 10.06.2022-жылы макулдашылган.

№1 кошумча макулдашуу боюнча "Бюротайм" (Турция) компаниясы тарабынан 300,6 миң АКШ доллары (**24 млн. сом**) суммасындагы эмеректерди жеткирүү жүргүзүлгөн жана ушул кезде эмерек колдонулбастан, жаңы кеңседе өндүрүүчүлөрдүн коробкаларында жыйылып турат (толук төлөнгөн). Жеткирүү, чогултуу жана куроо боюнча кызмат көрсөтүүлөргө төлөнгөн эмес.

Аудит учурунда эки тараптын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү кол койгон документтер жана сатып алуучуга жабдуучудан товарларды факты жүзүндө берүүнү тастыктаган документтер берилген жок.

**Корутунду**

1. Жүргүзүлгөн талдоодо, келишимдер негизинен, алдын ала төлөөнүн чоң үлүшү менен түзүлгөндүгү аныкталган. Ошону менен бирге, сатып алуулар адистери тарабынан, алдын ала төлөө боюнча минималдаштыруу үчүн, бардык чараларды көрүү бөлүгүндө, №9-006 өндүрүштүк нускаманын 1-главасынын 7-пунктунун талаптары сакталган эмес.

2. Бирден бир булак менен эмеректерди сатып алууда, Эсеп саясатынын жол-жоболору сакталган эмес, кайсы негизде бул жабдуучулар тандалган, сатып алуулардын мөөнөттүлүгү жана/же иш талап кылган өзгөчөлүктөр, тастыктоочу документтер жок, бул жабдуучу эмеректерди сатып алуу үчүн мүмкүн болуучу бирден бир вариант болуп эсептелет.

3. №1 кошумча макулдашуу боюнча "Бюротайм" (Турция) компаниясы тарабынан 300,6 миң АКШ доллары (24 млн. сом) суммасындагы жеткирилген эмеректер, ушул кезде жаңы кеңседе өндүрүүчүлөрдүн коробкаларында жыйылып турат.

**Сунуш**

1. Жаңы кеңсени 179 700,0 миң сом суммасында жасалгалоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр жана эмеректерди сатып алуу боюнча чыгымдарга алып келген чечимдерди кабыл алууда, кызматтагы адамдардын жоопкерчиликтерин жана жол берилген бузууларды кароо боюнча чара көрүлсүн.

**Аныкталды 20 (дизайнды иштеп чыгуу)**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы “Франклин” ЖЧКсы менен, Панфилов, 178 дарегиндеги жаңы кеңсенин (жалпы 2,8 миң кв.м. аянты менен) 3,4 миң АКШ доллары дизайнердик долбоорун иштеп чыгуу боюнча 04.08.2021-жылы №С-7484 келишим түзүлгөн, ал техникалык тапшырмага ылайык, “Учкун” кеңсесиндеги эмеректерди эске алуу менен даярдалат.

27.09.2021-жылы келишим боюнча өз ара милдеттенмелердин жоктугу жөнүндө негиз менен, бул келишимди бузуу жөнүндө макулдашуу түзүлгөн. Мында, жогоруда көрсөтүлгөн келишим боюнча алдын ала төлөө түрүндө "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан төлөнгөн 142,5 миң сом “Франклин” ЖЧКсынан талап кылынган эмес, ал тастыктоочу документтерсиз жана аткарылган иштердин актысы жок туруп, эсептен чыгарылган.

Андан ары, Адам ресурстары башкармалыгынын директору Н. Шамыралиева бекиткен жана УСБ Т. Болтурук менен макулдашылган (датасы жок), бир булактан ыкмасын колдонуу менен, “Авигея” ЖЧКсы менен, эмеректерди эске албастан, 38,4 миң АКШ долларында 3,2 миң кв.м. аянт менен архитектуралык-дизайнердик долбоорду иштеп чыгуу жөнүндө 15.10.2021-жылы №7612 келишим түзүлгөн.

Бул ыкмага карата, Эсеп саясаты менен төмөндөгүлөр каралган: сатып алуунун мындай ыкмасы артыкчылыктуу болуп эсептелбейт жана жабдуучунун ишкер кадыр-баркын, тажрыйбасын, талап кылынган товарлардын/ кызмат көрсөтүүлөрдүн/жумуштардын өзгөчөлүктөрүн жана/же башка милдеттенмелерди, товарлардын/ кызмат көрсөтүүлөрдүн/жумуштардын мөөнөтүүлүгүн эске алуу менен, товарларды/ кызмат көрсөтүүлөрдү/жумуштарды бирден бир жабдуучунун болушун алып салуу тартибинде гана колдонулушу мүмкүн.

Жабдуучуларды тандоонун негиздемеси жөнүндө маалымат жок, анткени, кайсы негизде бул жабдуучулардын тандалган, сатып алуулардын мөөнөттүүлүгү жана/же иш талап кылган өзгөчөлүктөр, тастыктоочу документтер жок, бул жабдуучу эмеректерди сатып алуу үчүн мүмкүн болуучу бирден бир вариант болуп эсептелет.

Келишимдин 4.14-пункту менен жабдуучуну тандоодо, “Авигея” ЖЧКсынын кызыкдарлыгы жөнүндө күбөлөндүрүүчү, эмеректерди даярдоо боюнча кызмат көрсөтүүчү уюмдун рынокто болгондугу жөнүндө “Авигея” ЖЧКсынын маалымат берүүсү каралган.

Ошондой эле, төмөндөгү бөлүктө милдеттенмелерди кабыл алуу жөнүндө келишимине карата 2 кошумча макулдашуу түзүлгөн:

- “Ствари Консалтинг” компаниясы тарабынан жеткирилген эмеректерди куроо - 16.12.2021-жылы 85,0 миң сом;

- 366,9 кв.м. аянттын кошумча көлөмүнө архитектуралык дизайнердик долбоорду иштеп чыгуу - 11.03.2022-жылы 4,4 миң АКШ доллары.

Келишим боюнча “Авигея” ЖЧКсы аткарган иштерге, суммасы жок аткарылган иштердин актысы берилген, ал эми, 2 кошумча макулдашуу боюнча аткарылган иштердин актылары жок. Буга карабастан, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан “Авигея” ЖЧКсына 2,3 млн. сом (24,6 миң АКШ доллары) төлөнгөн.

**Корутунду**

1. “Франклин” ЖЧКсы “Учкун” кеңсесиндеги колдонуудагы эмеректерди эске алуу менен, жаңы кеңсенин дизайнынын долбоорун 3,4 миң АКШ долларында иштеп чыккан, ал эми “Авигея” ЖЧКсы №2 кошумча макулдашууну эске алуу менен, “Учкун” кеңсесиндеги колдонуудагы эмеректерди эске албастан туруп, 42,8 миң АКШ долларында иштеп чыккан.
2. “Франклин” ЖЧКсы жана “Авигея” ЖЧКсынын ортосундагы кызмат көрсөтүүлөрдүн наркынын айырмасы 39,4 миң АКШ долларын түзгөн.
3. 04.08.2021-жылдагы №С-7484 келишим боюнча "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы алдын ала төлөө суммасы катары “Франклин” ЖЧКсына төлөнгөн 142,5 миң сом суммасын талап кылган эмес, ал тастыктоочу документтерсиз жана аткарылган иштердин актысы жок туруп, эсептен чыгарылган.
4. Келишим боюнча “Авигея” ЖЧКсы аткарган иштерге, суммасы жок аткарылган иштердин актысы берилген, ал эми, 2 кошумча макулдашуу боюнча аткарылган иштердин актылары жок. Буга карабастан, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан “Авигея” ЖЧКсына 2,3 млн. сом (24,6 миң АКШ доллары) төлөнгөн.
5. Бирден бир булак ыкмасы менен, жаңы кеңсенин дизайнынын долбоорун сатып алууда, кайсы негизде бул жабдуучулардын тандалган, сатып алуулардын мөөнөттүүлүгү жана/же иш талап кылган өзгөчөлүктөр, тастыктоочу документтер жок, бул жабдуучу эмеректерди сатып алуу үчүн мүмкүн болуучу бирден бир вариант болуп эсептелет.

**Сунуш**

1. “Франклин” ЖЧКсына салыштырмалуу “Авигея” ЖЧКсынын дизайнердик кызмат көрсөтүүсүнүн наркын 39,4 миң АКШ долларына көбөйтүү негиздүүлүгү каралсын.
2. “Франклин” ЖЧКсы жана “Авигея” ЖЧКсы менен аткарылган иштердин актыларын салыштыруу жана салыштыруу актыларын түзүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды 21 (жана башка кезектеги чыгымдар)**

Төмөндөгүдөй келишимдер түзүлгөн:

- “НСП” ЖЧКсы менен 18,1 млн. сомго түзүмдөлгөн кабелдик тутумду куроо схемасын иштеп чыгуу жана комплектөөчү СКСты жеткирүү боюнча 17.01.2022-жылдагы №С-8049 келишим түзүлгөн. Имараттын долбооруна өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн жыйынтыгында, келишим боюнча жыйынтыктоочу баа 14,9 млн. сомду түзгөн, алдын ала төлөө түрүндө форма менен - 70% жана аткарылган иштердин актысына кол коюлгандан кийин – 30%, бир булактан сатып алуу.

Төлөм толук жүргүзүлгөн, мында, келишимге карата “Комплектөөчүлөрдү өзгөчөлүгү жана наркы” 1-тиркеме менен каралган, 130дун ордуна, кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы 102 аталыштагы товардан турат. Ошондой эле, кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы жана аткарылган иштердин актысы суммасы жок түзүлгөн;

- 23.12.2021-жылы №275361 сатып алуу тапшырмасы түзүлгөн, аткаруучу директор К. Курманов тарабынан “Сенсор Аксэс Технолоджи” ЖЧКсынан күзөт системасы үчүн жабдууларга 62,5 миң АКШ доллары (5,4 млн. сом) өлчөмүндө бекитилген. “Сенсор Аксэс Технолоджи” ЖЧКсынан сатып алуулар түз жүргүзүлгөн. Аудитке жабдуучуну тандоо боюнча конкурстук комиссиянын протоколу жана бирден бир булактан сатып алуулардын бекитилген формасы берилген жок;

- AFS TRANSPORT (ROTTERDAM) менен ар кайсы өлкөлөрдөн сатылып алынган, запастык бөлүктөрдү, жабдууларды жана "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жана башка жүктөрүн транспортировкалоо, ташуу менен байланышкан кызмат көрсөтүүлөргө 17.06.2021-жылдагы №С-7419 келишим. 25.03.2022-жылы V278532 сатып алуу тапшырмасы түзүлгөн, ал аба жана темир жол транспортунун кызматын төлөө үчүн, ал аткаруучу директор К. Курманов тарабынан 123,5 миң АКШ долларына (10,3 млн. сомго) бекитилген. Төлөм толук жүргүзүлгөн.

Бирок, аудит учурунда, жабдуучуну тандоо боюнча конкурстук комиссиянын отурумунун протоколу жана бирден бир булактан сатып алуулардын бекитилген формасы берилген жок.

Ошондой эле, төмөндөгү жабдуучуларга төлөм жүргүзүлгөн:

- “Лок Техно” ЖЧКсына CISCO жабдуулары үчүн - 4 035,4 миң сом суммасы;
- ЖИ Сулейманова Зульфия Каримовнага шторлор жана материалдар үчүн - 2 478,3 миң сом;
- “Лайтек” ЖЧКсына кеңселик техника үчүн - 2 352,4 миң сом;
- “МТ Индастри” ЖЧКсына запастык бөлүктөр жана жогорку вольттуу кабелдер үчүн - 2 291,0 миң сом;
- “КБМ” ЖЧКсына кеңсе техникалары үчүн - 4 477,0 миң сом.

**Корутунду**

1. Сатып алуулар адистери тарабынан, алдын ала төлөө боюнча минималдаштыруу үчүн, бардык чараларды көрүү бөлүгүндө, №9-006 өндүрүштүк нускаманын 1-главасынын 7-пунктунун талаптары сакталган эмес.

2. Бирден бир булак ыкмасы менен кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, жабдуучуну тандоонун негиздүүлүгү бөлүгүндө, Эсеп саясатынын жол-жоболору сакталган эмес.

**Сунуш**

1. Ачыктык, айкындуулук, сапат жана баалардын мониторингин эске алуу менен, бирден бир булак ыкмасы менен товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү/жумуштарды сатып алуу бөлүгүндө, ченемдик документтер (саясат жана өндүрүштүк нускама) кайрадан каралсын.

2. Жаңы кеңсе үчүн эмеректерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу бөлүгүндө, Эсеп саясатынын талаптарынын сакталбашына жол берген, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматтагы адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды 22 (жана башка ижара мамилелери)**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы мурда төмөндөгүлөр менен келишим түзгөн:

- жабдууларды жана материалдарды (аммиак селитрасы, натрий цианиди, кальций хлориди жана цементти, каустикалык соданы, акиташты, КММны, бөлүктөрдү) сактоо, жүктөө-түшүрүү үчүн перевалочный базаны ижарага алуу боюнча 25.01.21-жылы “Арча” ЖАКы менен келишим түзүлгөн (айына 27,0 миң АКШ доллары). Колдонуу мөөнөтү 31.12.2030-жылга чейин белгиленген, 01.07.2021-жылдан тартып ижара акысы айына 16,0 миң АКШ долларына төмөндөгөн, ал эми 17.03.22-жылдан тартып, 21,0 миң АКШ долларына чейин көбөйгөн;

- “Балыкчы логистикалык системасы” ЖЧКсы менен, 160 деңиз контейнерлерине чейин пакеттелген аммиак селитрасын сактоо боюнча 15.12.2016-жылдагы келишим, ижара акысы 27.06.2018-жылдан тартып айына – 230 миң сом;

- ОАО “Кыргызалтын” ААКсы менен, Балыкчы шаарындагы "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын оңдоо базасын ижарага алуу боюнча 21.12.2021-жылдагы келишим, бир айлык 423,3 миң сом төлөм менен;

- 1723,8 миң сом суммасындагы “Минорат” ЖЧКсы менен, айына 507,0 сом/куб.м баасы менен 3400 куб.м көлөмүндөгү (3400 куб.м.*507,0 = 1723,8) КММны (дизель) сактоо боюнча 24.12.20-жылы келишим түзүлгөн.

Убактылуу сырткы башкаруу мезгилинде ижара акысын куб. м. үчүн 250,0 сомго чейин төмөндөтүү менен, ижарага алынган сыйымдуулуктун саны 3400 куб.м.ден 8000 куб.м.ге чейин көбөйгөн. Натыйжада, айына ижара акысы

2000,0 миң сомду түзгөн (8000 куб.м.*250=2000,0). Мында, аянтты көбөйтүүгө карабастан, толтуруу 60%ды түзгөн.

Ижарага алынган “Минорат” ЖЧКсынын нефтебазасында өрт коопсуздугунун ченемдери (өрткө каршы көлмө сакталган эмес, көлмөдөн суу сордуруп алуучу насос жок, эски өрт өчүрүүчү машина иштебеген абалда турат) сакталбайт.

Өлчөө люгун «Минорат» ЖЧКсы гана пломбалайт. Бекиткич арматураны (жылдыргыч тээк) пломбалоону эки тарап жүргүзөт, бирок, тарткычты пломбалоо чыгарылуучу больт менен бекитилген, бул болсо, уурдоо тобокелдигине алып келет.

Балыкчы шаарындагы ижарага алынган "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын ондоо базасында, майды жана антифризди берүү үчүн эсептегич жок (чака менен берилет) жана смендик мастерлер ортосунда кабыл алуу-өткөрүп берүүдө товарлардын болгондугуна контролдоо жок. Жүгүртүүдөгү кампада эсептен чыгарылган, бул базада сакталган жана башка техникаларды оңдоодо колдонулган техникалардын жарактуу бөлүктөрү кириштелген эмес.

**Корутунду**

1. УСБ мезгилинде “Арча” ЖАКнын перевалдык базасынын ижара акысы 5 миң АКШ долларына жана “Минорат” ЖЧКсындагы сыйымдуулук 250 миң сомго көбөйтүлгөн.

2. “Минорат” ЖЧКсынын нефть базасында өрт коопсуздугунун ченемдери сакталбайт жана сыйымдуулук менен дизель отунун уурдоо тобокелдиги бар.

**Сунуш**

1. Ижара акысын негизсиз көбөйтүүгө жол берилбесин (УСБ мезгилинде “Арча” ЖАКнын перевалдык базасынын ижара акысы жана “Минорат” ЖЧКсындагы сыйымдуулук ижарасы 647,5 миң сомго көбөйтүлгөндүгү эске алынсын).

## Аягына чыгарылбаган курулуш

**Аныкталды 23**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын 23610 “Аягына чыгарылбаган курулушу” баланстык эсебинде, аягына чыгарылбаган курулушту, техникаларды сатып алууну, жабдууларды, техникаларды капиталдык оңдоону көрсөткөн компаниялардын капиталдык долбоорлору көрсөтүлгөн.

01.05.2021-жылдагы абал боюнча бул эсептеги калдык - 65 698,5 миң АКШ долларын, ал эми 30.06.2022-жылга карата - 127 448,3 миң АКШ долларын түзгөн, же өткөн жылга салыштырмалуу көбөйүү 61 749,8 миң АКШ долларын түзгөн.

Башталган жана аягына чыгарылбаган долбоорлорго жүргүзүлгөн талдоо, көпчүлүк долбоорлордун аяктоо мөөнөттөрү, тиешелүү негиздеме жок эле

узартылган жана 30.06.2022-жылдагы абал боюнча төмөндөгү долбоорлор пайдаланууга берилген эмес:

| *Долбоордун номери* | *Долбоордун аталышы* | *Башталган дата* | *Аяктаган дата* | *Бекитилген, миң АКШ доллары* | *Жүргүзүлгөн чыгымдар, миң АКШ доллары* | *Өздөштүрүлбөгөн сумма, миң АКШ доллары* | *Пайдаланууга берүүнү пландалган мөөнөтү* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| S5310 | ПСИ тегирменин, май станциясын алмаштыруу жана майдалоо | 26.04.2016-жыл | 15.03.2017-жыл | 1 400,0 | 810,4 | 589,6 | 2023-жыл |
| S5320 | ЗИФтин майдалоо участкасында экинчи кранды орнотуу | 01.09.2016-жыл | 15.11.2016-жыл | 266,6 | 280,6 | -14,0 | 2022-жыл |
| U5410 | 8 жана 6-электр бөлмөлөрүндө Фоксборо тутумун жаңыртуу | 15.05.2018-жыл | 30.12.2018-жыл | 150,0 | 147,4 | 2,6 | 2023-жыл |
| V3000 | ЦБМ имаратынын курулушу | 27.08.2016-жыл | 31.05.2020-жыл | 2 500,0 | 1 516,9 | 983,1 | апрель 2023-жыл |
| V3020 | Майдалоочу кошумча эки чанды орнотуу | 09.09.2019-жыл | 31.07.2020-жыл | 8 179,3 | 7 067,1 | 1 112,2 | декабрь 2022-жыл |
| V5330 | Сууну тазалоо | 15.01.2019-жыл | 31.05.2019-жыл | 630,0 | 634,1 | -4,1 | октябрь 2022-жыл |
| W3080 | Мунара тегирменин орнотуу | 01.08.2020-жыл | 30.09.2021-жыл | 20 869.3 | 11 684,5 | 9 184,8 | апрель 2023-жыл |
| W5340 | Реагенттерди алмаштыруу участкасында кранды алмаштыруу жана майдалоо участкасында кранды оңдоо | 31.05.2021-жыл | 31.12.2021-жыл | 393,0 | 178,5 | 214,5 | декабрь 2022-жыл |
| X2000A | Зыяндуу калдыктар чарбасы боюнча долбоордук иштер жана курулуш | 15.01.2021-жыл | 31.12.2021-жыл | 2 512,0 | 1 673,9 | 838,1 | |
| X2100 | Геотехникалык жабдууну алмаштыруу | 05.02.2021-жыл | 31.12.2022-жыл | 2 290,0 | 1409,9 | 880,1 | |
| X2150 | Дренаж сууларын тазалоо боюнча орнотмону куруу | 11.01.2021-жыл | 31.12.2021-жыл | 2 299,5 | 198,4 | 2 101,1 | |
| X5240 | Кумтөр кенинин | 15.10.2021-жыл | 31.12.2021-жыл | 3 345,0 | 2 031,0 | 1 314,0 | декабрь 2022-жыл |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | төмөнкү зонасынын инфра түзүмдөрүн көчүрүү | | | | | | |
| | ***Бардыгы*** | | | **44 834,7** | **27 632,7** | **17 202,0** | |

**Корутунду**

1. 2016-жылдан 2021-жылга чейинки мезгил аралыгына карата ар кандай себептер менен, 44 834,7 миң АКШ долларындагы башталган долбоорлор (12 долбоор) аягына чыгарылган эмес, алар боюнча Өздөштүрүлбөгөн суммалардын калдыгы 30.06.2022-жылдагы абал боюнча 17 202,0 миң АКШ долларын түзгөн.

**Сунуш**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын бардык башталган жана мөөнөтүндө аягына чыгарылбаган долбоорлоруна инвентаризациялоо жүргүзүлсүн, алардын суммасы 30.06.2022-жылга карата 127 448,3 миң АКШ долларын түзгөн.
2. Инвентаризация жүргүзүлгөндөн кийин, бардык башталган жана аягына чыгарылбаган долбоорлорду аяктоо жана пайдаланууга берүү боюнча чаралар көрүлсүн.
3. Башталган долбоорлорду белгиленген мөөнөттө аягына чыгарылбашына жол берген, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматтагы адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

## Кумтөр кенинде жүргүзүлгөн чыгымдар

**Аныкталды 24**

“Кумтор Голд Компани” ЖАКы “Гранд Электроникс” ЖЧКсы менен 12.04.2022-жылы №С-8284 “Кумтөр” кенинде күн сайын комплекстүү тамак-ашты уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” келишим түзгөн (колдонуу мөөнөтү келишимге кол коюлган күндөн тартып 2 жыл ичинде), тамак-ашты уюштуруунун башталышы - 01.04.2022-жыл, бир адамга күнүнө тамак-аштын орточо наркы - 1 186 сом (КНСти эсепке албастан), орточо бир айлык - 71 160 000 сом (кендеги адамдардын орточо саны - 2000) белгиленген.

Жогоруда көрсөтүлгөн келишимди түзүүдө, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда керектүү жол-жоболор бөлүгүндө, ички ченемдик документтердин талаптары, “Кумтөр Голд Компани” ЖАКынын кызматкерлери тарабынан сакталган эмес (президенттин м.а. Деон Баденхорст бекиткен, 01.06.1995-жылы ишке киргизилген, 19.07.2019-жылы кайрадан каралган №7-1 “Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу” Эсептик саясаты, жеткирүү тутумунун башкармалыгынын директору Арипин Буман тарабынан 10.09.2019-жылы бекитилген, Өндүрүштүк нускама).

Алсак, сатып алууларды негиздөө жана макулдашуунун толтурулган жана бекитилген формалары жок, потенциалдуу жабдуучуларды издөө ыкмасын

аныктоодо, түз заказдардын санын кыскартуу үчүн, бардык иш-аракеттер көрүлгөн эмес (бул сатып алуу бирден бир булак ыкмасы менен жүргүзүлгөн), үчтөн кем эмес конкурентке жөндөмдүү баа сунуштарынын болушу, сумма жана кол коюу укугу боюнча ыйгарым укуктар деңгээлине ылайык, келишим түзүүнү шайкештиги, бул жабдуучу кайсы негизде тандалганды камсыздалган эмес, бул жабдуучу кенде күн сайынкы комплекстүү тамак-ашты уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу үчүн, бирден бир мүмкүн болуучу вариант болуп эсептелерин тастыктоочу документ жок.

Түзүлгөн келишимдин 3.2-пунктунда, келишим боюнча кызмат көрсөтүүлөр наркы, бардык колдонулган салыктарга жана жыйымдарга киргизилген. Ошону менен бирге, келишимдин 1-тиркемесинде 1 адамга тамак-аш наркы КНСти эске албастан 1186 сом өлчөмүндө каралган. Факты жүзүндө төлөө КНСти эсепке алуу менен жүргүзүлгөн жана 1 адамдын тамак-ашынын наркы 1328,3 сомду (1186*1,12%) түзгөн. Демек, КНСти эсепке алуу менен келишим наркы 79 699,2 миң сомду (71 160,0 *1,12%=79 699,2) түзгөн.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы “Гранд Электроникс” ЖЧКсы менен келишим түзгөнгө чейин, кенде комплекстүү тамак-ашты өз алдынча уюштурган, 2022-жылдын 2022-жылдын апрелине чейинки мезгил аралыгына карата анын наркы 11,57 АКШ долларын же 1022,8 сомду түзгөн.

| *Мезгили* | *Күнүнө 1 адамга тамак-аштын орточо наркы, АКШ доллары* | *Сомго карата доллардын курсунун орточо мааниси, КРУБ* | *Күнүнө 1 адамга тамак-аштын орточо наркы, сом* |
|---|---|---|---|
| Январь – декабрь 2021-жыл | 10,79 | 84,63 | 913,16 |
| Январь – апрель 2022-жыл | 11,57 | 88,4 | 1022,78 |
| Бардыгы | 22,36 | 173,03 | 1935,94 |
| 01.01.2021-жылдан 01.05 2022-жылга чейинки мезгил аралыгына карата орточо | 11,18 | 86,52 | 967,30 |

Жүргүзүлгөн кайрадан эсептөөдө, тамак-ашка факты жүзүндө орточо чыгым 18 898,4 миң сомду (1328,3 – 967,3 = 361 х 1 745 адам = 629,9 мс күнүнө х 30 күн = 18 898,4), 2022-жылдын майынан августуна чейин - 75 593,4 миң сомду түзгөн (18 898,4*4 ай= 75 593,4). Демек, комплекстүү тамак-аштын наркы, негизделген экономикалык эсептөөсүз жана факты жүзүндө күнүнө бир адамга түзүлгөн наркты эсепке албастан жүргүзүлгөн.

Ошондой эле, 12.04.2022-жылдагы №С-8284 келишимдин 3.3-пунктунда, “Гранд Электроникс” ЖЧКсы үчүн "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кошумча чыгымдары каралган: “электр энергиясына, сууга, Аткаруучу тарабынан чогултулган жана сорттолгон таштандыларды чыгаруу, ошондой эле, кызматкерлерди Бишкек шаарынан кенге жана кайра ташуу, тамак-аш жана 50дөн 80 адамга чейин жашаганы ***Заказчынын эсебинен жүргүзүлөт”.*** 2022-жылдын 24-майында негизсиз чыгымдар, келишимге карата

№1 кошумча макулдашууну түзүү менен алынып салынган жана бул чыгымдар Аткаруучуга жүктөлгөн.

Мындан сырткары, аудит тарабынан “Гранд Электроникс” ЖЧКсы “Кумтөр” кенинин кызматкерлеринин тамак-ашына 4 315,2 миң сомдук продуктыларды саткан, бул болсо, 12.04.2022-жылдагы №С-8284 келишим менен каралган эмес.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы тарабынан, “Гранд Электроникс” ЖЧКсынын отчетторунун жоктугу жана 2022-жылдын майынан августуна чейинки мезгил аралыгына карата камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөбөгөн факт тастыкталган.

**Корутунду**

1. “Гранд Электроникс” ЖЧКсы менен 12.04.2022-жылдагы №С-8284 келишим түзүлгөнгө чейин, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы Кумтөр кенинде комплекстүү тамак-ашты өз алдынча уюштурган жана тамак-аштын орточо наркы 967,3 сомду түзгөн.

2. Чыгымдарды талдоо, “Гранд Электроникс” ЖЧКсы тарабынан белгиленген комплекстүү тамак-аштын наркы, негизделген экономикалык эсептөөлөргө жана күнүнө бир адамга факты жүзүндө түзүлгөн эсепке ээ эместигин көрсөткөн. Анын натыйжасында, 2022-жылдын майынан августуна чейинки мезгил аралыгына карата тамак-ашка факты жүзүндө орточо бир айлык чыгымды көбөйтүү 75 593,4 миң сомду түзгөн.

3. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматкерлери тарабынан “Гранд Электроникс” ЖЧКсы менен келишим түзүүдө, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда каралган жол-жоболор бөлүгүндө, ички ченемдик документтердин талаптары сакталган эмес.

4. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан “Гранд Электроникс” ЖЧКсына түзүлгөн келишим менен каралбаган, Кумтөр кенинин кызматкерлеринин тамак-ашына 4 315,2 миң сомдук продуктыларды саткандыгы үчүн каражаттар чегерилген.

5. “Гранд Электроникс” ЖЧКсы салык органдарына отчетторду берген эмес жана 2022-жылдын майынан августуна чейинки мезгил аралыгына карата камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөгөн эмес.

**Сунуш**

1. Кызмат көрсөтүүлөр боюнча келишим түзүүдө, товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү/жумуштарды сатып алуу бөлүгүндө, бекитилген ички ченемдик документтердин талаптары сакталсын.

2. Күнүнө 1 адамга факты жүзүндө түзүлгөн наркты эске алуу менен, тамак-ашты өз алдынча уюштуруу үчүн чаралар көрүлсүн.

3. Түзүлгөн келишим менен каралбаган төлөмдөр токтотулсун (ал жерде төлөм суммасы 4 315,2 миң сомду түзгөн).

4. Тамак-ашка 75 593,4 миң сом өлчөмүндө орточо бир айлык чыгымды көбөйтүүгө жол берген, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматтагы адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

5. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы тарабынан, 2022-жылдын майынан августуна чейинки мезгил аралыгына карата камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөбөгөн бөлүгүндө, “Гранд Электроникс” ЖЧКсына карата чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды 25 (“Биотон” ЖЧКсы)**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы Кумтөр кенинде биологиялык ажыратылган калдыктарды кайра иштеп чыгуу боюнча кызмат көрсөтүү жөнүндө “Биотон” ЖЧКсы менен, 31.12.2021-жылга чейинки колдонуу мөөнөтү менен 21.01.2021-жылы №С-7133 келишим түзгөн. 05.01.2022-жылдагы №1 кошумча макулдашуу менен, келишимди колдонуу мөөнөтү 31.12.2022-жылга чейин узартылган.

2-пунктка ылайык, Заказчы Аткаруучуга органикалык таштандыларды өзүнүн жабдуусунда аэробнолук ажыратуу жолу менен кайрадан иштеп чыгуу жана андан ары органикалык материалды алуу, ал кыртыштын түшүм берүү өзгөчөлүгүн жогорулатат. Келишим боюнча кызмат көрсөтүү наркы (3-пункт), келишимге тиркелген сметада белгиленген эсептөөнүн негизинде белгиленет.

Белгилей кетчү нерсе, келишимге ылайык, Заказчы Аткаруучунун кызматкерлерин жеке коргоо каражаттары, жашаган жери жана тамак-ашы, ошондой эле транспортировкалоо менен камсыз кылат.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын курчап турган чөйрөнү коргоо бөлүмүнүн менеджери О. Медоева бекиткен жана “Биотон” ЖЧКсынын директору Ж. Мусаева менен 25.01.2021-жылы макулдашылган, 2021-жылга чыгымдар сметасы тиркелген.

| № | Чыгымдар беренелери | Сумма, сом | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Жабдууларды амортизациялоо | 1 224 000,0 | |
| 2 | Кеңсени ижарага алуу | 840 000,0 | |
| 3 | Кызматкерлердин ЭАФ | 2 343 432,0 | Жетекчи, бухгалтер, инженер, операторлор (4) |
| 4 | Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча чегерүүлөр | 404 242,02 | |
| 5 | Интернет, мобилдик байланыш | 24 000,0 | |
| 6 | Оңдоо боюнча чыгымдар жана запчастарды сатып алуу | 1 920 000,0 | Запчастарды оңдоо, сатып алуу. Деталды оңдоодо Дастан заводунда атайын куюучу станокту колдонуу талап кылынат, ал кымбат турат. . |
| 7 | Жана башка чыгымдар | 480 000,0 | Запчастарды оңдоо, сатып алуу, административдик чыгымдар, КММ ж.б. у.с. |
| 8 | Салыктар жана башка төлөмдөр | 1 020 000,0 | |
| | **Бардыгы** | **8 255 674,02** | |

Жогоруда көрсөтүлгөн смета, 8 255,7 миң сомго негизделген эсептөөлөрдүн жоктугу жөнүндө көрсөтөт, анткени, оңдоого жана запчастарды

сатып алууга чыгымдар эки жолу киргизилген (чыгымдардын ар кандай беренелери боюнча), ижара, кеңсе ж.б.у.с.

2021-жылдын майынан 2022-жылдын июнуна чейинки отчеттук мезгилге карата отчеттук маалыматтар боюнча, "Биотон" ЖЧКсы кендин ашканасынан 337 465 тонна көлөмүндөгү тамак-аш калдыктарын алган жана кайрадан иштеткенден кийин - 88 472 кг минералдык жер семирткич болгон (№5 жана №27 ковелер чыгымдалган). Көрсөтүлгөн мезгил аралыгына карата Аткаруучуга 9 631,6 миң сом (ай сайын – 690,0 миң сом) төлөнгөн.

Жогорудагы келишимди түзүүдө, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматкерлери тарабынан товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда керектүү жол-жоболор бөлүгүндө, №7-1 Эсеп саясатынын талаптары сакталган эмес. Алсак, бирден бир булактан кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуунун негизделген формасы берилген. Саясаттын бул ыкмасына карата саясат боюнча мындай сатып алуу ыкмасы артыкчылыктуу болуп эсептелбейт жана талап кылынган товарлардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн/жумуштардын өзгөчөлүгүн жана/же жеткирүү мөөнөтүн, жабдуучунун тажрыйбасын, ишкер кадыр-баркын эске алуу менен, бул кызмат көрсөтүүнү бирден бир жабдуучунун болушун алып салуу тартибинде гана колдонулушу мүмкүн жана артыкчылыктуу болуп эсептелет.

**Корутунду**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматкерлери тарабынан "Биотен" ЖЧКсы менен 8 255,7 миң сомго негизделген эсептөөлөр жок туруп, товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү/жумуштарды сатып алууда керектүү жол-жоболор бөлүгүндө, №7-1 Эсеп саясатынын талаптары сакталбагандыктан, Кумтөр кенинде биологиялык ажыратылган таштандыларды иштеп чыгуу боюнча кызмат көрсөтүү боюнча 21.01.2021-жылы №С-7133 келишим түзүлгөн.

2. Сатып алууга жана /же сатып алууну жүргүзүүгө заказдарды жайгаштырган бөлүмдөрдүн жетекчилери, сатып алууда же заказдарды жайгашытрууда, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын саясатынын сакталышына жана сунуш кылынган жабдуучуларды тандоого, сатып алуулардын максатка ылайыктуулугуна жана натыйжалуулугуна жооп беришет.

**Сунуш**

**1.** Негизделген эсептөөлөрсүз 8 255,7 миң сомго, "Биотон" ЖЧКсы менен андан ары келишим түзүүгө алып келген, товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү/жумуштарды сатып алуу бөлүгүндө, Эсеп саясатынын жол-жоболорунун сакталбашына жол берген адамдарга карата чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды 26**

Товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү/жумуштарды сатып алуу үчүн, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын ички ченемдик документтери болуп, төмөндөгүлөр эсептелет:

- Президенттин м.а. Деон Баденхорст тарабынан бекитилген, Эсеп саясаты №7-1 “Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну жүргүзүү” (01.06.1995-жылы киргизилген, 19.07.2019-жылы кайрадан каралган);
- Жеткирүү тутумун башкаруу боюнча директор Арипин Буман тарабынан 10.09.2019-жылы бекитилген, №9-006 “Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча өндүрүштүк нускама”.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы “Арил Констракшн” ЖЧКсы менен, жалпы 59 624,9 миң сом наркы менен, Кумтөр кенинде вахталык поселканын ашканасына дизайнердик чечим боюнча курулуш-куроо иштерин аткарууга 24.01.2022-жылы №С-8056 келишим түзгөн.

*Эскертүү. Кумтөр кенинин турак жай лагеринин зонасында ашкананы дизайндык долбоорун иштеп чыгуу боюнча кызмат көрсөтүү, 11.10.2021-жылдагы №14091/С-7611 келишим менен 1 223, 9 миң сомго “Фридом Групп” тарабынан көрсөтүлгөн жана 102,5 миң сомго 07.07.2022-жылдагы №05071/1 келишимге карата №1 кошумча макулдашуу.*

Аудитке, Кумтөр кенинин администрациясынын менеджери В.Коробко жана У.Мукашев тарабынан бекитилген, 25.11.2021-жылдагы жана 17.12.2021-жылдагы Кумтөр кенинин ашканасын оңдоого техникалык тапшырмалар, ошондой эле, ЖАКтын жетекчилигин дарегине алар жазган кызматтык каттар (17.01.2022-жылдагы №22-014, 20.01.2022-жылдагы №22-019 жана 25.04.2022-жылдагы №22-226) берилген.

Берилген кызматтык каттарда төмөндөгүлөр көрсөтүлгөн:

- 17.01.2022-жылдагы №22-014 – “Фридом Групп” ЖЧКсынын дизайнердик долбоору боюнча, 703,1 миң АКШ долларындагы коммерциялык сунуш менен, 4 компаниянын арасынан “Арил Констракшн” ЖЧКсы тандалып алынган. Бул компания бирден бир талапкер болуп эсептелет, ал кыска мөөнөттүн ичинде оңдоо иштерин жүргүзүүнү сунуштаган;
- 20.01.2022-жылдагы №22-019 – турак жай лагеринин ашканасын дизайнердик оңдоо долбоору, УСБ киргизилгенден кийин, 2021-жылдын июлундагы жетекчилердин күн сайынкы чогулушунда, жетекчиликтин талабы менен демилгеленген. Тандоо процесси 2021-жылдын сентябрына чейин улантылган жана “Фридом Групп” ЖЧКсы менен контракт 11.10.2021-жылы гана түзүлгөн. Буга байланыштуу, долбоор белгиленген мөөнөткө ылайык ишке ашырылган эмес, технология боюнча директор К. Курмановдун атынан жетекчилик, тездетилген тартипте жабдуу бөлүмүнө жана кендин администрациясына, ***конкурсту (тендерди) жарыялабастан*** туруп, 18.11.2021-жылы жетекчилик тарабынан бекитилген, “Фридом Групп”

ЖЧКсынын дизайн долбооруна ылайык, дизайнердик оңдоо иштерин жүргүзүүгө подрядчыны издөө тапшырмасы коюлган. Ошондой эле, ***жетекчилик тарабынан долбоордук документтерди иштеп чыгуу жана курулуш-куроо иштерин жүргүзүү сыяктуу бардык иштерди катар жүргүзүү тапшырмасы коюлган.*** Кендин администрациясы жана камсыздоо бөлүмү тарабынан кыска мөөнөттүн ичинде подрядчы изделген жана "Арил Констракшн" ЖЧКсы, "Архградострой" ЖЧКсы, "Даши" ЖЧКсы жана "Мега Прим" ЖЧКсы тарабынан коммерциялык сунуштар түшкөн. Кабыл алынган чечимдин (07.12.2021-жылдагы жолугушуу протоколу) негизинде, К. Кумановдун макулдугу боюнча ***"Бирден бир булак" формасы бекитилген.***

Эсеп саясатынын талаптары сакталбастан, "Арил Констракшн" ЖЧКсы менен бирден бир булактан сатып алуунун толтурулган негизделген формасы, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын президентинин визасы жок (убактылуу сырткы башкаруучунун атынан макулдашуу) жана жеткирүү тутумун башкаруу боюнча директор К. Курманов тарабынан гана 04.01.2022-жылы бекитилген. Бул формада "бирден бир булак" ыкмасын тандоо, ***"кендин ашканасында дизайнердик оңдоо иштерин жүргүзүү боюнча иштерди аткаруунун мөөнөттүүлүгү менен байланыштуу, УСБнын буйругунун негизинде...".***

Эсеп саясатынын бул ыкмасына карата, сатып алуунун бул ыкмасы артыкчылыктуу болуп эсептелбейт жана жабдуучунун ишкер кадыр-баркын, тажрыйбасын, талап кылынган товарлардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн/жумуштардын өзгөчөлүктөрүн жана/же башка милдеттенмелерди,, товарлардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн/жумуштардын мөөнөтүүлүгүн эске алуу менен, товарларды/ кызмат көрсөтүүлөрдү/жумуштарды бирден бир жабдуучунун болушун алып салуу тартибинде гана колдонулушу мүмкүн.

"Келишимди макулдашуу" тиркемесинде, өзгөчөлүгүн жана/же сатып алуу мөөнөтү сыяктуу жабдуучунун тандоонун негиздемеси жөнүндө маалымат жок, бул жабдуучу керектүү иштерди сатып алуу үчүн, мүмкүн болгон бирден бир вариант болуп эсептелдери жөнүндө тастыктоочу документтер жок.

Ошондой эле, Өндүрүштүк нускаманын II главасы менен, сумма жана кол коюу укугу менен ыйгарым укуктун деңгээлине ылайык келишимди бекитүү каралган.

| ***Кызматы*** | ***Саясат менен каралган суммасы жана кол коюу боюнча ыйгарым укук денгээли*** |
|---|---|
| МТС боюнча менеджердин ассистенти | 25,0 миң АКШ долларына чейин |
| МТС боюнча менеджер | 25,0 миң АКШ долларынан 75,0 миң АКШ долларына чейин |
| Жеткирүү тутумун башкаруу боюнча директор | 75,0 миң АКШ долларынан 500,0 миң АКШ долларына чейин |
| Жеткирүү тутумун башкаруу боюнча директор жана "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын Президенти | 500,0 миң АКШ долларынан жогору |

Келишим наркын жогорулатууга (500,0 миң АКШ долларынан ашык) карабастан, “Арил Констракшн” ЖЧКсы менен келишимге кол коюу, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын Президенти (убактылуу сырткы башкаруучунун атынан) жок эле, аткаруучу директор К. Курманов тарабынан гана жүргүзүлгөн

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматкерлери тарабынан кызматтык катта (20.01.2022-жылдагы №22-019) подрядчынын издөө жана 4 коммерциялык сунушту алууга карата аудит тарабынан төмөндөгүлөр аныкталган, подряддык уюмдар менен жолугушуунун жүрүшүндө, төмөндөгү компаниялардын сунуштары кабыл алынган (07.12.2021-жылдагы жолугушуу протоколу): “Мега Прим” ЖЧксы – жогору нарк; “Архградострой” ЖЧКсы - материалды жеткирүү толук эмес, реконструкциялоону эсепке албастан, баштапкы этаптагы гана нарк, “Даши” ЖЧКсы – кеңейтүүгө долбоордун жоктугунан улам, коммерциялык сунушту берүү мүмкүн эмес.

2 подрядчы “Мега Прим” жана “Арил Констракшн” ЖЧКларынын сметаларына киргизилген нарктагы иштин түрүн салыштырмалуу талдоодо, “Арил Констракшн” ЖЧКсына караганда “Мега Прим” ЖЧКсы 3 156,8 миң сом абдан аз наркты сунуш кылган.

| № | Иштин түрлөрүнүн жана чыгымдардын аталышы | ТК МЕГАПРИМ ЖЧКсы (сом) | “Арил Кострактшн” ЖЧКсы (сом) |
|---|---|---|---|
| 1 | Полдор | 13 098 375 | 12 626 715 |
| 2 | Акустикалык шыптар | 5 784 405 | 4 451 973 |
| 3 | Асылма шыптар | 12 745 472 | 15 884 743 |
| 4 | Декоративдүү болот элементтер | 412 387 | 381 468 |
| 5 | Кайрадан форир. материалдар менен дубалды каптоо | 10 984 500 | 16 076 469 |
| 6 | МДФ тосмолорун орнотуу | 180 000 | 283 951 |
| 7 | Санитардык түйүндөрдүн дубалдарын каптоо | 243 750 | 191 164 |
| 8 | Санитардык түйүндөрдүн полу (керамогранит) | 789 750 | 556 788 |
| 9 | Жуунуучу жер үчүн столешница | 215 500 | 326 471 |
| 10 | Күзгү | 88 000 | 224 754 |
| 11 | Колонналарга декор. профилдери | В составе №5 пункта | 3 300 199 |
| 12 | Электромонтаждоо иштери | 3 699 120 | 1 922 181 |
| 13 | Сантехникалык иштер | 2 179 600 | 2 924 760 |
| 14 | **БАРДЫГЫ:** | **50 420 859** | **59 151 637** |
| 15 | **КНС 12%:** | **6 050 503** | **7 098 196** |
| | **КНС менен бардыгы:** | **56 471 362** | **66 249 833** |
| | **Арзандатуу менен бардыгы:** | | **59 624 860** |
| | **ТК МЕГА-ПРИМ ЖЧКсы 3 153 498 сомго аз.** | | |

Мындан сырткары, 24.01.2022-жылдагы №С-8056 келишимдин 6.4-пункту менен, подрядчынын өзүнүн эсебинен, Кумтөр кенинде “Арил Констракшн” ЖЧКсынын кызматкерлерин жеке коргонуу каражаттары менен камсыздоо каралган. Ошону менен бирге, аудит тарабынан, “Арил Констракшн”

ЖЧКсынын кызматкерлерине "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы эсебинен, 950,1 АКШ долларында 16 комплект СИЗ төлөмсүз берилгендигин аныкталган.

**Корутунду**

1. Кумтөр Голд Компани" ЖАКы "Арил Констракшн" ЖЧКсы менен, жалпы 59 624,9 миң сом наркы менен, Кумтөр кенинде вахталык поселканын ашканасына дизайнердик чечим боюнча курулуш-куроо иштерин аткарууга 24.01.2022-жылы №С-8056 келишим түзүүдө, бул жабдуучу кандай негизде тандалгандыгы, талап кылынган иштин өзгөчөлүгү жана/же сатып алуу мөөнөтү бөлүгүндө, бул жабдуучу керектүү иштерди сатып алуу үчүн, бирден бир жабдуучу болуп эсептелгенин тастыктоочу документтер жок.

2. Подрядчылардын мүмкүнчүлүгүн сапатсыз изилдөөнүн натыйжасында жана сунуштардын атаандаштыкка жөндөмдүү бааларына мониторинг жүргүзүлбөгөндүктөн, келишимди 3 153,5 миң сомго көп түзүүгө жол берилген.

3. Аудит тарабынан, 24.01.2022-жылдагы №С-8056 подряд келишиминин 6.4-пунктун бузуу менен, "Арил Констракшн" ЖЧКсынын кызматкерлерине "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы эсебинен, төлөмсүз, жеке коргоону каражаттары берилгендигин аныкталды.

4. Эсептик саясатка ылайык, сатууга жана/же сатып алууну жүргүзүүгө заказдарды жайгаштырган бөлүмдөрдүн жетекчилери, заказды жайгашытрууда же сатып алууда, "Кумтөр Голд Компани" тиешелүү саясатын сактоо жана сунуш кылган жабдуучуларды тандоо, сатып алуулардын максатка ылайыктуулугуна жана натыйжалуулугуна жооп берет.

**Сунуш**

1. Товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү/жумуштарды сатып алууда, Эсеп саясатынын жана Өндүрүштүк нускаманын талаптары сакталсын.

2. Башка катышуучуларга салыштырмалуу, андан ары "Арил Констракшн" ЖЧКсы менен 3 153,5 миң сомго көп келишим түзүүгө алып келген, ишти сатып алуу бөлүгүндө, Эсеп саясатынын жол-жоболорунун сакталбашына жол берген адамдарга карата чара көрүлсүн.

3. 24.01.2022-жылдагы №С-8056 подряд келишиминин 6.4-пунктуна ылайык, 950,1 АКШ долларында алынган 16 комплект жеке коргонуу каражаттары үчүн төлөмдү талап кылуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды 27 (жеке коргонуу каражаттары)**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы (мындан ары – Заказчы) "Тарылга Сервис" ЖЧКсы менен (мындан ары – Аткаруучу), көмөкчү кызматтарды көрсөтүү (жүктөө жана жүктү түшүрүү) боюнча 25.12.2020-жылы №С-7084 келишим түзүлгөн, мөөнөтү 25.12.2020-жылдан 31.12.2021-жылга чейин. 30.12.2021-жылдагы кошумча макулдашуу менен, келишим мөөнөтү 31.12.2022-жылга чейин узартылган.

Түзүлгөн келишимдин 5.3-пунктуна ылайык, “Аткаруучу өзүнүн кызматкерлерин жеке коргонуу каражаттары менен камсыздайт (мындан ары – ЖКК).

Келишимди жана кошумча макулдашууну колдонуунун бүтүндөй мезгил аралыгына карата, Тарылга Сервис” ЖЧКсынын кызматкерлерине "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын эсебинен, төлөмсүз, жеке коргонуу каражаттары берилген. Алсак, берилген маалыматтар боюнча “Тарылга Сервис” ЖЧКсынын кызматкерлерине 2 368,3 АКШ долларында 111 бирдик санындагы ЖККлар берилген.

Аудитке кендин коопсуздук кызматынын начальниги И.Иманбаевдин (Коопсуздук кызматынын менеджери С. Кутманов менен макулдашылган) УСБ Тенгиза Болтуруктун атына жазылган 20.01.2022-жылдагы *“Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын пайдасына финансылык зыяндын ордун толтурууга карата”* баяндама катынын көчүрмөсү берилген, анда төмөндөгүлөр белгиленген:

- жабдуу бөлүмү тарабынан подряддык уюмдар менен контракттар бир эле үлгү менен түзүлөт;
- түзүлгөн келишимдерде подряддык уюмдар тарабынан өзүнүн кызматкерлерин ЖКК менен камсыздоо каралган, бирок, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын эсебинен жана төлөмсүз түрдө аларды берүү фактылары аныкталган;
- подряддык уюмдардын кызматкерлеринин кенге түшүүсү жана чыгуусу, келишим шарттарын бузуу менен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын эсебинен жана төлөмсүз жүргүзүлөт;
- "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын пайдасына финансылык зыяндын ордун толтуруу максатында, жумушчу тобун түзүү жана подряддык уюмдар менен келишим пункттарын кайрадан карап чыгуу керек;
- доо коюуда жана финансылык зыяндын ордун толтурууда, компания аларга ЖКК жана транспорттук кызматтарды берген подряддык уюмдардын кызматкерлеринин саны эске алынсын.

Жогоруда көрсөтүлгөн баянадама кат кароосуз калтырылгандыгын жана көрсөтүлгөн маселелер боюнча чечимдер кабыл алынбагандыгы белгиленген.

Эскертүү. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКына курулуш иштерине ондон ашык подряддык уюмдар тартылган, алардын кенге түшүүсү жана чыгуусу 304 учурду түзгөн, ар бир түшүү жана көтөрүлүү (30 адам) үчүн, автотранспорт кызматынын наркы 600 АКШ долларын түзгөн, комплектеги ЖККны наркы - 300дөн 500гө чейинки АКШ долларын түзгөн.

**Корутунду**

1. 25.12.2020-жылдагы №С-7084 келишимдин 5.3-пунктун бузуу менен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын эсебинен жана төлөмсүз, “Тарылга Сервис” ЖЧКсынын кызматкерлерине 2 368,3 АКШ долларында 111 бирдик санындагы ЖККлар берилген.

2. Түзүлгөн келишим шарттарын бузуу менен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын эсебинен подрядчынын кызматкерлерине ЖККларды берүү фактылары жөнүндө Коопсуздук кызматынын начальнигинин баяндама катына карабастан, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жетекчилиги тарабынан ушул кезге чейин бул маселе боюнча чаралар көрүлгөн эмес.

**Сунуш**

1. 25.12.2020-жылдагы №С-7084 келишимдин 5.3-пунктуна ылайык, 2 368,3 АКШ долларында алынган ЖККлар үчүн “Тарылга Сервис” ЖЧКсынан төлөмдү талап кылуу чаралары көрүлсүн.

2. Жабдуу, финансылык Техникалык коопсуздук бөлүмүнүн жана коопсуздук кызматынын кызматкерлеринин ичинен, бардык түзүлгөн келишимдер боюнча "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын чыгымдарын аныктоо жана ордуна коюу боюнча комиссия түзүлсүн.

3. ЖККлар боюнча өз ара милдеттенмелерди жана подряддык уюмдун кызматкерлерин “Волна” отургузуу пунктунан тартып кенге чейин жана кайрадан транспортировкалоону аныктоо максатында, бардык түзүлгөн келишим шарттары изилденсин.

**Оор техникаларга комплектөөчүлөрдү (түйүндөрдү, агрегаттарды) жана тоо жабдууларын эсептен чыгаруу**

**Аныкталды 28**

Президенттин м.а. Деон Баденхорст бекиткен №3-3 Эсеп саясатында (01.10.1996-жылы киргизилген, 31.01.2020-жылы кайрадан каралган) негизги каражаттар, нарык 50,0 миң АКШ долларынан ашык жана 18 ай кызмат кылуу мөөнөтү менен, комплектөөчү бир орундан экинчи орунга баруучу негизги каражаттар таанылат.

*Эскертүү: Эсеп саясатына бир орундан экинчи орунга баруучу жабдуулардын компоненттерин капиталдаштыруу үчүн, босого суммасы бөлүгүнө өзгөртүүлөр киргизилген (202-жылдын январына чейин - 20 000 АКШ доллары, ал эми 2020-жылдын январынан тартып - 50 000 АКШ долларына чейин).*

***Ишти жүргүзүүдө "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматкерлери тарабынан, каттоого тиешелүү жана мемо (ички кызматтык каттар – каттоого тиешелүү эмес), кадимки кызматтык каттар колдонула тургандыгын, белгилей кетүү керек.***

Саясатка өзгөртүүлөрдү киргизбестен жана 07.01.2022-жылдагы мемонун негизинде, финансы башкармалыгынын директору Р. Токтогул тарабынан комплектөөчү оор мобилдик техникага босого суммасын азайтуу жактырылган (2022-жылдын январынан тартып), 50,0 миң АКШ долларынан 20,0 миң АКШ долларына чейин, анын натыйжасында, 20,0 миң АКШ

долларынан жогору комплектөөчүлөр негизги каржаттар катары классификацияланат.

2021-жылдын майынан 2022-жылдын майына чейинки мезгил аралыгына карата **30 316,0 миң АКШ долларындагы 444** бирдик санындагы комплектөөчүлөр эсеп боюнча эсептен чыгаруу жүргүзүлгөндүгү, аудит тарабынан аныкталган. Жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгы боюнча комиссия тарабынан (09.08.2022-жылдагы №KGC-22-203 буйрук), жогоруда көрсөтүлгөн эсептен чыгарылган комплектөөчүлөрдүн жалпы санынан өзүнүн жана документалдык жактан болушу, ***21 703,4 миң АКШ долларында 164 комплектөөчүгө*** карата гана тастыкталган. Анын ичинен, өзү - 7 452,9 миң АКШ долларында 73, документалдык - 14 250,5 миң АКШ долларында 91.

*Белгилей кетчү нерсе, аудит аяктаганга чейин "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматкерлери тарабынан, компаниянын жетекчиси бекиткен, жүргүзүлгөн инвентаризациялоонун акыркы жыйынтыгы берилген жок.*

Демек, инвентариазциялык комиссия тарабынан, эсептен чыгарылган **8 612,6 миң АКШ долларындагы 280 сандагы калган** бөлүгүнүн болушу тастыкталган жок, аларга карата төмөндөгүлөр аныкталган.

*“2013-жылдын 29-октябрына чейин аныкталган амортиазцияланган запастык бөлүктөрдү толугу менен эсептен чыгаруу жана 20 000,0 АКШ долларынан жогору, бирок 50 000,0 АКШ долларынна төмөн баштапкы нарк менен, капиталдык компоненттердин эсептен чыгаруу”* темасындагы 15.09.2021-жылдагы кызматтык кат менен (улук финансылык контролер Д. Кебекова тарабынан жактырылган), чыгымдарга уруксат берүү боюнча *"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын №3-6 саясатына ылайык,* негизги каражаттарга карата ***3 193,0 миң АКШ долларындагы 100*** комплектөөчү эсептен чыгарылган;

- 2007-жылдын 1-январынан 2013-жылдын 29-октябрына чейин колдонулган – запастык бөлүктөрдү камтуу менен, компания бардык чыгымдарды капиталдаштырган, эгерде алар, запастык бөлүктүн баасына карабастан, бир орундан экинчи орунга баруучу оор техникаларды пландалган капиталдык ондоого кирсе;
- 2013-жылдын 29-октябрынна тартып кайрадан каралган – эгерде актив, бүтүндөй активге караганда тезинен эскириши мүмкүн болгон олуттуу компоненттерге ээ болсо, анда бул компонент бөлүнүшү жана 202-жылдын январында белгиленген босогодон 20 000 АКШ долларындагы жогору наркты капиталдаштыруу менен, өзүнчө амортизацияланышы керек;
- 50 000 АКШ долларына чейин компоненттерди капиталдаштыруунун босого суммасы менен кайрадан каралган.

Калган комплектөөчүлөр, 31.10.2021-жылы жана 31.01.2022-жылы **мемонун негизинде гана** жогоруда көрсөтүлгөн саясатка ылайык, ***5 485,5 миң АКШ долларындагы 183 санында*** эсептен чыгарылган:

| *Мезгили* | *Саны, бирдик* | *Суммасы, миң АКШ доллары* |
|---|---|---|
| октябрь 2021-жыл | 43 | 1 346,7 |
| ноябрь 2021-жыл | 56 | 1 616,8 |
| декабрь 2021-жыл | 77 | 2 337,6 |
| январь 2022-жыл | 7 | 184,4 |
| **Бардыгы** | **183** | **5 485,5** |

*Жогоруда көрсөтүлгөн кызматтык каттын негизинде эсептен чыгарылган бардык комплектөөчүлөр, колдонуудагы эсеп саясатына ылайык, бир орундан экинчи орунга баруучу оор техника капиталдаштырылган жана эсеп боюнча негизги каражаттарга киргизилген.*

Тандалма аудитте, 8 778,5 миң АКШ долларындагы 283 комплектөөчүлөрдүн факты жүзүндө болушу тастыкталган жок, ошондой эле, аларды оңдоого берүү же майда запчастарга жана металлоломго берүү менен жок кылуу жөнүндө документалдык тастыктоо берилген жок.

№3-3 Эсеп саясатынын *"Негизги каражаттарды (НК) товардык-материалдык баалуулуктарды эсептен чыгаруу критерийлери"* бөлүгүндө, негизги каражаттар эсептен чыгарылууга тийиш экендиги каралган, эгерде саналган шарттардын бири же андан көбү орун алса: бузулгандык жана НК/ТМБларды андан ары пайдалануу мүмкүн болбосо; НК/ТМБлардын моралдык же өзүнүн эскириши, ломго берүү; уурдоонун, өрттүн, кокустуктун натыйжасында НК/ТМБлардын колдонуу мөөнөтүн билбей токтотуу, НК/ТМБларды жоготуу; сатуу же кайтарымсыз берүү (белекке берүү).

НК/ТМБларды эсептен чыгаруу тартиби/жол-жоболор бөлүгүндө, демилгечи бөлүмдүн жетекчисинин сунушу боюнча, идентификациялык номерин жана башка маалым даректерин көрсөтүү менен, НК/ТМБлардын абалын толук баяндоо менен, фонддорду эсептен чыгаруу жөнүндө акт толтурулат, ага тиешелүү бөлүм кол коет. Мындан соң демилгечи, НК/ТМБларды эсептен чыгаруу формасын жана актынын бухгалтерияга берет.

Бирок, аудит мезгилинде комплектөөчүлөрдү эсептен чыгарууда, НК/ТМБларды эсептен чыгаруу тартиби/жол-жобосу сакталган эмес. Б.а. комплектөөчүлөр үчүн материалдык жактан жоопту адам дайындалган эмес, материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишим түзүлгөн эмес жана НК/ТМБларды мындан ары эсептен чыгаруунун демилгечиси катары чыга турган адам аныкталган эмес.

Комплектөөчүлөрдү эсептен чыгарууда, саясаттын талаптарын бузуу менен, акт түзүлгөн эмес, демилгечи жок, буйрук чыккан эмес жана себептерин менен эсептен чыгаруу формасы толтурулган эмес (бузуктугу же андан ары колдонууга мүмкүн эместиги, ломго берүү, сатуу, уурдоо, өрт, авария ж.б.). Демек, жогоруда көрсөтүлгөн комплектөөчүлөрдү кызматтык кат жана мем менен эсептен чыгарууда, №3-3 Эсеп саясатынын талаптары жана жол-жоболору бузулган.

Мындан сырткары, саясат менен, төмөндөгү кызматкерлер тарабынан эсептен чыгарууну жактыруу каралган:

| *Кызматы* | *Жактыруу жана эсептен чыгаруу үчүн, саясат менен караган ыйгарым укуктар* |
|---|---|
| Финансы боюнча директор | Ар бир транзакция үчүн 100 000 АКШ долларынан көп эмес өлчөмдө жана жыйындыда жылына 200 000 АКШ долларынан көп эмес |
| Өндүрүш боюнча директор | Ар бир транзакция үчүн 100 000 АКШ долларынан көп эмес өлчөмдө жана жыйындыда жылына 200 000 АКШ долларынан көп эмес |
| Компаниянын Президенти | Ар бир транзакция үчүн 250 000 АКШ долларынан көп эмес өлчөмдө жана жыйындыда жылына 1,0 млн. АКШ долларынан көп эмес |
| Центерра | Жылына 1,0 млн. долларынан көп |

Ошентип, Эсеп саясатынын жол-жоболору сакталбастан, факты жүзүндө эсептен чыгаруу Компаниянын улук финансы контролёру Д. Кебекованын жактыруусу (15.09.2021-жылдагы кызматтык кат - 3 193,0 миң АКШ долларга 100 комплектөөчү) жана финансы башкармалыгынын директору Р. Токтогулдун макулдугу (31.10.2021-жылдагы мемо - 5 485,5 миң АКШ долларга 183 комплектөөчү) менен боюнча жүргүзүлгөн.

Жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгы боюнча тастыкталган (09.08.2022-жылдагы №KGC-22-203 буйрук) ***21 703,4 миң АКШ долларга 164 комплектөөчү*** (өзүнүн болушу - 7 452,9 миң АКШ долларга 72, документалдык болушу - 14 250,5 миң АКШ долларга 91), №3-3 Эсеп саясаты менен каралган талаптарды сактабастан, НК/ТМБларды эсептен чыгаруунун тиешелүү формасы, буйрук, акт жана компаниянын тиешелүү кызматтагы адамдарынын жактыруусу жок туруп, эсептен чыгарылган,

***7 452,9 миң АКШ долларындагы 73 бирдиктин болушу бөлүгүнө жүргүзүлгөн утурлама аудитте,*** комплектөөчүнүн болгондугу жана дефектовканы, ондоону же акыркы жокко чыгаруунун күтүлүп жаткандыгы аныкталды, *төмөндөгү компоненттерден сырткары:* ENGINE S/N 33201434 кыймылдаткычынын факты жүзүндө болушу такталган жок (баштапкы наркы 219,2 миң АКШ доллары менен, Караганда “Камминз” компаниясына ондоого жөнөтүлгөн, САТтан 12.46 алынган) жана ар биринин баштапкы наркы 24,5 миң АКШ доллары болгон 2 бирдиктеги көмөкчү насос жана ACCESSORY PUMP S/N бургулоо станогу ((2049821 жана 2049822).

Бул 73 бирдик, Коомдун бухгалтердик эсеби боюнча, оңдоого, запастык бөлүктөргө же металлоломго тиешелүү түрдө көрсөтүлгөн эмес. Тиешелүү документтерди тариздебестен жана компаниянын жетекчилеринин жактыруусу жок туруп, саясаттын талаптарын бузуу менен эсептен чыгарылган. Буга байланыштуу, эсепте турбаган (ондолгон компоненттер, запастык бөлүктөр

жана металлолом) жана баланстан чыгарылган бардык комплектөөчүлөрдү кайрадан эсепке коюуда, жоготуу жана толук эмес кайтаруу тобокелдигин аудит жокко чыгарбайт.

Документалдуу тастыкталган ***14 250,5 миң АКШ долларындагы 91 бирдиктинн*** ичинен**,** Core программасы боюнча жабдуучуга төмөндөгү комплектөөчүлөр кайтарылган (алар боюнча компаниянын эсебине депозиттик сумма кайтарылган эмес): ***ENGINE*** S/N WE300175 – 156, 4 миң АКШ доллары; RH REAR WHEEL GROUP S/N 90001377 – 84,8 миң АКШ доллары; REAR WHEEL GROUP RH S/N 10216473 - 84,8 миң АКШ доллары; LH REAR WHEEL GROUP S/N 10288417-1 – 84,8 миң АКШ доллары.

Коомдун эсебинде турбаган жана эсептен чыгарылган, оңдолбогон комплектөөчүлөр кайрадан эле жабдууларга орнотулган, бирок, эсеп боюнча кириштелген эмес, анын ичинен:

- баштапкы наркы 292,6 миң АКШ долларындагы ENGINE (S/N WE300203) кыймылдаткычы CAT 16.49 самосвалынан 04.07.2021-жылы алынган жана ошол эле жерден оңдолбостон эле башка CAT 16.48 самосвалына орнотулган, пайдаланууда жүргөндө эсеп боюнча эсептен чыгарылган жана 2021-жылдын декабрында компаниянын балансынан чыгарылган;

- ушундай эле, баштапкы наркы 56,1 миң АКШ долларындагы TRANSMISSSION (S/N 10288844B) өткөрүү коробкасы CAT 16.122 самосвалынан алынган (алуу датасы белгисиз) жана оңдолбостон эле CAT 16.130 самосвалына орнотулган, пайдаланууда жүргөндө эсеп боюнча эсептен чыгарылган жана 2021-жылдын сентябрында компаниянын балансынан чыгарылган.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКында запастык бөлүктөрдү, компоненттерди, жабдууларды жана техникаларды (курамында кара жана түстүү металлдар бар) жок кылуудан алынан металлоломдорду эсепке алуу жүргүзүлбөйт. Мында, алынган металлоломдун саны, сатып алуучуга жүктөө фактысы боюнча аныкталат.

Алсак, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы (сатуучу) жана “Вулкан плюс” (сатып алуучу) ортосунда металлоломду сатуу максатында, 02.06.2020-жылы №С-6873 келишим түзүлгөн, анда сатып алуучу сатуучуга бир килограммы (факты жүзүндө тартылган жана ордунан чыгарылып кеткен сан) 2,1 сом баасында төлөйт. УСБ мезгилинде бул келишимге ылайык, “Вулкан плюс” ЖЧКсынын дарегине 745 тн металлолом жөнөтүлгөн.

Андан ары, “Вулкан плюс” ЖЧКсы менен келишим бузулуп, “М.В. Фрунзе атындагы металлопрокат заводу” ЖЧКсы менен 21.02.2022-жылы №8159 жаңы келишим түзүлгөн, анда металлоломду сатуу наркы бир килограмм үчүн 23 сомду түзгөн (КНС менен).

Келишимге карата 29.04.2022-жылдагы №1 кошумча макулдашуу менен, металлоломдун наркы 1 килограмм үчүн 18 сомго чейин төмөндөгөн (КНС

менен). 2022-жылдын мартынан июнуна чейин “М.В.Фрунзе атындагы металлопрокатм заводу” ЖЧКсына 8 976,2 миң сомго орточо наркы 19,9 сомдон 450,3 тн металлолом жөнөтүлгөн. Демек, “Вулкан плюс” ЖЧКсы (2,1 сом) менен “М.В.Фрунзе атындагы металлопрокат заводу” ЖЧКсы (19,9 сом) менен түзүлгөн келишимдер боюнча нарктын ортосундагы айырма 17,8 сомду түзгөн, же 13 261,0 миң сомго (745 тн. *17,8) киреше жеткире түшкөн эмес.

**Корутунду**

1. Финансы башкармалыгынын директору Р. Токтогул тарабынан, эсеп саясатына өзгөртүүлөр киргизилбестен туруп, негизги каражаттардын босого суммасы 50,0 миң АКШ долларынан 20,0 миң АКШ долларына чейин төмөндөтүү жактырылган, анын натыйжасында, 2022-жылдын январынан тартып 20,0 миң АКШ долларынан жогору компоненттер негизги каражаттар катары классификацияланат.

2. №3-3 Эсеп саясаты менен каралган талаптарды бузуу менен, тиешелүү эсептен чыгаруу формасы, буйрук, акт жана компаниянын тиешелүү кызматтагы адамдарынын жактыруусу жок туруп, 30 316,0 миң АКШ долларына 444 бирдик санындагы комплектөөчүлөр эсептен чыгарылган.

3. Өздөрүнүн ыйгарым укуктарын жогорулатуунун натыйжасында жана Эсеп саясатынын талаптарын жана дол-жоболорун сактабастан туруп, Компаниянын улук финансы контролёру Д. Кебекова жана финансы башкармалыгынын директору Р. Токтогул тарабынан, 8 778,5 миң АКШ долларындагы 283 комплектөөчүнү эсептен чыгаруу жактырылган.

4. Оңдолгон компоненттер, запастык бөлүктөр жана металлолом түрүндө эсеп боюнча кириштөөдө, 7 452,9 миң АКШ долларындагы 73 бирдик санындагы, мурда эсептен чыгарылган жана балансстан чыгарылган комплектөөчүлөрдү толук эмес кайтаруу жана жоготуу тобокелдиги бар.

5. ENGINE S/N 33201434 кыймылдаткычынын факты жүзүндө болушу такталган жок (баштапкы наркы 219,2 миң АКШ доллары менен) жана ар биринин баштапкы наркы 24,5 миң АКШ доллары болгон 2 бирдиктеги көмөкчү насос жана ACCESSORY PUMP S/N бургулоо станогу.

6. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын эсебине жабдуучулар тарабынан, кайтарылган комплектөөчүлөр үчүн, 410,8 миң АКШ доллары суммасындагы депозиттик сумма кайтарылган эмес.

7. Баштапкы наркы 292,6 миң АКШ доллары болгон ENGINE кыймылдаткычы жана баштапкы наркы 56,1 миң АКШ доллары болгон TRANSMISSSION өткөрүү коробкасы түрүндө пайдаланууда турган комплектөөчүлөр балансстан негизсиз эсептен чыгарылган;

8. “Вулкан плюс” ЖЧКсына металлоломдорду наркынан төмөн сатуудан, 13 261,0 миң сом суммасындагы киреше жеткире түшкөн эмес.

**Сунуш**

1. Комплектөөчү негизги каражаттарды эсепке алуу, №3-3 жана 3-6 Эсеп саясатына өзгөртүүлөрдү киргизүү менен, реалисттик босого суммасын аныктагандан кийин жүргүзүлсүн.

2. Комплектөөчү негизги каражаттарды эсептен чыгаруу, №3-3 Эсеп саясатына ылайык так жүргүзүлсүн.

3. Комплектөөчү негизги каражаттарды эсептен чыгарууну жактырууда, Эсеп саясаты менен каралган ыйгарым укукту ашырууга жол берилбесин.

4. Мындан ары, бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө, "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренеси менен каралган, бухгалтердик эсептин үзгүлтүксүздүгү, ошондой эле, мурда эсептен чыгарылган комплектөөчү каражаттардан алынган материалдык активдерди өз учурунда толук кириштөө принциби сакталсын.

5. Комплектөөчү негизги каражаттарга жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыктары боюнча төмөндөгү бөлүктө тиешелүү чаралар көрүлсүн (09.08.2022-жылдагы №KGC-22-203 буйрук):

- 8 778,5 миң АКШ долларындагы 283 комплектөөчүлөрдү эсептен чыгарууда алынган материалдык активдерди толук кириштелишин аныктоо;
- жабдуучулар тарабынан 410,8 миң АКШ доллары суммасындагы депозиттик сумманы (Core программасы боюнча) кайтарууну камсыздоо, анын ичинен: ***ENGINE*** S/N WE300175 – 156, 4 миң АКШ доллары; RH REAR WHEEL GROUP S/N 90001377 – 84,8 миң АКШ доллары; REAR WHEEL GROUP RH S/N 10216473 - 84,8 миң АКШ доллары; LH REAR WHEEL GROUP S/N 10288417-1 – 84,8 миң АКШ доллары;
- баштапкы наркы 219,2 миң АКШ доллары менен ENGINE S/N 33201434 жана ар биринин баштапкы наркы 24,5 миң АКШ доллары болгон 2 бирдиктеги көмөкчү насос жана ACCESSORY PUMP S/N бургулоо станогу комплектөөчү негизги каражаттарды калыбына келтирүү;
- пайдаланууда турган комплектөөчү негизги каражаттарды эсеп боюнча калыбына келтирүү (баштапкы наркы 292,6 миң АКШ долларындагы ENGINE кыймылдаткычы жана баштапкы наркы 56,1 миң АКШ долларындагы TRANSMISSSION өткөрүү коробкасы).

6. Төмөндөгүлөргө жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчиликтери каралсын:

– Эсеп саясатын бузуу менен, комплектөөчү негизги каражаттарды негизсиз эсептен чыгарууга;

– 13 261,0 миң сом суммасында кирешенин жеткире түшпөгөндүгүнө алып келген, "Вулкан плюс" ЖЧКсы менен келишим түзүүдө металлолом наркын төмөндөтүүгө.

**Аныкталды 29**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан, келишим менен каралбаган, келечектеги кызмат көрсөтүүлөрдүн эсебине подряддык уюмдарга 365,4 миң АКШ долларындагы товардык-материалдык баалуулуктар жана курулуш материалдары (КММ, тамак-аш жана турак жай) берилген: “Pozitif Sondaj” (Турция) - 157,6 миң АКШ доллары, “Централь Азия Модриллинг” ЖЧКсы (Бишкек) - 161,9 миң АКШ доллары “Иссык-Куль Сервис” ЖЧКсы - 45,9 миң АКШ доллары.

**Корутунду**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын финансылык ресурстарынан 365,4 миң АКШ долларын тартууга жол берилген.

**Сунуш**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жүгүртүүдөгү каражаттарын келишим менен каралбаган максаттарга тартуу токтотулсун.

**Аныкталды 30**

30.06.2022-жылга карата "Кумтөр Голд Компани" ЖАКында нөлдүк наркы менен «Манас» IT- программасында 3375 даана 20-40 тонналык контейнер бар ("Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын балансына кабыл алуу үчүн, контейнерлердин наркы аныкталган эмес).

БПБ кампасында жер астындагы шарттарда курулуш иштерин жүргүзүү үчүн багытталган, иштебеген 25 бирдиктеги атайын техника бар. Техника 2007-2011-жылда мезгил аралыгында чыгарылган жана 2013-2014-жылдары "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын балансынан эсептен чыгарылган.

**Корутунду**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКында нөлдүк наркы менен «Манас» IT-программасында 3375 даана жүк контейнери бар.

2. БПБ кампасында жер астындагы шарттарда курулуш иштерин жүргүзүү үчүн багытталган, иштебеген 25 бирдиктеги атайын техника бар, алар 2013-2014-жылдары "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын балансынан эсептен чыгарылган.

**Сунуш**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жетекчилиги багыты боюнча андан ары пайдалануу жана эсепке алуу үчүн, атайын техникалардын жана контейнерлердин наркын аныктасын.

**Аныкталды 31**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын 23 555 “Электр линияларынын финансылык ижарасы жана топтолгон амортизация” бухгалтердик эсебинде, 8 153,5 миң АКШ долларында электр берүү линиясы бар, ага 100% өлчөмдө амортизация эсептелген. Жумуш долбооруна ылайык, электр берүү линиясынын

узундугу 40,29 км (мындан ары - ЭБЛ), металл таянычтарынын салмагы - 502 тонна, өткөрүчтөрдүн салмагы - 57,65 тонна.

Бул ЭБЛга карата, негизги каражаттарды эсепке алууну жүргүзүү карточкасы жок.

Ошону менен бирге, техникалык деңгээлди орнотууга мүмкүнчүлүк берүүчү негизги каражаттарды паспорттоштуруу, абалы, жумуш жана жалпы параметри, аларды модернизациялоону аныктоо, пайдалануу процессинде пайдалануунун рационалдуу жагы жана ондоо бөлүгүндө, ФОЭСтин 16 “Негизги каражаттарды эсепке алуу” талабы сакталган эмес. Паспорт негизги каражаттарды эсепке алуунун инвентардык карточкасын толтуруу үчүн негиз болуп эсептелет (№ ОС- 11 формасы боюнча ЭБЛ).

**Корутунду**

1. ЭБЛга карата, негизги каражаттарды эсепке алууну жүргүзүү карточкасы жок, ошону менен бирге, инвентардык карточкаларды толтуруу үчүн негиз болгон, негизги каражаттарды паспорттоштуруу бөлүгүндө, ФОЭСтин 16 “Негизги каражаттарды эсепке алуу” талабы сакталган эмес

**Сунуш**

1. Узундугу 40,29 км, металл таянычтарынын салмагы - 502 тонна, өткөрүчтөрдүн салмагы - 57,65 тонна ЭБЛды эсепке алууга карата кемчиликтер, ФОЭСтин 16 “Негизги каражаттарды эсепке алууга” ылайык келтирилсин.

**Аныкталды 32**

30.06.2022-жылга карата "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын эсеби боюнча 25 805,0 миң АКШ долларында мөөнөтү өткөн дебитордук карыз эсептелген.

**Корутунду**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жетекчилиги тарабынан, 25 805,0 миң АКШ долларында мөөнөтү өткөн дебитордук карызды кайтаруу боюнча чаралар көрүлгөн эмес

**Сунуш**

1**.** 25 805,0 миң АКШ долларында мөөнөтү өткөн дебитордук карыздын пайда болуу себебин аныктоо үчүн иштер жүргүзүлсүн жана "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын финансылык ресурстарын узак мезгил бою негизсиз тартууга жол берген жооптуу кызматкерлерге карата чаралар көрүлсүн.

**Майдалоочу шарларды, дизель отунун сатып алуу, иштетилген майды сатуу**

**Аныкталды 33**

Алтын алуучу фабрикада (ААФ) концентратты майдалоого чейин 3 ар кандай тегирменде жүктөлгөн 17 мм.ден 120 мм.ге чейин диаметрдеги майдалоочу тело колдонулат.

2016-жылдын январынан 2021-жылдын ноябрына чейин, майдалоочу телолорду жабдуучу болуп, “Вулкан Плюс” ЖЧКсы (мындан ары – “Вулкан Плюс”) эсептелген, андан жеткирүү сапатын начардыгына шилтемелөө менен, 2021-жылдын 27-ноябрынан тартып токтотулган.

Мында, шарларынын сапатына карата "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы мурда расмий доо берген эмес, анткени, ТНК “Дастан” ЖЧКсынын лабораториясынын протоколдоруна ылайык, 22.04.2021-жылы берилген “Вулкан Плюс” ЖЧКсынын шарлары ГОСТ 7524-2015 (катуулугу боюнча), ГОСТ 9013 жана ГОСТ 2604 (химиялык курамы боюнча) талаптарына туура келээри таанылган.

Жергиликтүү өндүрүүчү “Централ Азия Металл” ЖЧКсы тарабынан сапаты канааттандырылбаган майдалоочу шарларды 2021-жылдын октябрынан тартып жабдуу себебинен, 2022-жылдын мартынан тартып жабдууну чет элдик жабдуучулар жүргүзгөн (Казакстан - Аргелиум, Байтай партнерс, Россия - Гурьевск, Северсталь, Старый соболь, Украина - Энергосталь ж.у.с.).

Көпчүлүк чет элдик жабдуучулардан майдалоочу шарларды колдонуу жакшы натыйжаларын берген, анын натыйжасында, 1.8-2.2 мм. өзүн көрсөткөн керамикалык шарлар колдонулат.

***Майдалоочу шарлардын салыштырма чыгымы, кг/т***

| *Мезгили* | *Өлчөө бирдиги* | *114 мм* | *60 мм* | *30 мм* | *17 мм* | *2-3.5 мм* | *1.8 -2.2 мм (керамикалык.)* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2020 | кг/т. | 1.043 | 0.271 | 0.754 | | 0.021 | |
| 2021 | | 1.175 | 0.250 | 0.842 | | 0.022 | |
| 2022 | | 0.632 | 0.276 | 0.593 | 0.583 | | 0.012 |

Ошону менен бирге, чет элдик жабдуучулардан абдан катуу шарларды колдонуу (сатып алуу бааларынын кымбатташынан сырткары), кошумча чыгымдарга алып келет: кампалык, Балыкчы шаарындагы жүктөө-түшүрүү перевал базасында, ААФга чейин транспорттук жеткирүү ж.б.у.с.

Ошондой эле, “Вулкан Плюс” ЖЧКсынын абдан жумшак шарларын колдонуу менен, ААФтын алты күнгө токтоп калышына жана тегирмендин наркы 1 354,9 миң АКШ долларындагы футеровкасын (ички жумуш бронун) тогуз айда бир жолу алмаштырууга, ал эми абдан катуу шарларды колдонуу, футеровканын абдан тез иштешине, ААФнын плансыз токтошуна жана алты ай сайын футеровканы алмаштырууга алып келген.

**Корутунду**

1. 2021-жылы шарлардын салыштырма салмагы, 2022-жылдагы ушундай көрсөткүчтөрдү бир топко ашырат, ал "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын

кызматкерлери тарабынан, “Вулкан Плюс” ЖЧКсы тарабынан сапаты начар майдалоочу шарлар менен жабдылышы аркылуу түшүндүрүлгөн. Мында, бул жабдуучуга шарлардын сапатына карата доо берилген эмес, анткени, ТНК “Дастан” ЖЧКсынын лабораториясынын протоколдоруна ылайык, 22.04.2021-жылы берилген “Вулкан Плюс” ЖЧКсынын шарлары ГОСТ 7524-2015 (катуулугу боюнча), ГОСТ 9013 жана ГОСТ 2604 (химиялык курамы боюнча) талаптарына туура келээри таанылган.

2. Чет элдик компаниялар жабдыган майдалоочу шарларды колдонуунун жакшы жыйынтыгына карабастан, абдан катуу шарларды колдонуу, футеровканын (ички жумуш брону) абдан тез иштешине, ААФнын плансыз токтошуна жана алты ай сайын футеровканы алмаштырууга алып келген.

**Сунуш**

1. Тегирмендин 1 354,9 миң АКШ доллары наркындагы футеровкасынын (ички жумуш брону) иштешин тездетүү боюнча кошумча чыгымдарды, ошондой эле кампалык, Балыкчы шаарындагы жүктөө-түшүрүү перевал базасындагы транспорттук чыгымдарды камтуу менен (тогуз айда бир жолу алмаштырууга, ал эми абдан катуу шарларды колдонуу, футеровканын абдан тез иштешине, ААФнын плансыз токтошуна жана алты ай сайын футеровканы алмаштырууга алып келген, б.а. 451,6 миң АКШ долларында кошумча чыгымдар келтирилген) сапаттуу мониторингдин жана чыгымдар эсебинин негизинде, майдалоочу шарлар менен жабдуучуларды тандоону жүргүзүү камсыздалсын.

**Аныкталды 34**

Көп жыл бою жана 2021-жылдын ноябрына чейин, алтын кенинде продукцияны кайрадан иштеп чыгууда колдонуу үчүн, майдалоочу болот шарларын бирден бир жабдуучу болуп, “Вулкан Плюс” ЖЧКсы эсептелген.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы менен “Вулкан плюс” ЖЧКсынын ортосунда үчүнчү топтогу майдалоочу шарларды жеткирүү (Кумтөр кенине чейин жеткирүү менен) боюнча акыркы 04.02.2020-жылдагы С-6706 келишимге ылайык, тараптар тарабынан түзүлгөн өзгөчөлүктөргө ылайык, төмөндөгүдөй формадагы төлөм белгиленген: 50% - алдын ала төлөө жана 50% - Кумтөр кенине факты жүзүндө шарларды жеткирүү боюнча акыркы төлөм. Келишимге карата 11.06.2020-жылдагы кошумча макулдашуу менен, төлөм шарты өзгөрүлгөн: жеткирүү көлөмүн 2 айга белгилеген, ар бир сатып алуу тапшырмасы боюнча алдын ала төлөө – 100%, бирок, 16.08.2019-жылдагы №9-006 товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча ички нускаманын негизги милдеттери катары, каражаттарды рационалдуу чыгымдоо эсептелет, анын ичинен, алдын ала төлөө боюнча сатып алууларды азайтуу үчүн, бардык чараларды көрүү аркылуу (Нускаманын 7-пункту).

Андан ары, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы менен “Вулкан плюс” ЖЧКсынын ортосунда 03.07.2021-жылдагы №2 кошумча макулдашуу түзүлгөн жана тараптар №6 өзгөчөлүккө кол коюшкан, ага ылайык, “Вулкан плюс” ЖЧКсы 2021-жылдын июлунан 2022-жылдын июнуна чейин Кумтөр кенине жеткирүү менен, 15 049 320 АКШ долларында же 1 275 887 369 сомдо 3-топтогу катуулуктагы болот шарларын жеткирет, анын ичинен, 1 тоннасы үчүн 1 095 АКШ долларындагы 7 800 000 кг диаметри 114 мм шарлар, диаметри 60 мм - 1 тоннасы үчүн 1 043 АКШ долларындагы 1 440 000 кг шарлар жана диаметри 30 мм - 1 тоннасы үчүн 1 043 АКШ долларындагы 4 800 000 кг шарлар.

Жогоруда көрсөтүлгөн келишим шарттарына ылайык, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы “Вулкан плюс” ЖЧКсына жылдык көлөмдүн жалпы суммасынан 30% өлчөмүндө авансалык төлөмдү чегерген, атап айтканда, 4 514 796 АКШ долларын, ал эми кийинки төлөмдөр №6 өзгөчөлүктүн жалпы суммасынан пайыздык катышта алдын ала төлөө түрүндө жүргүзүлүшү керек: 2021-жылдын сентябрына чейин - 18%, 2021-жылдын октябрынын аягына чейин - 18%, 2021-жылдын ноябрынын аягына чейин - 15%, 2022-жылдын январынын аягына чейин - 19%.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы (2021-жылдын июлунан октябрына чейин) товар үчүн “Вулкан плюс” ЖЧКсына 842 209 918 сом алдын ала төлөгөн, анын ичинен, 06.07.2021-жылдагы №1061 төлөм тапшырмасынын негизинде - 382 803 239 сом (өзгөчөлүктүн жалпы суммасынан 30%), 05.10.2022-жылдагы №2624 - 229 712 549 сом (18%) жана 21.10.2021-жылдагы №2981 - 229 694 129 сом (18%). Мында, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан 2021-жылдын ноябры үчүн, өзгөчөлүктүн жалпы суммасынан 15% жана 2021-жылдын февралы үчүн – 19% өлчөмүндө алдын ала төлөм жүргүзүлгөн эмес.

2021-жылдын 27-ноябрында "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан “Вулкан Плюс” ЖЧКсына 4 773 тонна санында заказ берилген шарлардын көлөмүн азайтуу жөнүндө билдирүү жөнөтүлгөн, буга “Вулкан Плюс” ЖЧКсы түзүлгөн келишимде жеткирилген товарлардын өзгөчөлүгүндө көрсөтүлгөн санды азайтуу боюнча шарттар каралбагандыгын негиздөө менен, алар жабдыган товарлардын көлөмүн азайтуудан баш тарткан (02.12.2021-жылдагы чыг.каты).

Буга карабастан, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы “Вулкан Плюс” ЖЧКсына мурда төлөнгөн алдын ала төлөм суммасына майдалоочу шарларды жүктөө зарылдыгы жөнүндө кат жөнөткөн, “Вулкан Плюс” ЖЧКсы тарабынан мындан баш тартылган жана келишимге карата №2 кошумча макулдашуу шарттары боюнча кошумча алдын ала төлөөнү жүргүзүүнү талап кылган, ал жерде 2021-жылдын ноябрындагы жана 2022-жылдын январындагы төлөө графиги каралган.

Түзүлгөн келишимдин жалпы шарттарынын 9-беренесинин 9.2-пунктуна ылайык, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы “Вулкан Плюс” ЖЧКсынын дарегине

2022-жылдын 1-апрелине чейин алдын ала төлөө суммасын кайтаруу талабы менен сотко чейинки доону жөнөткөн.

“Вулкан Плюс” ЖЧКсы тарабынан диаметри 17 мм майдалоочу шарлардын карызын төлөөнү жана 2022-жылдын сентябрынан эрте эмес жүктөөнү баштоону, же 2026-жылга чейин акча каражаттарын кайтарууну (квартал сайын же бирдей суммалар менен) сунуш кылган. Бул маселе "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жетекчилиги тарабынан ушул кезге чейин жөнгө салынган эмес.

“Вулкан Плюс” ЖЧКсы 2021-жылдын июлунан ноябрына чейинки мезгил аралыгына карата, 394 964 298 сомго майдалоочу шарларды жеткирген, мында, ушул кезге чейин 447 245 620 сомго 4 903 912 кг өзгөчөлүк боюнча төлөнгөн товарлар жеткирилген эмес, анын ичинен, 114 мм диаметри менен - 3 069 312 кг, 60 мм - 460 860 кг жана 30 мм - 1 373 740 кг.

04.02.2020-жылдагы №С-6706 келишимдин жалпы шарттарына ылайык, өз учурунда жеткирбегендиги үчүн, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан “Вулкан Плюс” ЖЧКсына (01.09.2022-жылдагы абал боюнча) 77 811 103 сомду түзгөн туум эсептелген эмес.

Белгилей кетчү нерсе, “Вулкан Плюс” ЖЧКсынан шарлардын заказ көлөмүн азайтууга чейин, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан жаңы жабдуучу “Централ Азия Металл” ЖЧКсы менен, майдалоочу шарлардын пробалык партиясын жеткирүү боюнча 05.10.2021-жылы келишим түзүлгөн ("Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан толук төлөнгөн). Бул жабдуучуга карата Кумтөр кенинин кызматкерлери тарабынан, 19 960 кг сынган 100 мм болот шарларын (мөөнөтүн аткарбаган) кайтаруу жөнүндө 10.11.2021-жылы акт түзүлгөн.

“Централ Азия Металл” ЖЧКсы жеткирген товарларын сапатынын төмөндүгүнө карабастан, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын технология боюнча мурунку директору К. Курманов тарабынан, 20.11.2021-жылы бул жабдуучунун майдалоочу шарларын андан ары колдонуу мүмкүнчүлүгү жана алардын сапаттуулугу жөнүндө отчет берилген.

Натыйжада, “Централ Азия Металл” ЖЧКсы менен, Кумтөр кени үчүн 351 000 АКШ долларындагы 270,0 тн болот шарларын жеткирүүгө келишим түзүлгөн, анын ичинен, 1 тоннасына 1 300 АКШ доллары баасындагы 100 мм диамтериндеги шарлар - 120,0 тн жана 30 мм диамтериндеги шарлар – 150,0 тн., бул болсо, “Вулкан Плюс” ЖЧКсы жеткирген ушуга окшош товарлардын наркынан жогору (бүтүндөй көлөмүнө карата айырма 63 150 АКШ долларын же 5 409 362 сомду түзгөн).

*Эскертүү. Ошол мезгилде "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын дарегине “Чайна Миньсинь Металл Ко ЛТД” ЖЧКсынан 30 мм диамтериндеги шарлардын 1 тоннасы үчүн 1 170 АКШ доллары, 60 мм диамтериндеги шарлардын 1 тоннасы үчүн 1 160 АКШ доллары, 110 мм диамтериндеги*

*шарлардын 1 тоннасы үчүн 1 150 АКШ доллары, 120 мм диамтериндеги шарлардын 1 тоннасы үчүн 1 140 АКШ доллары баасындагы коммерциялык сунуш түшкөн. Бирок, «Чайна Миньсинь Металл Ко ЛТД» ЖЧКсынын коммерциялык сунушунан "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы баш тарткан.*

"Централ Азия Металл" ЖЧКсы тарабынан 19.10.2021-жылдан 17.03.2022-жылга чейин, 202 240,3 миң сомго 2 015,6 тн өлчөмүндө ар кандай көлөмдөгү майдалоочу шарлар жеткирилген. Бааларга жүргүзүлгөн салыштырма талдоодо, жүктөлгөн майдалоочу шарлар боюнча "Вулкан Плюс" ЖЧКсы менен "Централ Азия Металл" ЖЧКсынын бааларынын ортосундагы айырма 169,3 миң АКШ долларын же 14 353,8 миң сомду түзгөндүгүн көрсөткөн.

Ошондой эле, 2021-жылдын ноябрынан тартып, 2022-жылдын мартына чейинки мезгил аралыгында (5 ай) "Кумтөр" кенинин жумушчулары тарабынан, "Централ Азия Металл" ЖЧКсы тарабынан жүктөлгөн 291,36 тн санындагы помоль шарларынын сынгандыгына байланыштуу, көп жолу актылар түзүлгөн, алар кийин артка кайтарылып, жабдуучу тарабынан алмаштырылган. Натыйжада, "Централ Азия Металл" ЖЧКсы "Кумтөр Голд Компани" ЖАКына келишим боюнча алынган милдеттенмелерди андан ары аткаруу мүмкүн эместигине байланыштуу, жеткирүүнү токтотуу жөнүндө билдирүү жөнөткөн.

*Эскертүү. 2021-жылдын 17-майынан 2021-жылдын ноябрына чейин (алты ай) андан ары жабдуучу тарабынан алмаштырылган жана жабдуучу алмаштырган шарлардын сапатынын начардыгын күбөлөндүргөн, "Вулкан Плюс" ЖЧКсынын 59,5 тн майдалоочу шарларыны сынгандыгына байланыштуу актылар түзүлгөн.*

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКына майдалоочу шарларды жеткирүү боюнча туруксуз жагдайга байланыштуу, Кыргыз Республикасынан сырткары альтернативдүү жабдуучулар изделген. Абдан аз баа ПАО "Челябинский металлургический комбинат" жана анын филиалы "Гурьевский металлургический завод" тарабынан 390 тоннага (940 USD/тн - 965 USD/тн) берилген, ал "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын керектөөсүн жапкан эмес.

Төмөндөгү жабдуучуларда заказдар тариზделген: ТОО Аргелум (Казакстан) – тоннасына баасы 1600 АКШ доллары менен 500 тонна (бул жабдуучу жеткирүүнүн алгылыктуу мөөнөтүн сунуштаган) жана "Чайна Миньсинь Металл" ЖЧКсы (КР) – тоннасына баасы 1100,0 АКШ доллары менен 122,2 тонна.

Бир эле учурда, башка өндүрүүчүлөр/жабдуучулар менен сүйлөшүүлөр жана сүйлөшүү алдындагы иштер жүргүзүлгөн, анын натыйжасында, стратегиялык кампалык корлорду толтуруу жана төмөндөгү жабдуучулар: ООО "Старый соболь", ООО "Гурьевск сталь", "Prolog", "Victoria Fortress", ПАО "Северсталь" ж.б. менен тестирлөө өткөрүү үчүн, заказдар тариზделген.

**Корутунду**

1. 2021-жылдын ноябрына чейин алтын кенинин продукциясын кайрадан иштеп чыгуу да колдонуу үчүн майдалоочу болот шарларын бирден бир жеткирүүчү болуп, “Вулкан Плюс” ЖЧКсы эсептелген. 2021-жылдын 27-ноябрында "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан “Вулкан Плюс” ЖЧКсына 4 773 тонна санында заказ берилген шарлардын көлөмүн азайтуу жөнүндө билдирүү жөнөтүлгөн, буга “Вулкан Плюс” ЖЧКсы түзүлгөн келишимде жеткирилген товарлардын өзгөчөлүгүндө көрсөтүлгөн санды азайтуу боюнча шарттар каралбагандыгын негиздөө менен, алар жабдыган товарлардын көлөмүн азайтуудан баш тарткан.

2. “Вулкан Плюс” ЖЧКсы 2021-жылдын июлунан ноябрына чейинки мезгил аралыгына карата, 394 964 298 сомго майдалоочу шарларды жеткирген, мында, ушул кезге чейин 447 245 620 сомго 4 903 912 кг өзгөчөлүк боюнча төлөнгөн товарлар жеткирилген эмес.

3. 04.02.2020-жылдагы №С-6706 келишимдин жалпы шарттарына ылайык, өз учурунда жеткирбегендиги үчүн, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан “Вулкан Плюс” ЖЧКсына (01.09.2022-жылдагы абал боюнча) 77 811 103 сомду түзгөн туум эсептелген эмес.

4. “Вулкан Плюс” ЖЧКсынан шарлардын заказ көлөмүн азайтууга чейин, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан жаңы жабдуучу “Централ Азия Металл” ЖЧКсы менен, майдалоочу шарлардын пробалык партиясын жеткирүү боюнча 05.10.2021-жылы келишим түзүлгөн, жеткирген товарларын сапатынын төмөндүгүнө карабастан, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын технология боюнча мурунку директору К. Курманов тарабынан, бул жабдуучунун майдалоочу шарларын андан ары колдонуу мүмкүнчүлүгү жана алардын сапаттуулугу жөнүндө отчет берилген.

5. “Кумтөр” кенинин жумушчулары тарабынан, “Централ Азия Металл” ЖЧКсы тарабынан жүктөлгөн 291,36 тн санындагы майдалоочу шарларынын сынгандыгына байланыштуу, көп жолу актылар түзүлгөн, бул болсо, жабдуучуну алмаштыруу менен, майдалоочу шарлардын сапатынын төмөндүгү жөнүндө күбөлөндүрөт.

6. Бааларга жүргүзүлгөн салыштырма талдоодо, жүктөлгөн майдалоочу шарлар боюнча “Вулкан Плюс” ЖЧКсы менен “Централ Азия Металл” ЖЧКсынын бааларынын ортосундагы айырма 169,3 миң АКШ долларын же 14 353,8 миң сомду түзгөндүгүн көрсөткөн.

**Сунуш**

1. Майдалоочу шарлардын сапатынын начарлашына жана сатып алуу чыгымдарынын көбөйүүсүнө алып келген, майдалоочу шарларды жабдуучу “Вулкан Плюс” ЖЧКсын алмаштыруу боюнча чечим кабыл алууда жооптуу адамдардын жоопкерчилигин жана жол берилген бузууларды кароо боюнча чаралар көрүлсүн (ушул кезге чейин “Вулкан Плюс” ЖЧКсы 447 245,6 миң

сомдук товарларды жеткирген эмес, 77 811,1 миң сом туум эсептелген эмес, “Вулкан Плюс” ЖЧКсы менен “Централ Азия Металл” ЖЧКсынын бааларынын ортосундагы айырма 169,3 миң АКШ долларын же 14 353,8 миң сомду түзгөндүгү аныкталган).

2. Өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, майдалоочу шарларды жабдуучуларды тандоо жана сапаттуу мониторинг жүргүзүлсүн.

**Аныкталды 35**

27.06.21-жылдан 27.05.22-жылга чейинки аудит мезгилине карата 91 465,36 миң АКШ долларында же 7 715 215,5 миң сомдо (жеткирүү күнүндөгү АКШ долларынын курсун эске алуу менен) 111 036,875 тонна дизель отунун 37 сатып алуу жүргүзүлгөн, анын ичинен: жайкы 12 жеткирүү - 35 285,6 тонна, сезон аралык 8 жеткирүү – 15 179,1 тонна; кышкы – 17 жеткирүү – 60 572,2 тонна.

Айына дизель отунун сатып алуулар, бирдей жүргүзүлгөн эмес: 5400,0 миң кг баштап (февраль 2022-ж.), 8 225 015 (декабрь 2021-ж.) 18 772,0 миң кг чейин (апрель 2022-ж.), дизель отунун ай сайынкы керектөөсү менен, орточо 10 миң литр өлчөмүндө.

Дизель отунун жеткирүүнү кечиктирүүдө, жабдуучу төрт учурда негизделген себеп жана жеткирүү мөөнөтүн өзгөртүү өтүнүчү менен кайрылган, анын жыйынтыгында келишим боюнча тараптар жеткирүү мөөнөтү бөлүгүндөгү өзгөчөлүккө өзгөртүүлөрдү киргизишкен. Жабдуучулар тарабынан КММларды жеткирүү мөөнөтүн бузган көпчүлүк учурларда, ал жекирүү келишим шарттарында эскертилген эмес дегендей кылып, туумдар (үстөк айыптар) колдонулган эмес.

Кышкы отунду сатып алууга жүргүзүлгөн салыштырма талдоодо, баалардын диапазону литрине 45,96 сомдон 83,52 сомго чейин түзгөн.

***Кышкы дизель отунун жеткирүү бааларын салыштырып талдоо***

| № | Заказ/жеткирүү датасы | Жеткирүүчү | Валюта | Заказдын валютасында тонна үчүн баа | Заказ берилген алынган литр | Курс KGS/USD | Заказдын наркы KGS миң | Баасы KGS/литр | Рыбачьеге чейин фрахты эске алуу менен баа KGS/литр | Жеткирүү шарттары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 1 | 02.09.2021/ сен-окт-2021 | ТОО INTERNATIO | USD | 650 | 12000000 | 84,7 | 548122,07 | 45,96 | ***47,10*** | ст.Турксиб |
| 2 | 21.10.2021/ ноябрь 2021 | ТОО INTERNATIO | USD | 748 | 5000000 | 84,79 | 250936,69 | 52,94 | ***54,26*** | ст.Турксиб |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | 13.10.2021/ окт-нояб-2021 | TOO INTERNATIO | USD | 748 | 10000000 | 84,8 | 482915,87 | 52,94 | ***54,26*** | ст.Турксиб |
| 4 | 31.12.2021/ дек2021-янв2022 | POZITIV STREAM LLP | USD | 826 | 2400280 | 84,75 | 140815,55 | 58,44 | ***59,61*** | ст.Турксиб |
| 5 | 31.12.2021/ дек2021-янв2022 | SUMATO INTERNATIO | USD | 835 | 3642954 | 84,76 | 215553,22 | 59,08 | ***60,26*** | ст.Турксиб |
| 6 | 15.12.2021/ дек2021-янв2022 | PROFIT AZIA | SOM | 835 | 4816904 | 84,80 | 285286,56 | 59,10 | ***60,58*** | ст.Турксиб |
| 7 | 31.12.2021/ дек2021-янв2022 | POZITIV STREAM LLP | USD | 850 | 1211524 | 84,76 | 72933,84 | 60,14 | ***61,34*** | ст.Турксиб |
| 8 | 02.03.2022/ апр-июнь 2022 | TOO APOLLO RESOUR | RR | 72341,5 | 5400000 | 84,79 | 336930,39 | 62,50 | **63,75** | ст.Турксиб |
| 9 | 11.11.2021/ Янв-2022 | TH AKKA-RK LLP | USD | 895 | 7158072 | 84,80 | 453476,83 | 63,35 | **64,94** | ст.Турксиб |
| 10 | 26.01.2022/ февраль 2022 | TH AKKA-RK LLP | USD | 898 | 7188000 | 84,79 | 449290,91 | 63,56 | **64,83** | ст.Турксиб |
| 11 | 15.02.2022/ февраль 2022 | POZITIV STREAM LLP | USD | 917 | 2461652 | 84,79 | 156499,88 | 64,91 | **66,20** | ст.Турксиб |
| 12 | 09.02.2022/ февраль 2022 | TH AKKA-RK LLP | USD | 928 | 3595000 | 84,79 | 237922,60 | 65,68 | **67,00** | ст.Турксиб |
| 13 | 21.12.2021/ дек 2021-ян2022 | PARTNER NEFT LTD | SOM | 89850 | 2297694 | 84,80 | 172327,05 | 75,00 | **75,00** | Балыкчы ш. |
| 14 | 27.12.2021/ дек2021-янв2022 | SATRA INTERNATIO | SOM | 89850 | 1000000 | 84,79 | 75000,00 | 75,00 | **75,00** | Балыкчы ш. |
| 15 | 05.01.2022/ январь 2022 | SATRA INTERNATIO | SOM | 89850 | 1037015 | 84,8 | 77776,13 | 75,00 | **75,00** | Балыкчы ш. |
| 16 | 15.02.2022/ февраль 2022 | SATRA INTERNATIO | SOM | 89850 | 2118167 | 84,80 | 158862,53 | 75,00 | **75,00** | Балыкчы ш. |
| 17 | 2022-04-08/ май 2022 | MIDAS OIL TRADING | USD | 1100 | 2755400 | 90,96 | 215090,88 | 83,52 | **84,77** | ст.Турксиб |

9-графада курсив менен сатып алуулардын абдан аз баалары бөлүп берилген (1-7-саптар), ал эми төмөн жагында абдан чоң баалар (8-17-саптар). Талдоо үчүн, сатып алуулар көлөмүн эске алуу менен, сатып алуулардын абдан аз жана абдан чоң бааларынын орточо көрсөткүчтөрүн алабыз.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы бир же ошол эле мезгилде литри 45,96 сомдон литри 60,14 сомго чейин 39 071,7 миң литр (орточо баа – литри 52,69 сом) көлөмүндөгү бир гана кышкы отунду сатып алуу мүмкүнчүлүгү менен, литри 62,5 сомдон литри 83,5 сомго чейин (орточо баасы – литри 67,34 сом) абдан жогорку баа менен, ар кандай фирмалардан 35 011,0 миң литрди сатып алууга жол берген. Бул болсо, бир гана кышкы отун боюнча Коомдун

каражаттарынын чыгымдарын көбөйтүүгө алып келген, алсак, 512 911,2 миң сом (35 011,0 миң литр *(литри 67,34 сом – литри 52,69 сом) =512 911,2).

Жайкы отунду сатып алууга жүргүзүлгөн салыштырма талдоодо, баалардын диапазону литрине 40,79 сомдон 73,23 сомго чейин түзгөн.

***Жайкы дизель отунун жеткирүү бааларын салыштырып талдоо***

| № | Заказ/жет-кирүү датасы | Жеткирүүчү | Валюта | Заказдын валютасында тонна үчүн баа | Заказ берилген алынган литр | Курс KGS/USD | Заказдын наркы KGS миң | Баасы KGS/литр | Рыбачьеге чейин фрахты эске алуу менен баа KGS/литр | Жеткирүү шарттары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 15.06.2021/ июнь-июль 2021 | TOO INTERNATION | USD | 578 | 4626876 | 84,55 | 186542,81 | 40,79 | ***42,02*** | ст.Турксиб |
| 2 | 22.06.2021/ июль 2021 | TOO INTERNATION | USD | 625 | 8400000 | 84,52 | 377280,1 | 44,09 | ***45,42*** | ст.Турксиб |
| 3 | 25.06.2021/ июнь-июль 2021 | TH AKKA-RK | USD | 625 | 2400000 | 84,66 | 106301,71 | 44,17 | ***45,49*** | ст.Турксиб |
| 4 | 31.07.2021/ август 2021 | TOO INTERNATION | USD | 643 | 7200000 | 84,76 | 326823,89 | 45,49 | ***46,86*** | ст.Турксиб |
| 5 | 31.07.2021/ август 2021 | TH AKKA-RK | USD | 645 | 4800000 | 84,76 | 217735,09 | 45,56 | ***46,92*** | ст.Турксиб |
| 6 | 20.12.2021/ декабрь 2021 | SATRA INTERNATION | SOM | 74875 | 2994372 | 84,80 | 187148,30 | 62,50 | ***62,50*** | Балыкчы ш. |
| 7 | 06.04.2022/ май - август 2022 | TOO APOLLO RESOURCES | RR | 63000 | 658900 | 85,70 | 35297,955 | 53,57 | ***54,64*** | ст.Турксиб |
| 8 | 29.04.2022/ май-июнь 2022 | SATRA INTERNATIONA | SOM | 81464 | 1961508 | 82,67 | 133382,54 | 68,00 | **68,00** | Балыкчы ш. |
| 9 | 12.05.2022/ май-июль2022 | PARTNER NEFT | SOM | 81464 | 2000007 | 82,66 | 136000,48 | 68,00 | **68,00** | Балыкчы ш. |
| 10 | 18.05.2022/ июнь-июль2022 | TH AKKA-RK | USD | 1067 | 2400000 | 82,28 | 174088,73 | 73,23 | **74,33** | ст.Турксиб |
| 11 | 25.05.2021/ 31-май2022 | PARTNER NEFT | SOM | 82542,2 | 2441118 | 79,50 | 168193,03 | 68,90 | **68,90** | Балыкчы ш. |
| 12 | 27.05.2022/ июнь-июль2022 | MIDAS OIL TR | USD | 1075 | 2400000 | 79,50 | 1676005,1 | 71,55 | **72,62** | ст.Турксиб |

Ушундай эле, 9-графада курсив менен сатып алуулардын абдан аз баалары бөлүп берилген (1-7-саптар), ал эми төмөн жагында абдан чоң баалар (8-12-саптар). Талдоо үчүн, сатып алуулар көлөмүн эске алуу менен, сатып алуулардын абдан аз жана абдан чоң балырынын орточо көрсөткүчтөрүн алабыз.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы 28 085,78 миң литр көлөмүндө баасы литрине 40,79 сомдон 53,57 сомго чейинки баа (орточо баа – литрине 44,39 сом) боюнча бир же ошол эле мезгилде жайкы дизель отунун сатып алуу мүмкүнчүлүгү менен, литрине 62,5 сомдон 73,23 сомго чейинки абдан жогорку баа (орточо баасы – литрине 68,48 сом) боюнча ар кандай фирмалардан 14 197,0 миң литрди сатып алууга жол берген. Бул болсо, жайкы дизель отуну боюнча Коомдун каражаттарынын чыгымдарынын көбөйүүсүнө алып келген, алсак, 342 005,73 миң сом (14 197,0 *(литри 68,48 сом - литри 44,39 сом) = 342 005,73).

***Сезон аралык дизель отунун жеткирүү боюнча бааны салыштырма талдоо***

| **№** | **Заказ/жеткирүү датасы** | **Жеткирүүчү** | **Валюта** | **Заказ-дын валютасында тонна үчүн баа** | **Заказ берилген алынган литр** | **Курс KGS/USD** | **Заказдын наркы KGS миң** | **Баасы KGS/литр** | **Рыбачьеге чейин фрахты эске алуу менен баа KGS/литр** | **Жеткирүү шарттары** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **6** | **7** | **8** | **9** | **10** |
| 1 | 25.02.2022/ май-июн. 2022 | TH AKKA-RK LLP | USD | 857 | 4800000 | 84,8 | 290032,41 | 60,66 | ***61,88*** | ст.Туркстиб |
| 2 | 06. 04.2022/ май - авг 2022 | ТОО APOLLO KZ | RR | 68266,57 | 2386943 | 85,7 | 138560,56 | 58,05 | ***59,21*** | ст.Туркстиб |
| 3 | 12.04.2022/ апрель 2022 | ALFA OIL LTD | SOM | 77870 | 1000000 | 86,14 | 65000,00 | 65,0 | **65,0** | Балыкчы ш. |
| 4 | 15.04.2022/ апрель 2022 | PARTNER NEFT LTD | SOM | 79068 | 2000000 | 81,43 | 132000,00 | 66,0 | **66,0** | Балыкчы ш |
| 5 | 15.04.2022/ апрель 2022 | ALFA OIL LTD | SOM | 79068 | 1016760 | 81,43 | 67106,16 | 66,0 | **66,0** | Балыкчы ш |
| 6 | 19.04.2022/ апрель 2022 | PARTNER NEFT LTD | SOM | 79068 | 1000013 | 80,45 | 66000,86 | 66,0 | **66,0** | Балыкчы ш |
| 7 | 27.04.2022/ апр-май2022 | PARTNER NEFT | SOM | 82063 | 2999896 | 84,20 | 205492,88 | 68,5 | **68,5** | Балыкчы ш |
| 8 | 11.05.2022/ май-июль2022 | ШНОС | SOM | 81823,4 | 2999803 | 82,12 | 204886,54 | 68,3 | **68,3** | Балыкчы ш |

9-графада курсив менен сатып алуулардын абдан аз баалары бөлүп берилген (1-2-саптар), ал эми төмөн жагында абдан чоң баалар (3-8-саптар). Талдоо үчүн, сатып алуулар көлөмүн эске алуу менен, сатып алуулардын абдан аз жана абдан чоң бааларынын орточо көрсөткүчтөрүн алабыз.

Кыргыз Республикасындагы жабдуучулардан эмес (орточо баасы – литри 67,22 сом) Казакстан Республикасындагы жабдуучулардан 11 016,5 миң литр көлөмүндө сезон аралык дизель отунун сатып алууда (орточо баасы – литри 59,80 сом), 81 742,4 миң сомго аз каражаттар (11 016,5 *(литри 67,22 сом – литри 59,80 сом ) = 81 742,4) чыгымдалган.

Ошентип, Коом үчүн пайдалуу баада дизель отунунун корлорун өз учурунда камсыз кылууга багытталган, зарыл болгон башкаруу чечимдери өз убагында кабыл алынбагандыктан, Коомдун каражаттарынын чыгымдарынын жалпы **936 659,33 миң сомго** (512 911,2 + 342 005,73+ 81 742,4) көбөйүүсүнө алып келген.

2021-жылдын сентябрынан 2022-жылдын майына чейинки мезгил аралыгына карата бааларды салыштырып талдоо, 2021-жылдын декабрында – 2022-жылдын февралындагы "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кышкы дизель отунун сатып алуу наркы бир кыйла көбөйгөндүгүн көрсөткөн.

Алсак, 2021-жылдын декабрында 2021-жылдын ноябрына салыштырмалуу, ошол эле кышкы дизель отунунун бир литринин баасы 14 сомго (128,0%) көбөйгөн, анткени менен, Бишкек шаарында ошол эле мезгилде дизель отунунун баасы 5,6% кэ гана көбөйгөн. Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча, жогоруда көрсөтүлгөн мезгил аралыгына карата орточо керектөө баалары окшош көрсөткүчтөргө ээ.

| № | Мезгили | Дизель отунунун ай сайынкы орточо наркы сом/литр | | Отундун түрү |
|---|---|---|---|---|
| | | Бишкек шаары боюнча (салыкты төлөө менен) | "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы КНСтен жана акцизден бошотуу) | |
| 1 | Сентябрь 2021 | 50,80 | 47,14 | кышкы |
| 2 | Октябрь 2021 | 51,50 | 50,10 | кышкы |
| 3 | Ноябрь 2021 | 53,50 | 50,40 | кышкы |
| 4 | Декабрь 2021 | 56,50 | 64,45 | кышкы |
| 5 | Январь 2022 | 58,20 | 65,06 | кышкы |
| 6 | Февраль 2022 | 60,10 | 64,76 | кышкы |
| 7 | Март 2022 | 62,40 | 56,25 | сезон аралык/жайкы |
| 8 | Апрель 2022 | 62,80 | 57,85 | сезон аралык/жайкы |
| 9 | Май 2022 | 62,90 | 69,00 | сезон аралык/жайкы |

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, “Центерра Голд инк.” жана "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы ортосундагы кайрадан каралган Инвестициялык макулдашууга ылайык, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын дарегине дизель отунун жеткирүү, КНС (12%) жана акцизден (тоннасына 300 сом) бошотулган, бул болсо, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКына абдан төмөнкү баа менен дизель отунун сатып алууга мүмкүнчүлүк берет.

**Корутунду**

1. Коом үчүн пайдалуу баада дизель отунунун корлорун өз учурунда камсыз кылууга багытталган, зарыл болгон башкаруу чечимдери өз убагында

кабыл алынбагандыктан, чыгымдардын **936 659,33 миң сомго** көбөйүүсүнө алып келген.

2. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы ККМда жеткирүү мөөнөтүн бузгандыгы үчүн жабдуучуларга туумдарды (айып пулдарды) колдонгон эмес, жеткирүү келишим шарттарында айып пулдар жок деп.

**Сунуш**

1. Чыгымдардын **936 659,33 миң сомго** көбөйүүсүнө алып келген, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы үчүн пайдалуу баалар боюнча дизель отунун корлорун камсыздоого багытталган, отчётто белгиленген керектүү башкаруу чечимдерин өз убагында кабыл албоо фактысы каралсын.

2. Отчетто көрсөтүлгөн фактылар боюнча кызматтык териштирүүгүн жүргүзүү боюнча чаралар көрүлсүн.

3. Пайдалуу баа менен дизелдик отундун корлору менен "Кумтөр Голд Компани" ЖАКын өз убагында камсыздоо бөлүгүндө, керектүү башкаруу чечимдери кабыл алынсын.

4. Жабдуучулар менен келишим түзүүдө, ККМны жеткирүү мөөнөтүн бузгандыгы үчүн, туумдар (айып пулдар) каралсын.

**Аныкталды 36**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан 14.06.2021-жылы жалпы 2 312,0 миң АКШ доллары суммасында, тоннасы үчүн 578 АКШ доллары баасы менен, 4000,0 тонна жайкы дизель отунун жеткирүү жөнүндө ТОО “International Almaty” ортосунда №3 спецификацияга кол коюлган жана келишим түзүлгөн. Ал эми, 7 күндөн кийин 21.06.2021-жылы ушул эле компания менен, 4 375,0 миң АКШ доллары суммасында, тоннасы үчүн 625,0 АКШ доллары баасы менен, 7000 тонна жайкы дизель отунун жеткирүү жөнүндө ТОО “International Almaty” ортосунда №3 спецификацияга кол коюлган.

Демек, 329,0 миң АКШ доллары же 27 720,0 миң сомго көп каражаттар төлөнгөн жана сатылып алынган дизель отунунун баасы тоннасы үчүн (625-578) 47,0 АКШ долларында кымбатка турган.

Мында, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жетекчилигинде, 578,0 АКШ долларында белгиленген баа менен, керектүү көлөмдү (11 000,0 тонна) жеткирүү жөнүндө, ТОО “International Almaty” компаниясы менен специфкацияга кол коюу мүмкүнчүлүгү болгон.

Ошондой эле, ТОО “International Almaty” компаниясынын баалары тоннасы үчүн 625,0 АКШ долларына чейин жогорулатууда, 605,0 АКШ доллары боюнча ТОО “АККА-РК” сунушун каралбай калган. Бул болсо, тоннасы үчүн 20,0 АКШ долларындагы айырма менен, үнөмдөө 140,0 миң АКШ долларын түзмөк.

Жайкы дизель отуну менен жабдуучуларды тандоодо, 27.07.2021-жылы 11 жабдуучудан ( 8 – Кыргыз Республикасынын резиденттери жана 3 – Кыргыз Республикасынын резиденттери эместер) коммерциалык сунуштар берилген. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын комиссиясы тарабынан 28.07.21-жылы Кыргыз Республикасынын төмөндөгү резиденттеринин коммерциялык сунуштарын карабоо чечими кабыл алынган: “Альфа Ойл” ЖЧКсы (Red Petroleum) (тоннасына 734 АКШ доллары), “ЭлТрансГаз” ЖЧКсы (тоннасына 702 АКШ доллары), “Партнер Нефть” ЖЧКсы (тоннасына 630 АКШ доллары), “Шнос” ЖЧКсы (тоннасына 640 АКШ доллары), “Газпром нефть Азия” ЖЧКсы (тоннасына 620 АКШ доллары), себеби, Турксиб т/ж станциясына (мурда Луговое ст.) чейин жеткирүү шарты, “Кыргыз Республикасынын эки резидентинин ортосундагы келишимге карата колдонулбайт”.

Ошондой эле, тоннасын 630 АКШ долларын сунуш кылган ТОО “Орбис АЗС” (Казакстан) компаниясынан негизсиз баш тартылган, ТОО “International Almaty” (тоннасына 643 АКШ доллары - 6000,0 тонна) жана ТОО «АККА-РК» (тоннасына 645 АКШ доллары - 4000,0 тонна) компаниясы тандалган жана дизель отунун партиясы сатылып алынган.

Белгилей кетчү нерсе, Кыргыз Республикасынын эки резидентинин ортосундагы келишимдерге салык салуу маселеси боюнча, КР МСК 22.07.21-жылы, Кыргыз Республикасынын Салык кодекси Кыргыз Республикасынын эки резидентинин ортосундагы өз ара аркеттенишүүнүн ушул механизмин карай тургандыгы жөнүндө түшүндүрмө берген. Кыргыз Республикасынын резидентинен түшкөн коммерциялык сунуштарды кароо боюнча маселе оң жагына чечилген учурда, “Газпром нефть Азия” ЖЧКсынын тоннасына 620 АКШ долларындагы сунушу абдан оптималдуу болмок (айырмасы: тоннасына 23 долл. *6000,0 тонна = 138,0 миң АКШ доллары же 10971,0 миң сом жана 25*4000=100,0 же 7 950,0 миң сом; бардыгы 18 921 миң сом).

2021-жылдын 9-сентябрында "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы 2021-жылдын 27-сентябрында саат 17.00гө чейин документтерди кабыл алуу мөөнөтүн көрсөтүү менен, 10 000,0 тоннага чейин 2021-жылдын сентябрь-октябрына дизель отунун жеткирүү боюнча комерциялык сунуштарды кабыл алуу жөнүндө кулактандырууну жайгаштырган.

Мында, конкурстук комиссияны түзүү жөнүндө №KGK-21-174 буйрукка 2021-жылдын 6-октябрында гана кол коюлган, б.а. комиссияны түзүүнү негизсиз кечиктирүү жана келип түшкөн коммерциялык сунуштар жөнүндө чечимдерди кабыл алуу, бул болсо, абдан төмөнкү баа менен, дизель отунун сатып алууга терс жана түздөн түз таасирин тийгизген: ТОО “ТД АККА-РК” тарабынан 2021-жылдын 27-сентябрына карата тоннасы үчүн 720,0 АКШ доллары баасындагы сунуш берилген, ал эми бул кулактандыруу (2021-жылдын 14-октябрындагы №7 жана 2021-жылдын 20-октябрындагы №8 спецификациялар) боюнча ТОО “International Almaty” компаниясынан факты

жүзүндө сатып алуулар, тоннасы үчүн 748,0 АКШ долларын түзгөн, б.а. тоннасы үчүн 28,0 АКШ долларына кымбат, же 12 000 тонна көлөм үчүн 336,0 миң АКШ долларынан ашык каражаттар чыгымдалган же 28 492,8 миң сомго (КРУБдун курсу боюнча).

Мындан сырткары, 27.09.2021-жылга карата тоннасына 715 АКШ долларында "Альфа Ойл" (Red Petroleum) ЖЧКсынан болгон жана ушундай эле сунуш «Collins Corporation» компаниясынан тоннасына 715 АКШ долларында болгон.

2021-жылдын 4-ноябрында жеткирүү тутумдарынын башкармалыгынын директору тарабынан, жалпы 4 788,0 миң АКШ доллары суммасында тоннасы үчүн 798,0 АКШ доллары баасы менен, 6 000 тонна кышкы дизель отунунун жеткирүү боюнча ТОО «АККА-РК» менен №3 спецификацияга кол коюлган. Бирок, көрсөтүлгөн келишим, убактылуу сырттан башкаруучу тарабынан 2021-жылдын 22-декабрында гана жактырылган жана 6 000 тонна дизель отуну үчүн төлөм 2021-жылдын 23-декабрында 4 788,0 миң АКШ доллары суммасында жүргүзүлгөн. Бул болсо, өткөн кыштагы дизель отунунун сапаттуу алгылыктуу баасы боюнча тартыштык менен жагдайга таасирин тийгизген.

Мында, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жетекчилиги, активдерди натыйжалуу тескөө бөлүгүндө "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызыкчылыгын коргобостон, 2021-жылдын 22-декабрындагы №3 спецификация боюнча ТОО "АККА-РК" тарабынан милдеттенмелердин аткарылышын талап кылбастан, 2022-жылдын 18-январындагы спецификацияга өзгөртүүлөрдү киргизген, анын баасы 97,0 АКШ долларына чейин көбөйтүлгөн, б.а. бул көлөмгө 582,0 миң АКШ долларынан ашык каражаттар чыгымдалган, бул болсо, КРУБ курсу боюнча 49 347,8 миң сомду түзөт.

Мындан сырткары, 2021-жылдын 9-декабрында "Кумтөр Голд Компани" ЖАКында Patera Holding PTE LTD фирмасынан тоннасы 810 АКШ доллар баасында 5 000,0 тонна ДТ-З-К5 кышкы дизель отунун жеткирүү боюнча сунуш болгон, бирок, 10-декабрда 3 365,1 миң АКШ доллары суммасында тоннасы 835 доллар баасында 4 030,0 тонна ДТ-З-К5 кышкы дизель отунун жеткирүү боюнча ТОО PROFIT AZIA, Казакстан фирмасы менен спецификацияга кол коюлган (айырма тоннасына 25 долл.*4030,0 тонна = 100,8 миң доллар же 8 009,6 миң сом).

ТОО "Аполло Ресурсес" компаниясы тарабынан, 2022-жылдын мартынан ушул кезге чейин, 496 203,7 миң Россия рубли суммасында (2022-жылдын 24-майындагы №1 спецификация жана 2022-жылдын 28-мартындагы №2 спецификация), алдын ала төлөнгөн 7 042 тонна дизель отунун ичинен, 5 353,2 тонна гана жеткирилген жана 118 084,7 миң рубль суммасындагы 1 691,9 тонна жеткириле элек (жеткирүү мөөнөтү – 2022-жылдын март-апрели).

Бул факт боюнча "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан каражаттарды кайтаруу же дизелдик отунду жеткирүү боюнча тиешелүү

чаралар көрүлгөн эмес. Ошондой эле, келишим түзүүдө, алдын ала төлөө жана жеткирүү көлөмү боюнча шарттар бөлүгүндө, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы бул компаниядан мурда сатып алуулар жүргүзүлбөгөндүгү эске алган эмес, ошондой эле, компаниянын ишенимдүүлүгү, кадыр-баркы жана функционалы изилденген эмес, бул болсо, жогоруда көрсөтүлгөн таасирлерди болтурбай коюуга мүмкүндүк бермек.

Рационалдуу эмес кабыл алынган башкаруу чечимдеринин дагы бир мисалы катары, тоннасы үчүн (83,52 сом/литр), 1 100,0 доллар суммасындагы жогорку баа менен, 2 300,0 тонна кышкы дизель отунунун MIDAS OIL TRADING DMCC, UNITED ARAB EMIRATES фирмасынан 2022-жылдын майында жеткирүү, ошондой эле 2 490,0 миң АКШ доллары суммасында 100% алдын ала төлөө шарты менен сатып алуу фактысы болгон.

2021-жылдын декабрында жана 2022-жылдын январында дизель отунун керектүү өлчөмдө тезинен камсыз кылуу үчүн, бааларга мониторинг жүргүзүлбөстөн жана жабдуучулардын коммерциялык сунуштарын талап кылбастан, жергиликтүү нефтетрейдерлерден дизель отуну: “Сатра Интернэшнл Холдингс” ЖЧКсы, “Партнер Нефть” ЖЧКсы, “Шнос” ЖЧКсы, “Альфа Ойл” ЖЧКсы жана чет элдик “Сумато”, “Позитив-Стрим” жана “Патера-Холдинг” компаниялардан литрине 75, 0 сомго чейин 62,5 сомдон жогорку баада сатылып алынган.

Жабдуу процессин башкарууда орун алган көйгөйлөр, жабдуу бөлүмүнөн бир катар 2021-жылдын декабрындагы бошонуу фактылары күбөлөндүрөт: жабдуу боюнча директор (чет элдик адис), жабдуу жана КММны сатып алуу боюнча менеджер.

**Корутунду**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан башкаруу чечимдерин рационалдуу кабыл алуу, жабдуучулар тарабынан келишим милдеттеринин аткарылышын контролдоо, каражаттарды кайтаруу боюнча иштиктүү чараларды кабыл алуу, же коомдун активдерин натыйжасыз тескөө жыйынтыгында, карызкорлор тарабынан дизель отунун толук жеткирбөө бөлүгүндө, сатып алууларды жүргүзүүдө жеткире иштелбегендикке жана карама-каршылыкка жол берилген.

**Сунуш**

1. Алардын ишенимдүүлүгүн, кадыр-баркын жана функционалдыгын изилдөө менен, жабдуучулардын курамын, сезондуулугун, бааларга мониторинг жүргүзүүнү, сатып алууларды өз учурунда жана сапаттуу пландоо камсыздалсын.

2. Рационалдуу эмес башкаруу чечимдерин кабыл алуу тобокелдиги алынсын, жабдуучулар тарабынан келишим милдеттенмелеринин аткарылышын талаптагыдай контролдоо камсыздалсын, дебитордук карызды азайтуу боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

3. 54 650,0 миң сом суммасындагы коомдун активдерин натыйжасыз тескөөгө алып келген, сатып алууларды жүргүзүүдө, отчетто көрсөтүлгөн жеткире иштелбегендик жана карама-каршылык боюнча кызматтык териштирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды 37**

2022-жылдын январь-февралында Кумтөр кенинде сапатсыз дизель отунун жеткирүүнүн натыйжасында, экскаваторлордун жана самосвалдардын иши үзгүлтүккө учураган.

Техникалык тейлөө бөлүмүнүн жумушчуларынын маалыматтарына ылайык, төмөндөгү техникаларды бирдигине токтоп калуу саатынын наркы төмөндөгүлөрдү түзгөн: экскаватор Hitachi - 385,0 АКШ доллары; экскаватор Liebherr - 360,0 АКШ доллары; самосвал Caterpillar 785 - 165,0 АКШ доллары; самосвал Caterpillar 789 - 140,0 АКШ доллары.

Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин алдындагы Стандартташтыруу жана метрология борборунун БЦИСМ нефтепродуктыларды сыноо лабораториясы тарабынан аныкталган – жабдуучу фирмалар PROFIT AZIA, Казакстан (мындан ары - «Профит Азия"), фирма SUMATO INTERNATIONAL DMCC, UNITED ARAB EMIRATES (мындан ары – “Сумато”), фирма KAZAKHSTAN POZITIV STREAM LLP (мындан ары - “Позитив-Стрим”) жана SATRA INTERNATIONAL HOLDINGS LLC, Кыргызстан (мындан ары – “Сатра”) тарабынан жеткирилген кышкы дизель отуну ДТ-З-К5, класс стандарттарына жооп бербегендиги боюнча 14.01.22-жылдагы №№ 13-15, 02.02.22-жылдагы №№42-43, 03.02.22-жылдагы №№ 45-46 протоколдор, анткени, чайыр концентрациясынын ашырылгандыгы белгиленген: ченем боюнча - 100 куб.см отунга 30 мг.дан ашык эмес, факты жүзүндөгү мааниси 100 куб.см отунга 56-62 мг, б.а. ченем 1,5-2 эсе ашырылган.

Ошондой эле, “Позитив-Стрим”) жана "Профит Азия" жеткирген дизель отуну, “күңүрттөө температурасы” көрсөткүчү боюнча сыноого туруштук бербегендиги (мүмкүн болуучу минус 25Сдан ашырбоо ордуна, факты жүзүндөгү маани минус 13С.ка барабар болгон) белгиленген.

***Лабораториялык сыноодон өткөн, жогоруда көрсөтүлгөн жабдуучулардын дизель отунунун партияларынын цистерналарынан пробаларды тандоо боюнча маалыматтар***

| **№** | **Жабдуучунун аталышы** | **Жеткирүү датасы** | **Саны,** литр | **Сыноо датасы** | **№ цистернадан проба** | **ДТ-З-К5 (кышкы)** туура келиши БЦИСМ маалыматтары боюнча |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | “Сумато” | 10-11.01.22 | 3 642 954 | 13.01.22 | №51371987 | жок |
| 2 | “Профит Азия” | 5-10.01.22 | 3 264 079 | 06.01.22<br>06.01.22<br>13.01.22 | №51372092<br>№51401305<br>№51524551 | жок<br>жок<br>жок |
| | | 5-7.02.22 | 1 552 825 | не пров. | | |
| 3 | “”Позитив Стрим” | 7.01.22 | 1 211 524 | не пров. | | |
| | | 30.01.22 | 1 365 425 | 31.0- 1.02. 2022 | №75045526<br>№75162453 | жок<br>жок |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 5.02.22 | 1 034 855 | не пров. | | |
| | | 4.03.22 | 975 830 | не пров. | | |
| | | 7.03.22 | 1 485 822 | не пров. | | |

Кендин жооптуу кызматкерлери тарабынан, бул кырдаалдан чыгуу үчүн, АККА фирмасынын абдан сапаттуу дизель отуну менен, жабдуучу "Профит Азиянын" дизель отунун аралаштыруу (1:2 пропорцияда) жүргүзүлгөн же 5% керосин кошулган. Дизель отунунун катуу суукка туруктуулугун жогорулатуу үчүн, 30,0 тонна керосин сатылып алынган. Бул болсо, 24 135 АКШ доллары же 2 046,7 миң сом суммасындагы каражаттардын кошумча чыгымдарына алып келген.

**Корутунду**

1. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин алдындагы Стандартташтыруу жана метрология борборунун БЦИСМ нефтепродуктыларды сыноо лабораториясынын протоколдору менен тастыкталган, дизель отунунун сапаттык мүнздөмөлөрү туура келбегендигине карабастан, алар "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын Балыкчы перевал базасынан кенге жеткирилген жана колдонууга кабыл алынган, анын натыйжасында, экскаваторлордун жана самосвалдардын иши үзгүлтүккө учураган.
2. Пайда болгон кырдаалдан чыгуу үчүн, АККА фирмасынын абдан сапаттуу дизель отуну менен, жабдуучу "Профит Азиянын" дизель отунун аралаштыруу (1:2 пропорцияда) жүргүзүлгөн же 5% керосин кошулган.
3. Дизель отунунун катуу суукка туруктуулугун жогорулатуу үчүн, 30,0 тонна керосин сатылып алынган. Бул болсо, 24 135 АКШ доллары же 2 046,7 миң сом суммасындагы каражаттардын кошумча чыгымдарына алып келген.
4. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы техника токтоп турган сааттарды (өзгөчө карьердик) белгилеген эмес жана финансылык жоготуу бааланган, кендин администрациясы тарабынан, кызматтагы күнөөлүү адамдарды жоопкерчиликке тартуу жана жабдуучуларга карата доо берүү боюнча чаралар көрүлгөн эмес.

**Сунуш**

**1.** 24 135 АКШ доллары же 2 046,7 миң сом суммасындагы каражаттардын кошумча чыгымдарына алып келген, сапатсыз дизель отунун жеткирүү боюнча келишим түзүүгө жол берген "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматтагы адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**2.** Финансылык жоготууну баалоо жана жабдуучуларга доо коюу чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды 38**

Анын чегинен сырткары чыгарылбаган (карьердик самосвалдар, экскаваторлор, погрузчиктер, бульдозеры ж.б.у.с.), кенде колдонулган техника жана автотранспорт каражаттары боюнча дизель отунун керектөө,

техникалардын заводдук паспортторунда көрсөтүлгөн ченемден ашырылган эмес.

Ошол эле учурда, дизель отунун керектөөнү пландоодо, бир кыйла айырмалар орун алган: HOUL TRUCK 777B (план – саатына 75 литр, факты жүзүндө чыгым – саатына 14 литр), HOUL TRUCK 789D (план - саатына 82 литр, факт – саатына 118 литр) LOADER CAT (план - саатына 9 литр, факт – саатына 27 литр) ж.б.у.с.

Белгилей кетчү нерсе, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан техниканы пайдалануу шарттарын эске алган, техникалардын жана авто транспорт каражаттарынын түрлөрү (өзгөчө жылдын кыш мезгилинде, бийик тоолуу жерлерде автотранспорттун иши, кооптуу жүктөрдү ташуу, колоннада же коштоодо жүрүү) боюнча дизель отунун чыгымдоо ченемдери негизсиз жана бекитилген эмес, ага ылайык, аны керектөөнү жана эсептен чыгарууну контролдоо керек.

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы № 366 автомобиль транспортуна майлоочу материалдардын жана отун чыгымдарынын линейлик чыгымдарын пайдалануу жөнүндө буйругу менен бекитилген, отунду керектөөнү эсептөө методикасы колдонууга кабыл алынган эмес.

Жүк, жүргүнчүлөрдү ташуу авто транспорт каражаттары (чиркегичти сүйрөөчү, вахтовка, пикаптар ж.б.у.с.) боюнча дизель отунунун факты жүзүндө керектелишин жана отун чыгымы боюнча паспорттук маалыматтарды талдоодо, ашыруу аныкталган.

| | **АТС аталышы** | **АТС саны** | **Отундун чыгымы, л/100 км** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **Заводдун паспорту боюнча** | **ТО эсеби боюнча (аудиттин жүрүшүндө)** | **Факты жүзүндө орточо керектөө** | **Ашыкча чыгымдоо, салыштыруу фактысы** | |
| | | | | | | **Паспорт менен** | **Эсеп менен** |
| 1 | **2** | **3** | **4** | **5** | **6** | **7** | **8** |
| | ***Вахтовкалар*** | | | | | | |
| 1 | Камаз 43114 | 21 | 29,6 | 49 | 55,90 | 26,3 | 6,9 |
| | ***Чиркегичти сүйрөөчү*** | | | | | | |
| 2 | Мак MP8 / RB | 32 | 39 | 71,7 | 70,6 | 31,6 | - |
| 2 | Мак CV713 | 12 | 45 | 71,7 | 65,3 | 20,3 | - |
| 3 | КАМАЗ 6460-26001 | 2 | 25,8 | 60 | 78,0 | 52,2 | 18,0 |
| | ***Жеңил транспорт*** | | | | | | |
| 4 | Форд F350 | 8 | 22,1 | 42 | 51,6 | 29,5 | 9,6 |
| 5 | Тойота Land Cruiser4x4 pick up | 45 | 10,5 | 20 | 26,7 | 16,2 | 6,7 |
| 6 | Тойота Hilux | 35 | 12,9 | 23 | 18,3 | 5,4 | - |
| 7 | ФордВен E350XL | 3 | 19,6 | 37,2 | 29,4 | 9,8 | - |
| 8 | Тойота Hilux | 11 | 13 | 24,7 | 24,9 | 11,9 | 0,2 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 9 | УАЗ Patriot | 48 | 14,3 | 27 | 28,7 | 14,4 | 1,7 |

Техниканын айрым түрлөрү боюнча дизель отунунун чыгымдарын контролдук өлчөө жана Транспорт жана коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы № 366 буйругу менен бекитилген, отун чыгымдарынын линейлик ченемдерин пайдалануу боюнча методиканын негизинде, кендин техникалык тейлөө бөлүмүнүн кызматкерлери тарабынан техниканы пайдалануу шарттарын эске алуу менен, дизель отунунун чыгымдар ченемдери боюнча эсептөөлөр жүргүзүлгөн (жогоруда келтирилген таблицанын 5-графасы).

Ошону менен бирге, бул эсептөөлөр, күйүүчү-майлоочу материалдарды эсептен чыгаруу жана керектөө ченемдери н негиздөө жана контролдоо үчүн, белгиленген тартипте бекитүү менен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жетекчилиги тарабынан жеткире иштелип чыгууга жана каралууга тийиш.

**Корутунду**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан техниканы пайдалануу шарттарын эске алган, техникалардын жана авто транспорт каражаттарынын түрлөрү (өзгөчө жылдын кыш мезгилинде, бийик тоолуу жерлерде автотранспорттун иши, кооптуу жүктөрдү ташуу, колоннада же коштоодо жүрүү) боюнча дизель отунун чыгымдоо ченемдери негизсиз жана бекитилген эмес, ага ылайык, аны керектөөнү жана эсептен чыгарууну контролдоо керек.
2. Ошондой эле, Транспорт жана коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы № 366 буйругу менен бекитилген, отун чыгымдарынын линейлик ченемдерин пайдалануу боюнча методикасы колдонууга кабыл алынган эмес.
3. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын дизель отунун жана башка күйүүчү-майлоочу материалдарын эсептен чыгаруу, күйүүчү-майлоочу материалдарды керектөө жана эсептен чыгаруу ченемдерин контролдобостон жана талдоо жүргүзүлбөстөн туруп, факты жүзүндөгү керектөө саны боюнча жүргүзүлөт.

**Сунуш**

**1.** Транспорт жана коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы № 366 буйругу менен бекитилген, отун чыгымдарынын линейлик ченемдерин пайдалануу боюнча методикасын колдонуу менен, техниканы пайдалануу шарттарын эске алып, дизель отунун чыгымдарын иштеп чыгуу жана бекитүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды 39**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКында атайын "өндүрүштүк аспаптар" менен бекитилген, ар бир ай аяктаганда эсеп жана факты жүзүндөгү калдыктар боюнча дизель отунунун көлөмдөрүнүн ортосундагы айырманы эсептен чыгаруу тартиби белгиленген. Ар бир айдын акыркы күнү, Эллипс (Манас) тутумундагы маалыматтар жана нефти продуктынын калдыктарынын ортосундагы айырма

эсептелип чыгат, бул айырма Кумтөр кени боюнча жалпы керектөөдөн пайыздык катышка ылайык, бөлүмдөрдүн чыгымдар ортосунда бөлүштүрүлөт.

2021-жылдын июлунан 2022-жылдын июлуна чейинки мезгил аралыгында, кенге жөнөтүлгөн 138 327,4 миң литр дизель отунун жалпы көлөмүнө карата, өндүрүлгөн кендин өздүк наркына кирген 852,8 миң АКШ доллары наркындагы 1 240,4 миң литрге (жалпы көлөмдөн 0,9%) оңдоо жүргүзүлгөн.

Мында, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКында температураны өлчөөдө дизель отунунун көлөмүндөгү өзгөрүүлөрдү эске алган, бекитилген методика (тартип) жок жана ал өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.08.2013-жылдагы № 446 токтому менен бекитилген, “Мунайзаттарды кабыл алууда, сактоодо, сатууда жана ташууда табигый азаюунун ченемдерин колдонуу тартибин” жетекчиликке албайт. Анын натыйжасында, аудит тарабынан бул сандагы дизель отунун эсептен чыгаруунун укуктуулугун аныктоо мүмкүн болгон жок.

**Корутунду**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКында температураны өлчөөдө дизель отунунун көлөмүндөгү өзгөрүүлөрдү эске алган, бекитилген методика (тартип) иштелип чыккан эмес, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.08.2013-жылдагы № 446 токтому менен бекитилген, “Мунайзаттарды кабыл алууда, сактоодо, сатууда жана ташууда табигый азаюунун ченемдерин колдонуу тартибин жетекчиликке албайт.

2. Ар бир айдын акырында эсеп жана факты жүзүндөгү дизель отунунун көлөмүнүн ортосундагы айырма, чыгымдарга эсептен чыгарылат жана Коомдун кирешесине таасирин тийгизген, уратылган кендин өздүк наркына кирет.

**Сунуш**

**1.** Температураны өлчөөдө, дизель отунунун көлөмүн зайтуну негиздеген методика же тартип иштелип чыксын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.08.2013-жылдагы № 446 токтому менен бекитилген, “Мунайзаттарды кабыл алууда, сактоодо, сатууда жана ташууда табигый азаюунун ченемдерин колдонуу тартиби жетекчиликке алынсын.

**Аныкталды 40**

Кумтөр кенинде айына иштетилген орточо 132 тн күйүүчү май топтолот. 2021-жылдын июнунан 2022-жылдын 5-октябрына чейин 1 349,8 тоннасы сатылган.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы 31.05.17-жылы кг. үчүн 3,75 сом абдан төмөнкү баа менен, иштетилген майларды сатуу боюнча “Ника КГ” ЖЧКсы менен №С-5550 контрактты түзгөн, ал боюнча 738 500 кг берилген, анын ичинен, аудит мезгилинде (2021-жылдын 17-июнунан 25-июнуна чейин) - 184 420 кг.

2021-жылдын сентябрынан тартып, иштетилген майларды сатып алуучу башка фирмаларга литри 22 сомдон 25 сомго чейин көбөйтүлгөндүгүн эске алуу менен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын колдон чыгарылган пайдасы 3 918,9 миң сомду түзгөн (25 сом/кг - 3,75 сом/кг = 21,25 сом/кг * 184 420).

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан «Ника КГ» ЖЧКсы менен бир тараптуу тартипте контрактты бузуу жөнүндө 31.07.21-жылы № 01-5/6738 PR билдирүү жөнөтүлгөн жана "НПЗ Сафар МКЗ" ЖЧКсы (№ С-7472), "Триумф клуб" ЖЧКсы (№С-7471) жана "Гринтек Ойл" ЖЧКсы (С-7473) менен келишимдер түзүлгөн.

"Ника КГ" ЖЧКсы менен келишимди бузуу үчүн негиз болуп, төмөндөгүлөр эсептелген:

- 23.06.2021-жылы Т. Сарпашевдин менен бириккен компания катары, "Ника КГ" ЖЧКсы менен макулдашууну бузуу өтүнүчү менен, УКМКнын №15/8323 каты;

- Кыргыз Республикасынын Экология жана климат боюнча мамлекеттик комитетинин 01.07.21-жылдагы №01-1/77 каты, анда "Ника КГ" ЖЧКсынын иштетилген майды кайрадан иштеп чыгуу боюнча өндүрүшү жоктугу жөнүндө маалыматты "Кумтөр Голд Компани" ЖАКына берген. Бул болсо, Кыргыз Республикасынын жаратылышты коргоо мыйзамынын талаптарын бузуу болуп эсептелет. б.а "Ника КГ" ЖЧКсы калдыктарды кайрадан сатуу ишин жүргүзгөн ортомчу компания болуп эсептелет деп жазылган.

Муну эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Экология жана климат боюнча мамлекеттик комитети Баткен областына колдоо көрсөтүү алкагында, иштетилген майларды кайрадан иштеп чыгуу боюнча өндүрүшү бар, "НПЗ Сафар МКЗ" (Баткен) ЖЧКсына кайрдан иштеп чыгууга иштетилген майларды 31.12.2021-жылга чейин алты айлык мөөнөт менен берүүнү максатка ылайыктуу деп эсептейт.

"НПЗ Сафар МКЗ" ЖЧКсына 08.08.21-жылы жалпы 1 177,6 миң сом суммасында литри 22 сомдон 53 527 литр иштетилген майды сатуу жүргүзүлгөн, бирок сатып алуучу тарабынан ушул кезге чейин төлөм жүргүзүлгөн эмес. Мөөнөтү өткөн 389 күндү эске алуу менен, 31.07.21-жылдагы № С-7472 келишимдин 7.3-пунктуна ылайык, ар бир мөөнөтү өткөн күн үчүн 0,1% туумду эсептөө менен, "НПЗ Сафар МКЗ" ЖЧКсынын жалпы карызы 07.10.2022-жылга карата 1 635,6 миң сомду түзгөн (туум – 458,1 миң сом).

Ушундай эле, иштетилген май үчүн өз учурунда төлөө боюнча келишим шарттарын (эсеп берилген күндөн тартып 10 күн ичинде) бузуу менен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын башка өнөктөштөрү товар үчүн төлөшпөйт жана аларга туум эсептелбейт.

Алсак, 2022-жылдын 7-октябрындагы абал боюнча "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын өнөктөштөрүнүн иштетилген май үчүн жалпы карызы 10 669,5 миң сомду түзгөн жана келишимдин 7.3-пунктуна ылайык, Коом

тарабынан мөөнөтү өткөн 2767 күн үчүн, 2 403,73 миң сом суммасындагы туум эсептелген эмес.

| № | Жабдуучунун аталышы | Өлчөө бирдиги | Тонна саны | Баасы (сом) | Суммасы (миң сом) | Төлөнгөн (миң сом) | Мөөнөтү өткөн күндүн саны | Туум (*0,1%* эсепте л-ген) (миң сом) | Негизги карыз +туум (миң сом) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | "Ника КГ" ЖЧКсы, УТБ киргизгенге чейин | кг | 554,1 | 3,75 | 2 077,9 | 2 077,8 | - | - | - |
| 2 | "Ника КГ" ЖЧКсы, УТБ киргизилгенден кийин | кг | 184,4 | 3,75 | 691,5 | 697,8 | 91 | 21,11 | 14,85 |
| 3 | "НПЗСафар МКЗ" ЖЧКсы | литр | 53,5 | 22 | 1 177,6 | - | 389 | 458,08 | 1 635,65 |
| 4 | "Триумф клуб" ЖЧКсы | литр | 30,6 | 22 | 673,2 | 673,22 | 4 | 2,69 | 2,69 |
| 5 | "Гринтег Ойл" ЖЧКсы | литр | 30,6 | 22 | 674,0 | 590,48 | 389 | 65,40 | 148,92 |
| 6 | "Гринтег Ойл" ЖЧКсы | кг | 183,7 | 25 | 4 593,0 | 3 054,98 | 515 | 1 012,81 | 2 550,84 |
| 7 | "Кант-Пром-Ойл" ЖЧКсы | кг | 47,0 | 22 | 1033,6 | 900,0 | | | |
| 8 | "Профи Ойл" ЖЧКсы *9.08.22-ж. "Кант-Пром-Ойлдын" милдеттенмесин алган* | кг | 453,2 | 22 | 9 666,6 | 4 200,00 | 1378 | 849,20 | 6 315,82 |
| 9 | ЖИ Касиев | | 180,9 | 22 | 3 798,1 | 3 798,06 | 1 | 0,69 | 0,69 |
| | **БАРДЫГЫ** | | **1718** | | **24 385,5** | **15992,34** | **2767** | **2 403,73** | **10 669,46** |

**Корутунду**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы иштетилген майды сатууну оптималдоо, төлөө мөөнөтүн өткөргөндүгү үчүн туумду эсептөө жана дебитордук карызды кайтаруу боюнча иштерди жүргүзбөйт.

**Сунуш**

1. Иштетилген майды сатууну оптималдоо, төлөө мөөнөтүн өткөргөндүгү үчүн туумду эсептөө (2 403,7+10669,5=13073,2 миң сом) жана дебитордук карызды кайтаруу боюнча иштерди жүргүзсүн.

**Аныкталды 41** (көмөкчү технологиялык жабдуу менен, эки мунара тегирменин орнотуу боюнча долбоор)

Учурда, Кумтөрдүн ААФсында флотация калдыктарынан алтынды алууну жакшыртуу үчүн, комбинаттын колдонуудагы технологиялык процессин модернизациялоо жүргүзүлүүдө. Бул иш, майдалоо үчүн эки кошумча резервуарларды орнотуу жана флотациялык таштандылардын линиясына көмөкчү технологиялык жабдуу менен, эки мунара тегирменин орнотуу болжолдонууда.

Бул долбоор 2020-жылы башталган жана “Ниппон Айрих” япон фирмасы менен жеткирүү келишими түзүлгөн. 6 483,0 миң АКШ доллары же 515,4 млн сом наркындагы жабдуу, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кампасына 2022-жылдын февралында келип түшкөн. Мунара тегирмендерин ишке киргизүү 2022-жылдын декабрына пландалган, анын натыйжасында, мунара тегирмендерин орнотуу процесси 10 айга созулат, бул болсо, ишкананын кирешелеринин белгилүү бир жоготууларына алып келет.

Технологиялык процесстердин өзгөрүүсүнө байланыштуу, 2022-жылы мунара тегирмендеринин иштөө схемасын карап чыгуу чечими кабыл алынган. Бул үчүн учурда, “Ниппон Айрих” фирмасы менен келишим түзүлгөн жана металлургиялык изилдөөлөр үчүн Австралия лабораториясына жөнөтүүгө пробалар даярдалууда. Анткени, мунара тегирмендерин флотация калдыктарын майдалоо үчүн эмес, флотация концентратын майдалоо үчүн колдонуу пландалган. Флотация концентратын майдалоо циклинин жардамы менен, P99=20 микрон концентратын майдалоого жетүү пландалууда.

Долбоорду ишке ашыруудан күтүлгөн киреше, “Ниппон Айрихтин” изилдөөлөрү аяктагандан кийин так эсептелет.

**Корутунду**

1. Таштандыларды майдалоо үчүн, “Ниппон Айрих” япон фирмасынын көмөкчү технологиялык жабдуусу менен, эки мунара тегирмени "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кампасына 2022-жылдын февралында келип түшкөн. Аларды ишке киргизүү 2022-жылдын декабрына пландалган. Мунара тегирмендерин орнотуу процессин кечиктирүү 10 айга созулат, бул болсо, ишкананын кирешелеринин белгилүү бир жоготууларына алып келет. Долбоорду ишке ашыруудан күтүлгөн киреше, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарбынан так эсептелген эмес.

**Сунуш**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы майдалоо үчүн эки кошумча резервуарларды орнотуу жана флотациялык таштандылардын линиясына көмөкчү технологиялык жабдуу (2022-жылдын февралынан бери "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кампасында турат) менен, эки мунара тегирменин орнотуу боюнча долбоорду ишке ашырууну тездетсин.

**Аныкталды 42** (гидравликалык шлангдар - жогорку басымдагы түтүктөрдүн (ЖБТ) боюнча долбоор)

Жабдууларды пайдаланууда гидравликалык шлангдар - жогорку басымдагы түтүктөрдүн (ЖБТ) эскирүүсү, үзүлгөндө, май жана антифриздин жогорулатылган чыгымдарында алардын токтоп калышына алып келет. Буга көптөгөн факторлор таасирин тийгизет: алар кампада жок учурунда ЖБТны өз учурунда алмаштырбагандык, максималдуу күч келүү режиминдеги иштен улам тез эскирүү, “бурулуштарда” иштөө, катаал климаттык шарттар ж.б.у.с.

Буга байланыштуу, жогорку техникалык даярдык үчүн, пандемияны, логистика менен көйгөйдү жана жеткирүүнүн узак мөөнөттөрүн эске алуу менен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы “Machinery Intertrade Ltd” компаниясынан (“Борусан” фирмасынын туунуду компаниясы), ЖБТ запаска сатылып алынган, алар туруп калуу тобокелдигин жана май жана антифриздин кошумча чыгымдарын азайтуу үчүн, кампада сакталып турган.

Бул, Machinery Intertrade Ltd” компаниясы (мындан ары - “Борусан”) менен келишимдин “Шлангдар боюнча операциялар” бөлүмүнүн 3.11-пунктуна ылайык келген эмес, ал жерде, жабдуучу “Катерпиллер” өндүрүүчү компаниянын жол-жоболоруна ылайык даярдоого милдеттенген, б.а. алар кайсы гана учурда болбосун керектүү шлангды даярдашы керек, ал үчүн алар, шлангдардын, фитингдердин кеңири ассортиментин жана ар кандай моделдеги жана өлчөмдөгү муфтарды кампада кармап турушу керек.

Сырткы башкаруу киргизилген учурдан тартып, ЖБТны негизги жабдуучу жана аларды комплектөөчү “Machinery Intertrade Ltd” компаниясы, Кумтөр кениндеги Борусандын консигнациялык кампасына аларды жеткирүүнү токтоткон. Жеткирүү үзгүлтүккө учурагандыгына байланыштуу, тоо жабдууларын оңдоо боюнча кыйынчылыктар пайда болгон, бул болсо, бурулуштарда алардын токтоп алышына, май жана антифриздин жогорулатылган чыгымдарына алып келген.

Бул абалдан чыгуу үчүн, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы 2021-жылдын 4-кварталынан тартып, төмөндөгүдөй чараларды көргөн: Борусандын консигнациялык кампасындагы запастардын деңгээлинин азайышы менен, түз сатып алуу жана толук төлөө менен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын өзүнүн кампасында (Кумтөрдүн кампасы) запастарды түзгөн.

Бул болсо, акырындап Кумтөр кенинде ЖБТнын санын жана нарыкн көбөйтүүгө, ошондой эле, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын каражаттарын тартууга жа “тоңдурууга” алып келген.

2021-жылдын ноябрына карата "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кампасындагы ЖБТнын жана Борусандын консигнациялык кампасындагы калдыктардын суммасы 2 170,8 АКШ долларын түзгөн, ал эми 2022-жылдын августуна карата 3 836,4 миң АКШ долларына чейин көбөйгөн.

Мындан сырткары, сакталып турган ЖБТнын айрым түрлөрү узак убакыт бою талап кылынган эмес же таптакыр колдонулган эмес. Алсак, Борусандын кампасындагы ЖБТнын 272,1 миң АКШ долларындагы калдыктарынан, 2 жыл

аралыгында: - 197,4 миң АКШ доллары (72,5%), 3-жыл - 25,3 миң АКШ доллары, 4-жыл жана андан көп – 23,1 миң АКШ доллары (8,5%) керектелген, 26,2 миң АКШ доллары (9,6%) керектелген эмес.

Бул жагдайды оңдоо үчүн, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы 17.02.2022-жылы ал, өзүнүн консигнациялык кампасын түзүү менен, кенге ЖБТны даярдоо жана жеткирүү милдетин толук ала турган "АДМ Машинери" (Казакстан) компаниясы менен келишим түзгөн, даярдалган шлангдар үчүн төлөм, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы берген факты жүзүндө боюнча жүргүзүлөт. Бул, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы үчүн пайдалуу, анткени, ЖБТ корлоруна алынган каражаттар бошотулат (3 836,43 миң АКШ доллары – тоңдурулган).

Ошону менен бирге, "АДМ Машинери" (Казакстан) компаниясы менен келишим түзүлгөндүгүнө карабастан, бул компания тарабынан жеткирүүнү уюштуруунун начардыгынан улам, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы ЖБТны түз сатып алууну уланткан. Бул болсо, 17.02.2022-жылдан тартып 1 247,5 миң АКШ долларында жүргүзүлгөн чыгымдар жөнүндө күбөлөндүрөт.

**Корутунду**

**1.** 2021-жылдын ноябрына карата "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кампасындагы ЖБТнын жана Борусандын консигнациялык кампасындагы калдыктардын суммасы 2 170,8 АКШ долларын түзгөн, ал эми 2022-жылдын августуна карата 3 836,4 миң АКШ долларына чейин көбөйгөн.

**2.** Кенге ЖБТны даярдоо жана жеткирүү жана аларды берүү фактысы боюнча төлөө менен,"АДМ Машинери" (Казакстан) компаниясы менен түзүлгөн келишим, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы үчүн экономикалык жактан пайдалуу, анткени, ЖБТ корлоруна алынган каражаттар бошотулат.

**3.** "АДМ Машинери" (Казакстан) компаниясы менен келишим түзүлгөндүгүнө карабастан, бул компания тарабынан жеткирүүнү уюштуруунун начардыгынан улам, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы ЖБТны түз сатып алууну уланткан. Бул болсо, 17.02.2022-жылдан тартып 1 247,5 миң АКШ долларында жүргүзүлгөн чыгымдар жөнүндө күбөлөндүрөт (учурда бул багытка 3 836,4 миң АКШ доллары тартылган жана "тоңдурулган").

**Сунуш**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы подрядчы тарабынан гидрошлангдар – ЖБТнын консигнациялык кампасын уюштурууну жана ЖБТны түз сатып алууну кыскартуу жана Коомдун "тоңдурулган" каражаттарын бошотуу максатында, заказ жана берүү фактысы боюнча аларды төлөөнү тездетүү боюнча чараларды көрсүн (аудит учурунда - 3 836,4 миң АКШ доллары).

**Аныкталды 43**

"Убактылуу сырткы башкаруучуну дайындоо тартибине" ылайык, иштин таасир этүү зонасында иштеген же жашаган адамдардын өмүрүнө же ден

соолугуна түздөн-түз коркунуч келтирген, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жер казынасын коргоонун, экологиялык жана өнөр жайлык коопсуздуктун талаптарын бузууларды четтетүү үчүн коомдун ыйгарым укуктуу органы тарабынан зарыл болгон чаралар көрүлбөгөн шартта юридикалык жактын **үзгүлтүксүз өндүрүштүк, экономикалык жана башка ишин камсыз кылуу саналат.**

Аудит мезгили ичинде УСБнын чечими менен, 237 005,4 миң сом (2 981,2 миң АКШ доллары) суммасында демөөрчүлүк жардамы көрсөтүлгөн, анын ичинен кайрымдуулукка 58 901,6 миң сом (740,9 миң АКШ доллары) жумшалган, бул анын ыйгарым укугуна кирген эмес. Алсак, төмөндөгүлөр каржыланган:

- курчап турган чөйрөнү коргоо долбоору үчүн, "Байтоо" коомдук фондуна - 6 500,0 миң сом,
- кайрымдуулук жардам Ч.А. Асанакуновага - 565,7 миң сом,
- 2022-жылдын 7-майында О.Б. Кайыповго Баткен шаарында "Через тернии к счастью" концерт-спектаклин өткөрүү үчүн - 991,8 миң сом,
- жазгы айдап-себүү жумуштары үчүн, Спорттун улуттук түрлөрү боюнча дирекцияга финансылык жардам - 1 135,5 миң сом,
- “Кыргызстандын маданият, спорт, туризмин өнүктүрүү – жаңы мүмкүнчүлүктөр” эл аралык форумун даярдоо үчүн, "Маунтэн групп" ЖЧКсына - 734,8 миң сом,
- 2022-жылдын сентябрында “Тоо туруктуу өнүгүүсүнүн фактору катары экологиялык коопсуздук” эл аралык илимий – практикалык конференцияны өткөрүү үчүн, "МУК" окуу илимий өндүрүш комплекси” коммерциялык эмес мекемесине - 993,1 миң сом,
- "Эко Мир" Коомдук фонду үчүн, оргтехникаларды, жайлардын ижарасы, эмгек акы, транспорттук жана коммуналдык кызматтар, кеңсе товарлары, байланыш, интернет, басылма продукцияларды сатып алуу – 6 688,0 миң сом,
- "Ололо Инвест" ЖЧКсы үчүн, шведдик скрипач Даниэл Лозаковичтин концертине билеттерди сатып алуу (200 даана) - 570,0 миң сом.

Жогоруда көрсөтүлгөн “Убактылуу сырткы башкаруучуну дайындоо тартибин” бузуу менен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын убактылуу сырткы башкаруучусу тарабынан 58 901,6 миң сом (740,9 миң АКШ доллары) суммасында кайрымдуулук жардамы көрсөтүлгөн.

**Корутунду**

1. “Убактылуу сырткы башкаруучуну дайындоо тартибин” бузуу менен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы аудит мезгили ичинде кайрымдуулукка 58 901,6 миң сом суммасындагы акча каражаттарын багыттаган.

**Сунуш**

1. Кайрымдуулук ишине чыгымдар, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын Директорлор Кеңеши тарабынан сумма бекитилгенден кийин жүргүзүлсүн.

**Аныкталды 44**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы (госп. Лесли А. Лоу – "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын МТС боюнча вице-президенти) “Кыргыз темир жолу” Улуттук компаниясы” МИ (башкы директор Малабаев А.Дж.) менен, 01.02.2013-жылы №649 келишим түзүлгөн, анын предмети болуп, аны менен байланышкан жана темир жолу транспорту менен жүк ташуу үчүн эсептөөлөрдү аныктоо эсептелет. Келишим кол коюлган күндөн тартып колдонулат жана аны колдонууну токтотуу жөнүндө ниети менен, тараптардын бири билдиргенге чейин жана кол коюлган күндөн тартып келишим колдонулган.

Аудит тарабынан, аудит мезгили ичинде "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жүктөрүн өз убагында жана сапаттуу түшүрүү боюнча эмгек уюштуруунун жоктугунан улам, Балыкчы жана Токмок темир жол станцияларындагы жөнөкөй вагондор үчүн, 1 275,7 миң сом айып пул санкцияларын эсептөөгө жана төлөөгө жол берилгендигин аныкталган.

**Корутунду**

1. Аудит мезгили ичинде "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жүктөрүн өз убагында жана сапаттуу түшүрүү боюнча эмгек уюштуруунун жоктугунан улам, Балыкчы жана Токмок темир жол станцияларындагы жөнөкөй вагондор үчүн, 1 275,7 миң сом айып пул санкцияларын эсептөөгө жана төлөөгө жол берилген.

**Сунуш**

1. Финансылык каражаттардын эсебинен, 1 275,7 миң сом айып пул санкцияларын төлөөгө жол берген "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматтагы адамдарынын жоопкерчиликтерим каралсын.

## Кумтөрдүн Концессиялык аянтындагы бургулоо жана коштоо иштерди жүргүзүү

**Аныкталды 45**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКында сырткы башкаруу киргизилгенге чейин, Кумтөрдүн Концессиялык аянтындагы бургулоо жана коштоо иштерди жүргүзүү, 30.07.2020-жылдагы №С-6934 подряд келишиминин негизинде “Ысык-Көл Ресурс” ЖЧКсы жана 30.07.2020-жылдагы №С-6933 келишимдин негизинде “Сталкер” бургулоо компаниясы” ЖЧКсы жүргүзгөн. Ошондой эле, ага карата 24.11.2020-жылдагы №1 кошумча макулдашууга ылайык, заказчынын эсебинен жашаган жерин, тамак-ашын жана отун боюнча чыгымдарды камсыздоону эске алуу менен, баалоо 0-300 тереңдиктеги скважинанын 45-90 градуска жантаюусу боюнча п/м 14288,77 сомго, 300-500 тереңдикте п/м 14709,03 сомго түзүлгөн.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКына сырткы башкаруу киргизилгенден кийин, аткарылган иштердин планы боюнча кандайдыр бир доо койбостон же башка себептерди көрсөтпөстөн туруп, “Ысык-Көл Ресурс” ЖЧКсына бир тараптуу тартипте келишимди бузуу жөнүндө 28.06.2021-жылдагы №01-5/6604 жана “Сталкер” бургулоо компаниясы” ЖЧКсына 15.07.2021-жылдагы келишимди бир тараптуу тартипте мөөнөтүнөн мурда бузуу жөнүндө 05.07.2021-жылдагы №01-5/6635 PR билдирүү жөнөтүлгөн.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын УСБсынын 18.06.2021-жылдагы №KGC-21-058, 22.07.2021-жылдагы №KGC-21-088 жана 24.08.2021-жылдагы №KGC-21–119 буйруктары менен, Кумтөр кенинде геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү боюнча коммерциялык сунуштарды талдоо жана кароо боюнча комиссия түзүлгөн.

Убактылуу сырткы башкаруучу тандоону улантууну жана кызмат көрсөтүүлөрдү жабдуучуларды издөөнү кеңейтүүнү талап кылган, анткени, талапкерлердин арасында Россия менен Казакстандын компаниялары болгон эмес, буга байланыштуу, комиссия конкурс өткөн жок деп чечкен.

Үчүнчү тандоодо, Кумтөр кенинде геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү боюнча коммерциялык сыныштарды кароо боюнча комиссиянын 08.10.2021-жылдагы №4 отурумунун протоколуна ылайык, коммерциялык сунушу менен бургулоо иштерин жүргүзүүгө 3 компания “ТЭТ Групп” ЖЧКсы, “Геотехкомплект” ЖЧКсы жана “Ысык-Көл Ресурс” ЖЧКсы катышкан.

| **Колонкалык бургулоонун бир погон метринин наркы** | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Подряддык уюмдун аталышы** | **Скважинанын 0-45 градуска жантаюусу** | | **Скважинанын 0-45 градуска жантаюусу** | | | **Жолду куруу жана калыбына келтирүү** |
| | **Терендиги 0-300 м** | **Терендиги 300-500 м** | **Терендиги 0-300 м** | **Терендиги 300-500 м** | **Терендиги более 500 м** | |
| “ТЭТ Групп” ЖЧКсы | 16315,52 сом | 16629,28 сом | 15688 сом | 16001,76 сом | 16476,64 сом | 510 сом |
| “Геотехкомплект” ЖЧКсы | 15264 сом | 15688 сом | 14416 сом | 14840 сом | 15688 сом | 484,8 сом |
| “Ысык-Көл Ресурс” ЖЧКсы | 16703,76 сом | 17212,51 сом | 16110,23 сом | 16618,97 сом | 17382,09 сом | 508,74 сом |

Комиссия жабдуу боюнча адис С. Орозобековага, заказчы бөлүмдөн өкүлдөрү менен бирге, алынган коммерциялык сунуштардын маалыматтары боюнча салыштырма таблицаны даярдоо жана кароо жана жыйынтык чечимди кабыл алуу үчүн, комиссияга берүү тапшырылган.

Жыйынтыгында, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан бургулоо иштерин жүргүзүүгө подрядчыны тандоо боюнча эч кандай чечим кабыл алынган эмес жана 2022-жылдын январынан тартып, конкурстук тандоо жүргүзбөстөн, жогорулатылган баа менен, бургулоо жана кошо иштелүүчү иштерди жүргүзүү боюнча подряд келишимин түзүү боюнча эч кандай чечим кабыл алынган эмес.

“Ысык-Көл Ресурс” ЖЧКсы мурда Кумтөрдүн Концессиялык аянтындагы бургулоо жана коштоо иштердин жүргүзгөндүгүн эске алуу жана “Ысык-Көл

Ресурс" ЖЧКсынын коммерциялык сунушун кабыл алуу менен, коммерциялык сунуштун баасы жана учурда бургулоо жана кошо иштелүүчү иштерди жүргүзгөн, факты жүзүндө түзүлгөн келишим баасы суммалардын айырмасы эсептелген, ал жерде комерциялык сунуш менен факты жүзүндөгү төлөмдүн ортосундагы жогорулатылган жалпы сумма боюнча 6525,3 миң сомду түзгөн. Б.а. атаандаштыкка жөндөмдүү бааны аныктабастан туруп, бургулоо жана коштоо иштерин жүргүзүү боюнча келишим түзүү менен, "КГК" ЖАКы бургулоо иштерине 6525,3 миң сомду натыйжасыз пайдаланган.

Ошондой эле, бургулоо жана коштоо иштерин жүргүзүү боюнча келишимди негизсиз бузуудан улам, "Централ Азия Мондрилинг! ЖЧКсынын бургулоо станокторун моблизациялоо боюнча **6651,9 миң сом, рационалдуу эмес пайдаланылган**, "ГеоКомпани" ЖЧКсы - **1273,5** миң сом "Ысык-Көл Ресурс" ЖЧКсы - **2547,0** миң сом суммасында.

**Корутунду**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жабдуу бөлүмү тарабынан, "2022-жылы Кумтөрдүн Концессиялык аянтындагы бургулоо жана коштоо иштерди жүргүзүү" долбоору боюнча подрядчыны тандоодо, подрядчынын мүмкүнчүлүгү жетишээрлик изилденген эмес, атаандаштыкка жөндөмдүү баа сунуштарына мониторинг жүргүзүлгөн эмес, товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн 80%дан кем эмесинин, мындай товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлбөгөн учурларды кошпогондо, Кыргыз Республикасы аймагында сатылып алынышын камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин 29.01.2021-жылдагы ПЖ №5 "Кыргыз Республикасынын кен казуу тармагын реформалоо маселелери жөнүндө" Жарлыгы жетекчиликке алынбайт, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жеткирүү тутумун башкаруу боюнча директору бекиткен, №9-006 Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча өндүрүштүк нускаманын 4 жана 5-пунктуна ылайык, жергиликтүү ишканалардан товарларды сатып алуу мүмкүнчүлүгү биринчи кезекте каралышы керек.

2. Сырткы башкаруу киргизилгенге чейин иштеп келген, Ысык-Көл Ресурс" ЖЧКсы жана "Сталкер" ЖЧКсы менен бургулоо жана коштоо иштерди жүргүзүү боюнча келишим долбоорун негизсиз бузуу, бургулоо жана коштоо иштердин үзгүлтүккө учурашына алып келген. Анткени, 2021-жылга геологиялык чалгындоо иштерин өнүктүрүү программасына ылайык, скважиналары бургулоо иштери боюнча план 68270 погон метрди түзгөн, ал эми факты жүзүндө аткаруу 40320,6 погон метрди түзгөн, же 59,1%ды гана түзгөн. 2022-жылдын 8 айына скважиналарды бургулоо иштери боюнча план, 72000 погон метрди түзгөн, ал эми факты жүзүндө аткаруу 28215 погон метрди же 39,2%ды гана түзгөн.

3. Бургулоо жана коштоо иштерин жүргүзүү боюнча келишимди негизсиз бузуудан улам, "Централ Азия Мондрилинг" ЖЧКсынын бургулоо станокторун

моблизациялоо боюнча **6651,9 миң сом,** рационалдуу эмес пайдаланылган, “ГеоКомпани” ЖЧКсы - **1273,5** миң сом “Ысык-Көл Ресурс” ЖЧКсы - **2547,0** миң сом суммасында.

4. Бургулоо жана коштоо иштерин жүргүзүү боюнча келишимди түзүү менен, сунуштардын атаандаштыкка жөндөмдүү баалар аныкталбастан туруп, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы бургулоо иштерине **6525,3 миң сомду** натыйжасыз пайдаланган.

**Сунуш**

1. Кызмат көрсөтүү боюнча подрядчыны тандоодо, ар бир подрядчынын финансылык жана өндүрүштүк мүмкүнчүлүгү кылдаттык менен изилденсин, №9-006 Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча өндүрүштүк нускаманын талаптары сакталсын, товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн 80%дан кем эмесинин, мындай товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлбөгөн учурларды кошпогондо, Кыргыз Республикасы аймагында сатылып алынышын камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин 29.01.2021-жылдагы ПЖ №5 “Кыргыз Республикасынын кен казуу тармагын реформалоо маселелери жөнүндө” Жарлыгы эске алынсын.

2. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын каражаттарынын максатка ылайыксыз жогорулатылган чыгымдарына жол бербөө боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды 46**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жеткирүү тутумун башкаруу боюнча директору бекиткен, №9-006 Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча өндүрүштүк нускаманын 4 жана 5-пунктуна ылайык, сатып алуулар бөлүмү потенциалдуу жабдуучуларды издөө ыкмасын аныктайт, мүмкүнчүлүгүнө жараша атаандаштыкка жөндөмдүү үч баа сунушунан кем эмес болушун камсыздайт жана суроо-талаптарды жайгаштырууда, мүмкүнчүлүккө жараша жергиликтүү ишканалардан товарларды сатып алуу мүмкүнчүлүгү биринчи кезекте каралышы керек.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы Кумтөрдүн 17 627,7 миң АКШ долларындагы Концессиялык аянтындагы бургулоо жана коштоо иштерди жүргүзүү үчүн, “Позитив Сондаж Санаи ве Тижарет LLC” Түрк компаниясы менен, 27.01.2022-жылдагы №С-8074 подряд келишимин, атаандаштыкка жөндөмдүү баа сунуштары жана мүмкүнчүлүктү аныктабастан түзүлгөн. Бургулоо иштерине карата техникалык тапшырмада, бургулоонун жалпы көлөмү 98,0 миң погон метр, скважинанын орточо терендиги - 300 метр, бургулоо аянтын даярдоо - 180 даана жана бургулоо аянаттарына карата өтмө жолдор - 240,0 миң м.куб.

Бургулоо иштеринин коюму, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы менен 08.12.2021-жылы макулдашылган (подряд келишимге карата №2 тиркеме), ага бургулоо орнотмосун мобилизациялоо жана демобилизациялоо киргизилген (ар бир бургулоо орнотмосуна 30,0 миң АКШ доллары).

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын президенти тарабынан бекитилген, №3-6 долбоор боюнча чыгымлдарга уруксат берүү боюнча аны ишке ашыруу жана Жобонун 2.2.1-пунктуна ылайык, долбоордун менеджери сунушталган долбоорду негиздөө боюнча талдоонун жыйынтыктары менен, документтердин пакетин даярдайт, андан ары 2.2.4-пунктка ылайык, долбоор боюнча чыгымдарга уруксат берүү, өндүрүш боюнча директордун же чыгым тарткан бөлүмгө отчет берүүчү директор, финансы боюнча директор жана Президент, бул учурда убактылуу сырткы башкаруучу каралат жана бекитилет.

Бирок, “2022-жылы Кумтөрдүн Концессиялык аянтындагы бургулоо жана коштоо иштерди жүргүзүү” долбоору боюнча 17 627,7 миң АКШ доллар суммасындагы чыгымдарга уруксат берүү, долбордун жетекчиси А.Корницкий жана финансы директору Р. Токтогул тарабынан гана бекитилген.

Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча өндүрүштүк нускаманын II главасына ылайык, 500,0 миң АКШ долларынан жогорку суммадагы келишим документтеринин пакетине туура келээрин текшерүү менен бирге келишим, жеткирүү тутумун башкаруу боюнча директор жана Президент тарабынан (бул учурда убактылуу сырткы башкаруучу) бекитилиши керек. буга карабастан, №С-8074 подряд келишими А. Витязева атынан жабдуу бөлүмү менен гана макулдашылган жана "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын аткаруучу директору К. Курманов тарабынан бекитилген.

Белгилей кетчү нерсе, Кумтөр Концессиялык аянтындагы факты жүзүндөгү ишти, “Позитив Сондаж Санаи ве Тижарет LLC” компаниясынын 16.03.2022-жылдагы ишеним каты менен “Позитив Сондаж Санаи ве Тижарет” (юридикалык жак, 03.06.2019-жылы катталган, ГРЮ №0054681) жүргүзөт. Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин 22.07.2022-жылга чейинки мөөнөт менен, 22.07.2019-жылдагы №05-11-84 уруксаттамасы).

Аткарылган иштердин актысына ылайык, “Позитив Сондаж Санаи ве Тижарет” ЖЧКсы бүгүнкү күнү 120,0 миң АКШ долларында 4 бургулоо орнотмосун моблизациялаган, 2797,7 п.м. буругуланган, бургулоо аянттарына өтө турган жолдорду даярдоо боюнча 345,7 миң АКШ долларындагы 350,0 куб. метр тоо иштери аткарылган. “Позитив Сондаж Санаи ве Тижарет” ЖЧКсына - 338,1 миң АКШ доллары төлөнгөн.

“Позитив Сондаж Санаи ве Тижарет” ЖЧКсынын биринчи жарым жылдык ичинде аткарган иштеринин көлөмү, 2,8 миң п.м.ди түзгөн, же Техникалык тапшырмада каралган иштен болгону 2,8% гана аткарылган - 98,0 мин погон метр.

“Позитив Сондаж Санаи ве Тижарет LLC” түрк компаниясы менен, алар койгон милдеттерди аткарбай коюу жана "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын алдындагы жалпы 34,2 миң АКШ долларындагы карыз менен, подряд келишимин бузуу жана макулдашууга кол коюу даярдыгы көйгөйү таанылган (*20.08.2022-жылдагы кат).*

Жогоруда жазылгандардан улам, ишти жүргүзүү үчүн кызмат көрсөтүүнү жабдуучуну талаптагыдай эмес тандоо, бургулоочу орнотмолорго ***120,0 миң АКШ доллары*** каражаттарын натыйжасыз пайдаланууга алып келген, подрядчынын мүмкүнчүлүктөрүн сапатсыз изилдөө, атаандаштыкка жөндөмдүү баа сунуштарына мониторинг жүргүзүүнү жоктугу жөнүндө күбөлөндүрөт.

**Корутунду**

1. “Кумтөрдүн Концессиялык аянтындагы бургулоо жана коштоо иштерди жүргүзүү” долбоору боюнча подрядчынын негизсиз тандоодон улам, “Позитив Сондаж Санаи ве Тижарет” ЖЧКсынын бургулоо станокторун мобилизациялоого **120,0 миң АКШ доллары** суммасындагы каражаттар рационалдуу эмес пайдаланылган.

**Сунуш**

1. Кызмат көрсөтүүнү жабдуучуну тандоодо, ар бир подрядчынын финансылык жана өндүрүштүк мүмкүнчүлүгү кылдаттык менен изилденсин, №9-006 Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча өндүрүштүк нускаманын талаптары сакталсын. Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл арадык келишимдердин ченемдерин сактоо менен, товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн 80%дан кем эмесинин, мындай товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлбөгөн учурларды кошпогондо, Кыргыз Республикасы аймагында сатылып алынышын камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин 29.01.2021-жылдагы ПЖ №5 “Кыргыз Республикасынын кен казуу тармагын реформалоо маселелери жөнүндө” Жарлыгы эске алынсын.

2. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы Кумтөрдүн Концессиялык аянтындагы бургулоо жана коштоо иштерди жүргүзүүдө, максатсыз жогорулатылган каражаттарга жол бербөө боюнча чараларды көрсүн.

**Аныкталды 47**

“Централ Азия Мондрилинг” ЖЧКсынын эки бургулоо орнотмолорун мобилизациялоо жана демобилизациялоо боюнча подряд келишиминин 4-пунктуна ылайык, №2 тиркеме менен 6651,9 миң сом каралган, ал 8.02.2022-жылдагы №1088 ТТ менен авансалык төлөм менен төлөнгөн.

Мында, “Централ Азия Мондрилинг” ЖЧКсы "Кумтөр Голд Компани" ЖАКына билдирбестен туруп, 28.03.2022-жылы тоо иштерин аткаруу боюнча №01/2022-28 субкелишим түзгөн, анын ичинен, “Кыргыз Ресурсы Лимитед”

ЖЧКсы менен бургулоо иштери. Ошону менен бирге, Субкелишимдин 4-пунктунда, бургулоо иштерин аткаруу үчүн зарыл болгон жабдууларды жана материалдарды мобилизациялоо жана демобилизациялоо, Субподрядчынын күчү менен жана анын эсебинен жүргүзүлөт деп көрсөтүлгөн, ал эми, жабдууларды пайдаланууга киргизүү жөнүндө 25.06.2022-жылдагы HYDX-6 жана 30.06.2022-жылдагы HYDX-6 актыга ылайык, пайдаланууга киргизилген бургулоо орнотмолору "Кыргыз Ресурсы Лимитед" ЖЧКсына катталган.

Бирок, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан 2 бирдиктеги кошумча бургулоо орнотмолорун, аспаптарды, запчастарды мобилизациялоо үчүн, 2022-жылдын 7-июнундагы № 006/2022 төлөм эсебине ылайык, 28.06.2022-жылдагы №9937 ТТ менен, келишимде каралбаган, кошумча макулдашуусуз жана техникалык тапшырмасыз кошумча 6615,6 миң сом төлөнгөн. Натыйжада, техникаларды мобилизациялоого негизсиз чегерилген сумма **6615,6 миң сомду** түзгөн.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы атаандаштыкка жөндөмдүү баа сунуштарын жана түзгөн заказ берүү мүмкүнчүлүктөрүн аныктабастан туруп, "ГеоКомпани" ЖЧКсы менен, 15.03.2022-жылы №С-8160 келишимди түзгөн. келишимди макулдашууда, жабдуу бөлүмүнөн А. Витязеванын гана колу коюлган жана К.Курманов тарабынан бекитилген, бургулоо иштерин заказ берүүчү, геологиялык чалгындоо иштеринин менеджери А.И. Корницкийдин колу жок.

Техникалык тапшырма боюнча, скважиналары бургулоо 10000 п/м 17092 сомду түзгөн, эки бургулоо станокторун моблизациялоо жана демобилизациялоо боюнча подряд келишиминин №2 тиркемесинин 4-пунктуна ылайык, 379 сомдон 27000 куб. метр бургулоо аянттарын жана аянтка өтө турган жолдорду даярдоого **2547,0 миң сом** каралган, ал 29.04.2022-жылдагы №8320 ТТ менен төлөнгөн. Бирок, 18.07.2022-жылдагы жабдууларды ишке киргизүү актысына ылайык, бир бургулоо орнотмосу гана орнотулган же бир бургулоо орнотмосун моблизациялоо жана демобилизациялоого негизсиз төлөм **1273,5 миң сомду** түзгөн.

**Техникалык тапшырма боюнча каралган скважиналарды** 10000 п/м буругулоо, аткарылган иштердин 31.08.2022-жылдагы актысына ылайык, "ГеоКомпани" ЖЧКсында 566,7 п/м.ди түзгөн, же жалпы иштин көлөмүнөн 5,7% гана.

Бургулоо иштери талаптагыдай аткарылбагандыктан, эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздукту сактоо мыйзамынын талаптары бузулгандыктан, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы 05.08.2022-жылдагы №01–5/9936-OP жана 17.08.2022-жылдагы №01-5/10049FA каты менен, "ГеоКомпани" ЖЧКсы менен келишимди мөөнүнөн мурда бузуу жөнүндө билдирген.

**Корутунду**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы төмөндөгүлө үчүн негизсиз чегерген:

- “Централ Азия Мондрилинг” ЖЧКсынын техникаларын мобилизациялоо - **6615,6 миң сом;**

- “ГеоКомпани” ЖЧКсынын бир бургулоо орнотмосун мобилизациялоо жана демобилизациялоо - **1273,5 миң сом.**

**Сунуш**

1. Бургулоочу орнотмолорду моблизациялоо боюнча негизсиз чегерилген «Централ Азия Мондрилинг» ЖЧКсына 6615,6 миң сомду жана “ГеоКомпани” ЖЧКсына 1273,5 миң сомду, жалпы 7889,1 миң сомду калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды 48**

16.08.2019-жылдагы №9-006 Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча өндүрүштүк нускама менен, түз заказдардын санын кыскартуу үчүн, бардык иш-аракеттерди кабыл алуунун маанилүүлүгүн, потенциалдуу жабдуучуларды издөө ыкмасын аныктоо, мүмкүнчүлүккө жараша үчтөн кем эмес атаандаштыкка жөндөмдүү баа сунуштарынын болушун камсыздоо жөнүндө белгиленгендигине карабастан, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тил котормосу боюнча кызмат көрсөтүү жөнүндө 1.09.2021-жылы №С-7526 келишимди, конкурс өткөрбөстөн туруп, “Синтакс-Про” ЖЧКсы менен түзгөн *(фирма "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынны кызматкерлеринин өздөрү тарабынан түзүлгөн, башкы директору - Осмонов Т.Б.).*

“Синтакс-Про” ЖЧКсы берген 2021-жылдын октябрынан 2022-жылдын июнуна чейинки аткарылган иштер актысы боюнча 7 364 баракта жазуу жүзүндө которуу кызматын көрсөткөн. Ал боюнча "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы <u>01.09.2021-жылдагы келишимге</u> ("Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызыкчылыгы үчүн түзүлгөн эмес) ылайык, <u>9 908,6 миң сом төлөгөн (барагы</u> үчүн 1345,5 сом). Өлкө рыногунда ушундай эле кызмат көрсөткөн 3 компанияны (“Группа Альбион” ЖЧКсы, “Big Ben” жана “TransLink”), салыштырып талдоодо, котормо кызматтарынын орточо баасы, ушул эле көлөмдө 180 сомдон 495 сомго чейин түзгөн.

Барагына 495,0 сом баа менен, 7 364 барак котормо 3645,2 миң сомду түзмөк, <u>б.а. ашыкча төлөө 6 263,4 миң сомду түзгөн.</u>

Мындан сырткары, “Синтакс-Про” ЖЧКсы менен түзүлгөн келишимдин 4.8-пункту менен, ишкердикке дем берүү жана колдоо максатында, 500,0 миң сом өлчөмүндөгү бир жолку төлөм негизсиз каралган жана төлөнгөн.

“Синтакс-Про” ЖЧКсына негизсиз төлөнгөн бардык төлөмдөр 6 763,4 миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

1. 16.08.2019-жылдагы №9-006 Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча өндүрүштүк нускаманын талаптарын бузуу, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы 6263,4 миң сомду ашыкча төлөшүнө алып келген.

2. Котормо кызмат көрсөтүүсүн келишими боюнча 500,0 миң сом өлчөмүндөгү бир жолку төлөм негизсиз каралган жана төлөнгөн

**Сунуш**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, өндүрүштүк нускаманын талаптарын сактасын.

2. Жазуу жүзүндөгү котормо кызматынын тарифтерин кайрадан карап чыгуу боюнча чаралар көрүлсүн, аткарылган иштердин актысына ылайык, факты жүзүндө аткарылган кызмат көрсөтүүлөр боюнча төлөмдөр жүргүзүлсүн.

**Аныкталды 49**

Программалык камсыздоо менен жабдуу боюнча “Лайтек” ЖЧКсы менен "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы келишим түзгөнү аудитте аныкталды. “Лайтек” ЖЧКсынын 4 ири жеткирүүсү боюнча жүргүзүлгөн тандалма аудитте төмөндөгүлөр аныкталган:

- FORTINET FG100F 22 порта GE RJ45 сатып алуу – 3 даана жана FORTINET FC-10-F100F-928-02-12 FORTIGATE-100F тиркемелерди контролдоо, ПК зыяндуулуктан коргоонун кеңейтилген сервиси - 2 347,9 миң сомго (23.03.2022-жылдагы №278464 сатып алуу ордери). Сатып алуу негиздемесинде, 4 баа сунушунун ичинен – бир жабдуучунун колунда товар жок, экинчиси баа сунуштагандан баш тарткан, бирок, алардын товарынын жоктугу жана баа сунуштагандан баш тарткандыгы жөнүндө жазуу жүзүндөгү тастыктама жок;

- YEALINK MVC840-C2-211 VIDEO CONFERENCING KIT FOR MICROSOFT TEAMS FOR MEDIUM AND LARGE ROOMS (орто жана соң жайларда видео конференция байланышы үчүн комплект) сатып алуу - 415,0 миң сом жана 830,0 миң сом баасы менен 2 даана (26.10.2021-жылдагы №273239 сатып алуу ордери). 27.10.2021-жылдагы сатып алуу негиздемесинде, 3 коммерциалык сунушту берүү жөнүндө көрсөтүлгөн, анын ичинен, абдан аз бааны “Лоджик” ЖЧКсынын сунушу - 370,0 миң сом. “Лоджик” ЖЧКсы өзүнүн сунушунда, жабдуу бүтүн, коробкасы гана бырышып калды деп көрсөткөн. Буга карабастан, конкурстук комиссия тарабынан “Лоджик” ЖЧКсы 415,0 миң сом баа сунушу менен тандалган, же бааны жогорулатуу 90,0 миң сомду түзгөн;

- интерактивдик доскага WI-FI кошуу үчүн адаптерди сатып алуу – 1 даана, THE BENQ 86`` INTERACTIVE DISPLAY FOR BUSINESS - DUOBOARD CP8601K WITH WIRELESS ADAPTER (интерактивдүү дисплей зымсыз адаптер менен) - 1 даана, 1 165,9 миң сомго 1 даана PEERLESS-AV SR598интерактивдүү доска үчүн мобилдүү стойка (11.10.2021-жылдагы №273147 сатып алуу ордери). 12.10.2021-жылдагы сатып алуу негиздмесинде (3 баа сунушу) “Лоджик” ЖЧКсы менен “НБМ” ЖЧКсынан сунуштардын

жоктугу көрсөтүлгөн, бирок, ошол эле учурда баа сунушу берүүдөн алардан баш тартуусу боюнча жазуу жүзүндөгү тастыктоо жок.

**Корутунду**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын сатып алуулар бөлүмү тарабынан, документтин толук пакетин даярдоо бөлүгүндө, 16.08.2019-жылдагы №9-006 Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча өндүрүштүк нускаманын талаптары сакталган эмес (товардын жоктугу жана баа сунушун берүүдөн баш тартуу жөнүндө жабдуучулардын жазуу жүзүндөгү тастыктамалары жок).

2. Видео конференция байланышы үчүн комплекттерди сатып алууда, ашырылган сумма 90,0 миң сомду түзгөн.

**Сунуш**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, өндүрүштүк нускамаынын талаптарын сактасын. Түз заказдар санын кыскартуу жана алгылыктуу баалар менен, товарларды/кызматтарды/жумуштарды альтернативдүү жабдуучуларын издөө боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды 50**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы “Green Light” ЖЧКсы менен, Кумтөр кенинде жана компаниянын башка кеңселеринде маалыматтык технологиялык инфра түзүмдөрдү калыбына келтирүү боюнча кызмат көрсөтүү боюнча 601,6 миң АКШ долларында 20.05.2021-жылы №С-7390 подряд келишимин түзгөн.

Бир булактан сатып алуулардын, белгиленген формада толтурулган 18.05.2021-жылдагы негиздемесинде, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуунун толук негиздемеси жок (рынокту салыштырма талдоо). Негиздеме өндүрүш боюнча директор Б. Идирисов жана маалымат бөлүмүнүн менеджери С. Конурбаев менен гана макулдашылган. Негиздеме формасында жабдуучуну тандоо көрсөтүлгөн эмес: бул жабдуучу кайсы негизде тандалган, мындан сырткары, тастыктоочу документтер жок, бул жабдуучу, маалыматтык технологияларды калыбына келтирүү боюнча бул кызматты сатып алуу үчүн, жабдуучу бирден бир мүмкүн болуучу вариант болуп эсептелет.

Ага карата тиркелген документтер жоктугунан, жарыяланган мүнөздөмө (колдонуу мөөнөтү, лицензия түрү ж.б.) менен, 50 664,5 миң сомго ар кандай коддук аталыштар менен, “Green Light” ЖЧКсынын 8 лицензиянын актуалдуулугун жана туура келишин текшерүүгө, аудитке мүмкүнчүлүк берилген жок.

Ушундай эле, бирден бир булак ыкмасы менен, “Green Light” ЖЧКсынан 9 702,3 миң сомго CISCO телефониясын башкарууга лицензия сатылып алынган (17.06.2021-жылдагы №269394 сатып алуу ордери, 08.07.2021-жылдагы №93 кымат көрсөтүү жөнүндө акт). Сатып алуулар жеткирүү

тутумунун директору К. Кыдыралиев жана менеджердин ассистенти тарабынан 07.06.2021-ыжыл бекитилген (№1 тиркеме). Бир булактан сатып алуунун негиздөөдө, сатып алуулар бөлүмү тарабынан, үчтөн кем эмес конкурентке жөндөмдүү баа сунуштарынын болушу бөлүгүндө, №9–006 өндүрүштүк нускаманын талаптары сакталган эмес. Ошондой эле, CISCO телефониясын башкарууга лицензия сатып алуу үчүн, жабдуучу бирден бир мүмкүн болуучу вариант болуп эсептелет.

**Корутунду**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы жабдуучу бирден бир мүмкүн болуучу вариант болуп эсептелет, тастыктоочу документтердин болушу бөлүгүндө, 601,6 миң АКШ доллары жана 9 702,3 миң сом кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, өндүрүштүк нускаманын талаптарын сактаган эмес.

2. Ага карата тиркелген документтер жоктугунан, жарыяланган мүнөздөмө (колдонуу мөөнөтү, лицензия түрү ж.б.) менен, 50 664,5 миң сомго ар кандай коддук аталыштар менен, “Green Light” ЖЧКсынын 8 лицензиянын акталдуулугун жана туура келишин текшерүүгө, аудитке мүмкүнчүлүк берилген жок.

**Сунуш**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, өндүрүштүк нускаманын талаптарын сактасын жана түз заказдарды кыскартуу, алгылыктуу баа менен, альтернативдүү товарды издөөнү жүргүзүү боюнча бардык иш аракеттерди көрсүн.

**Аныкталды 51**

2021-жылдын майынан декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынан мамлекеттик бюджетине 10 428 231,8 миң сом салыктар жана чегерүүлөр эсептелген жана төлөнгөн.

2022-жылдын январь-июнунда 20 530 976,8 миң сом салыктар жана чегерүүлөр эсептелген жана төлөнгөн, аудит мезгили ичинде - 30 959 208,6 миң сом.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик салык кызматы тарабынан 04.05.2021-жылы жеринде текшерүүнү жүрүшүндө, минералдык-чийки затты өнүктүрүүгө 4% же 32 736 955,7 миң сом эсептелген, анын ичинен, негизги сумма - 12 465 739,8 миң сом, туум - 8 803 058,9 миң сом, санкциялар - 11 468 157,3 миң сом.

2022-жылы "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы 2015-жылдан 2020-жылга чейинки мезгил аралыгына карата минералдык-чийки затты өнүктүрүүгө жыл сайынкы сумма боюнча 12 845 911,7 миң сом өлчөмүндөгү салык милдеттенмелерин тааныган жана төлөгөн, анын ичинен, негизги сумма -

10 888 181,1 миң сом, туум - 953 693,7 миң сом, санкциялар - 1 004 036,9 миң сом.

**Корутунду**

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик салык кызматы тарабынан 04.05.2021-жылы жеринде текшерүүнү жүрүшүндө, минералдык-чийки затты өнүктүрүүгө 4% же 32 736 955,7 миң сом эсептелген.

2. Бардык салыктар а чегерүүлөр төлөнгөндөн кийин, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын бөлүштүрүлбөгөн кирешеси 155, 8 млн АКШ долларына азайган.

**Сунуш**

1. Салыкты төлөө жана эсептөө, салыктык эмес төлөмдөрдү жана 4% минералдык-чийки затты өнүктүрүү, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келтирилсин.

**Эмгек акы**

**Аныкталды 52**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын штаттык жүгүртмөсү "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын президенти Деон Баденхорст тарабынан (эмгек акыларынын суммалары жок) бекитилген, ага ылайык, саны 2928 бирдикти түзөт, анын ичинен административдик-башкаруу персоналы – 166 бирдик.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын маалыматтары боюнча, 17.05.2021-жылга карата кызматкерлердин саны - 2 784 бирдикти, 2021-жылдын 31-декабрына карата - 2 915 бирдикти түзгөн.

2022-жылга штаттык жүгүртмө "Улуу Көчмөндөр Мурасы" Улуттук холдинг компаниясы" ачык акционердик коомунун президентинин атынан "Кумтөр Голд Компани" ЖАКын убактылуу сырткы башкаруучу Т.А. Болтурук тарабынан 2022-жылдын 1-апрелинде бекитилген, ага ылайык саны 4028 бирдикти түзгөн, же 2021-жылга карата 37,5%га (1100 шт. бирдик) көбөйүү менен. Көрсөтүлгөн мезгил ичинде кабыл алынган штаттык кызматкерлердин саны 785 бирдикти (анын ичинен – чет элдик кызматкерлер - 34 бирдик), бошонгон кызматкерлер - 539 бирдик (анын ичинен – чет элдик кызматкерлер - 33 бирдик).

30.06.2022-жылга карата "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматкерлеринин саны 3034 адамы түзгөн.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын штатынан сырткары кызматкерлер менен түзгөн келишимдер аныкталган?

- 31.12.2021-жылга карата - 3029,5 миң сом бир айлык эмгек акы фонду менен 68 адам.

30.06.2022-жылга карата - 5581,2 миң сом бир айлык эмгек акы фонду менен 80 адам.

Контракттын негизинде ишке тартылган кызматкерлерге 2021-жылдын майынан декабрына чейин мезгил аралыгына карата - 16648,4 миң сом, 2022-жылдын январынан июнуна чейин - 24 051,0 миң сом, бүтүндөй аудит мезгилине карата – 40 699,4 миң сом эсептелген жана төлөнгөн.

Ишканада чет элдик жана жергиликтүү кызматкерлер иштешет, аларга эмгек акы төмөндөгүдөй эсептелет: жергиликтүү кызматкерлерге – "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын бухгалтериясы тарабынан, чет элдик кызматкерлерге жана жетекчилерге - “Бейкер Тилли Бишкек” ЖЧКсы. Сырткы башкаруу мезгил аралыгына карата “Бейкер Тилли Бишкек” ЖЧКсына кызмат көрсөтүү үчүн 2489,3 миң сом каражаттар төлөнгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 17.05.2021-жылдагы № 7 токтому менен бекитилген, “Убактылуу сырткы башкаруучуну дайындоонун тартибинин” 10-пункту менен, сырткы башкаруучу коомдун каражаттарынын эсебинен сый акы алууга укуктуу. Сый акынын өлчөмү коомдун ички локалдуу актылары менен белгиленет деп берилген. Демек, убактылуу сырткы башкаруучу, аткаруу органын айкалыштыруу менен, юридикалык жактын үзгүлтүксүз өндүрүштүк, экономикалык жана башка ишин камсыз кылуу катары иштөө менен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын локалдуу актылары менен аткаруу органы үчүн белгиленген сый акыны алууга укуктуу, атап айтканда, Директорлор Кеңешинин чечими менен ("Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын Уставынын 9-беренеси).

Мында, “Центерра Голд Инк.” Компаниясы дайындаган, Башкармалык түрүндө аткаруу органынын мүчөлөрүн сыйлоо өлчөмүн аныктоо жөнүндө Директорлор Кеңешинин мурдагы чечимдери аудитке берилген жок.

Тартиптин 10-пунктуна ылайык, убактылуу сырткы башкаруучуну сыйлоо, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын президенти Деон Баденхорстын эмгек акысыны өлчөмүнө туура келиши керек. Буга байланыштуу, “Бейкер Тилли Бишкек” ЖЧКсы берген, Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын президенти Деон Баденхорстын сый акысынын негизи алынды, ал 2021-жылы алган жана айына 36 775,0 АКШ долларын түзгөн жеке киреше салыгын камтуу менен).

УСБ Т.А. Болтурук тарабынан 2022-жылдын 17-маында №15 “Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын убактылуу сырткы башкаруучусун сыйлоо жөнүндө” буйругу чыккан, анда "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын президентин (анын ыйгарым укугу токтотулган) ай сайынкы бирдей сый акысынын өлчөмүндө УСБны ай сайын сыйлоо белгиленген, улук финансы контролеру Д. Кебекованын контролдоосу менен.

2021-жылдын августунда Т.А. Болтурук тарабынан ай сайынкы сый акынын өлчөмү өзгөртүлгөн жана 2021-жылдын 17-майынан тартып төлөмдү жайылтуу менен, 40 861,96 АКШ доллары суммасында белгиленген (социалдык камсыздандыруу жана жеке киреше салыгы боюнча чегерүүлөрдү камтуу менен).

Ошону менен бирге, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан УСБнын сый акы өлчөмүн көбөйтүү боюнча аудитке негизделген документтер берилген жок, негизсиз алынган сумма 30,9 миң АКШ долларын түзгөн. 2021-жылдын майынан 2022-жылдын февралына чейинки мезгил аралыгына карата сый акылардын жалпы суммасы 473,2 миң АКШ долларын түзгөн.

Укукту белгилөөчү документтердин жоктугуна карабастан, Т.А. Болтурук, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын эсебинен сый акыны алууну уланткан. Алсак, "Бейкер Тилли Бишкек" ЖЧКсынын малыматтары боюнча, 21.12.2021-жылдан тартып (Холдинг түзүлгөн дата), өзүнө 55 554,62 АКШ доллары суммасындагы сый акыны белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин төрагасынын 2022-жылдын 11-февралындагы № 133 буйругу менен, Болтурук Тенгиз Аяпберген уулу "Кумтөр Голд Компани" жабык акционердик коомун убактылуу сырткы башкаруучунун милдеттерин аткаруудан бошотулуп, "Кумтөр Голд Компани" жабык акционердик коомун убактылуу сырткы башкаруучу болуп, "Улуу Көчмөндөр Мурасы" улуттук холдинг компаниясы" ачык акционердик коому дайындалган. Ошентип, 2022-жылдын 11-февралында "Кумтөр Голд Компани" жабык акционердик коомун убактылуу сырткы башкаруучусу катары Болтурук Тенгиз Аяпберген уулу ишин токтоткон.

Т.А. Болтурук Ходингдигдин кызматкери болуп туруп, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын эсебинен эмгек акыны негизсиз алган, ага төлөнгөн акча каражаттарынын жалпы суммасы 2022-жылдын февралынан 2022-жылдын июнуна чейинки мезгил аралыгына карата - 319,6 миң АКШ долларын түзгөн жана 24.01.2004-жылдагы №8 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык төлөнгөн, социалдык камсыздандыруу боюнча чегерүүлөр - 55,1 миң АКШ доллары.

"Акционердик коомдор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 36-беренесине ылайык, Акционердик коомдун башкаруу органдары болуп төмөндөгүлөр саналат: акционерлердин жалпы чогулушу - башкаруунун жогорку органы; директорлор кеңеши - акционерлердин жалпы чогулуштарынын ортосунда коомго жалпы жетекчиликти ишке ашырган акционердик коомдун башкаруу органы; аткаруу органы - коомдун учурдагы ишине жетекчилик кылган орган, текшерүү комиссиясы - контролдоочу орган.

"Акционердик коомдор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 65-1-беренесине ылайык, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын башкаруу органынын ыйгарым укугу токтолду деп таанылганда, Т.А. Болтурук "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын операциялык ишин башкаруу боюнча аткаруу органынын милдетин аткарган. Мында, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын аткаруу органынын милдетин аткаруу менен, УСБ "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматкери болуп эсептелбейт, эмгеги үчүн материалдык

сыйлык берүү маселесин жөнгө салуучу, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жоболору ага жайылтылышы мүмкүн эмес.

“Бейкер Тилли Бишкек” ЖЧКсынны маалыматтары боюнча, 2022-жылдын январында Т.А. Болтурукко 110,7 миң АКШ доллары өлчөмүндөгү сый акы (сый акыга кошумча) эсептелген.

Мындан сырткары, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы төлөнүүчү эмгек өргүүсүн эсептөө үчүн, орточо бир күндүк эмгек акыны эсептөөдө, өргүүлөр жана пайдаланылбаган өргүү үчүн компенсацияны төлөө үчүн бир күндүк орточо эмгек акы акыркы үч календардык айда эсептелген эмгек акынын суммасын 3кө жана 29,6га (айдагы күндөрдүн календардык орточо саны) бөлүү менен эсептеп чыгарыларын караган, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 159-беренесин сактабай тургандыгы, аудит тарабынан аныкталды.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы акыркы үч календардык айга кирешелерди кошуу жана алынган сумманы акыркы үч ай ичиндеги жумуш күндөрүнүн суммасына бөлүү менен эсепти колдонушат. Буга байланыштуу, аудит мезгилине карата жаңылыш эсептелген эмгек өргүүлөрү 8078,1 миң сомду түзгөн (жеткире төлөнбөгөн орточо сумма 2901,62*2784 адам). Мисалы, Байбосунов Д. эсептелген эмгек өргүү суммасы – 165 774,08 сом, 184 645,98 сом эсептелиши керек эле, жеткире төлөнбөгөн сумма – 18 871,91 сом; Гудков Е. эсептелген эмгек өргүү суммасы – 49 050,23 сом, 34 799,15 сом эсептелиши керек эле, ашык төлөө суммасы – 14 251,08 сом; Сыдыкбеков Э. эсептелген эмгек өргүү суммасы – 142 830,64 сом, 170 934,7 сом эсептелиши керек эле, жеткире төлөнбөгөн сумма – 28 104,06 сом; Алыбаева А. сумма эсептелген эмгек өргүү суммасы – 123 463,63 сом, 103 391,94 сом эсептелиши керек эле, ашык төлөө суммасы – 20 071,69 сом.

Т.А. Болтурук тарабынан, жазуу жүзүндө тараптардын макулдашуусу боюнча кызматкерлерди иштен бошотуу практикасы киргизилген, Эмгек кодексинин 80-беренесине ылайык, аныкталбаган мөөнөткө түзүлгөн эмгек келишими, ошондой эле мөөнөттүү эмгек келишими тараптардын макулдугу боюнча кандай мезгилде болбосун жазуу жүзүндө бузулушу мүмкүн.

Мында, көрсөтүлгөн берененин жоболору, тараптардын макулдашуусу боюнча кызматкерлер бошонууда, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы кандайдыр бир сый акыны төлөөгө милдеттендирбейт, пайдаланылбаган эмгек өргүү үчүн гана компенсациядан сырткары. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын локалдуу актылары ("Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын саясаты, Жамааттык келишим) дагы, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКына кандайдыр бир кошумча акча милдеттенмелерин жүктөбөйт.

Бирок, кандайдыр бир укуктук негиздер жок туруп, Т.А. Болтурук тарабынан, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы менен ала макулдашуу түзүүдө, кызматкерлерге сый акы өлчөмү белгиленген. Буга байланыштуу, жогоруда көрсөтүлгөн негиз боюнча кызматкерлер менен келишимдерди бузууда,

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан иштен бошонгон 178 кызматкерге 167 912 697 сом сумасындагы каражаттар төлөнгөн. Эки учурда тең, суммаларды белгилөөнүн экономикалык эсептөөсү жок.

Токтогул Рысбекке ишти айкалыштыргандыгы үчүн кошуп төлөөнү дайындоо жөнүндө буйрукка, 2022-жылдын 1-июлу датасы коюлган. Бирок, кошуп төлөө июнь айында эсептеген. Ишти айкалыштыргандыгы үчүн, Р. Токтогулга эсептелген жана төлөнгөн кошуп төлөө 475,4 миң сомду түзгөн (апрель - 61,2 миң сом, май - 208,1 миң сом, июнь - 206,1 миң сом).

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматкерлеринин эмгек акыларына карата кошуп төлөө төлөнөт, ал, жылдык жана жарым жылдык сый акы, тилди билгендиги үчүн кошуп төлөө, квалификация үчүн кошуп төлөө сыяктуу ишкананын жамааттык келишими менен каралган эмес. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматкерлерине кошуп төлөөнү эсептөөдө, убактылуу сырткы башкаруучу тарабынан кол коюлган ички буйруктар жетекчиликке алынат. Бир жолку жана жылдык түрүндө эсептелген жана төлөнгөн сый акылардын суммасы, 2021-жылдын майынан декабрына чейин - 317 179,1 миң сомду, ал эми 2022-жылдын январынан июнуна чейин - 324 381,2 миң сомду түзгөн. Холдингдин ишин аткаруу үчүн чет элдик адистерди тартуу орун алган жана аларга "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын эсебинен төлөнгөн.

“Мамлекеттик камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен, жогоруда көрсөтүлгөн кызматкерлерден камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча 17 930,5 миң сом (817388,95*27,25%=222738,5 АКШ доллары) кармалган эмес. Бул сумма кармалууга жана Социалдык фонддун Милдеттүү медициналык фонддун бюджеттерине чегерилүүгө тийиш эле.

“Кумтор Голд Компани” ЖАКынын чет элдик жумушчуларынын (38 адам) бир айлык эмгек акы фондусу 17.05.2021-жылга карата - 310,0 миң АКШ долларын, 2021-жылдын 31-декабрына карата – 32 адам, бир айлык эмгек акы фондусу - 353,1 миң АКШ доллары, 2022-жылдын 30-июнуна карата 37 адам, ЖАКтын жетекчилигинин 4 мүчөсүн камтуу менен - 439,7 миң АКШ доллары же 129,7 миң АКШ долларына көбөйгөн.

Чет элдик адистер инструктор-механик, коопсуздук боюнча менеджер, кендин менеджери, пландоо жана колдоо боюнча консультант кызматын ээлешкен, ал эми 2022-жылы алардын айрымдары кыскарган жана жаңы кызматтар киргизилген: айына 23,1 миң АКШ долларындагы эмгек акы менен, стратегиялык маселелер боюнча кеңешчи, долбоордун менеджери – айына 22,2 миң АКШ доллары айлык менен ж.б.у.с. Алардын иши боюнча отчетторду берүү практикасы жок.

2021-жылдын сентябрь айында "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын каражаттарынын эсебинен чет элдик кызматкерлерге турак жайды жалдоо практикасы киргизилген, ал боюнча чыгымдар 2021-жылдын майынан

декабрына чейин - 10,1 миң АКШ долларын, 2022-жылдын январь-июнуна карата - 39,0 миң АКШ долларын түзгөн.

**Корутунду**

1. 2022-жылы негизсиз эсептөөлөр жок туруп, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын штаттык саны 37,5% же 1100 штаттык бирдикке көбөйгөн.

2. Убактылуу сырткы башкаруучуну дайындоо жөнүндө тартипти бузуу менен, Т.А. Болтуруктун эмгек акысы 27 875,0 миң сомду түзгөн.

3. Акча каражаттарын рационалдуу эмес пайдалануу 6 393,8 миң сомду түзгөн, анын ичинен, көрсөтүлгөн кызматы үчүн, “Бейкер Тилли Бишкек” ЖЧКсына - 2489,3 миң сом, чет элдик кызматкерлер үчүн турак жайды жалдоо - 3 904,5 миң сом.

4. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексин бузуу менен, тараптардын макулдашуусу боюнча 167 912,7 миң сом каражаттар төлөнгөн.

5. “Мамлекеттик камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен, жогоруда көрсөтүлгөн кызматкерлерден камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча 17 930,5 миң сом кармалган эмес.

6. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 159-беренесин бузуу менен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан, 8078,1 миң сом суммасындагы эмгек өргүүлөрдү төлөө үчүн орточо бир күндүк эмгек акыны эсептөө жана аларды пайдалануу үчүн төлөмдөрдү төлөө мыйзамга ылайыксыз жүргүзүлгөн.

**Сунуш**

1. Негизсиз эсептөөлөр жана негиздемелер менен, штаттык жүгүртмөнү бекитүү жана өзгөртүү практикасы токтотулсун.

2. Эмгек акы боюнча 27 875,0 миң сом негизсиз төлөмгө жол берген, мурунку убактылуу сырткы башкаруучунун жоопкерчилиги каралсын.

3. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматкерлеринин эмгек акыларын эсептөө боюнча кызмат көрсөтүү жөнүндө “Бейкер Тилли Бишкек” ЖЧКсы менен түзүлгөн келишимди бузуу жөнүндө маселе каралсын.

4. Эмгек өргүүлөрдү төлөө үчүн орточо бир күндүк эмгек акыны эсептөө жана аларды пайдалануу үчүн төлөмдөрдү төлөө бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси сакталсын.

5. “Мамлекеттик камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, салык органдары менен бирге, 17 930,5 миң сомду жеткире эсептөө жана тиешелүү бюджеттерге социалдык чегерүүлөрдү чегерүү боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

6. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 80-бернесин бузуу менен, акча каражаттарын төлөө менен, тараптардын макулдашуусу боюнча "Кумтөр Голд Компани" ЖАКыннын кызматкерлерин бошотуу практикасы токтотулсун.

**Аныкталды 53**

Жайларды ижарага алуу келишимин түзүүдө, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан сатып алуунун мындай ыкмасы артыкчылыктуу болуп эсептелбейт жана жабдуучунун ишкер кадыр-баркын, тажрыйбасын, талап кылынган товарлардын/ кызмат көрсөтүүлөрдүн/жумуштардын өзгөчөлүктөрүн жана/же товарлардын/ кызмат көрсөтүүлөрдүн/жумуштардын мөөнөтүүлүгүн эске алуу менен, товарларды/ кызмат көрсөтүүлөрдү/жумуштарды бирден бир жабдуучунун болушун негиздөөсүз бөлүгүндө, №7-1 Эсеп саясатынын талаптарын жана жол-жоболорун сактабастан жана аларды бирден бир булак ыкмасы менен түзүү практикалануда.

Алсак, "Улуу Көчмөндөр Мурасы" Улуттук холдинг компаниясы" ачык акционердик коомунун президенти Болтурук Тенгиз Аяпбергендин (мындан ары – ижарачы) атынан "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы ижарага берүүчү Р.М. Учкемпирова (мындан ары - ижарага берүүчү) менен 26.04.2022-жылы №С – 8328 ижара келишимин түзгөн.

Келишим предмети болуп, ижарачы тарабынан аныкталган адистерди, кызматкерлерди жана башка адамдарды анда убактылуу жашатуу максатында, турак жайды убактылуу пайдалануу үчүн, ижара берүүчүдөн турак жайды алуу эсептелет (Бишкек шаары, Орозбеков көчөсү, 32, 6-батир). Ижара мөөнөтү 26.04.2022-жылдан 30.04.2023-жылга чейин, 2000 АКШ доллары өлчөмүндө ай сайынкы ижара акысы менен белгиленген.

Аудитке максаттуу пайдалануу боюнча ижарага алган жайды жана 2000 АКШ доллары өлчөмүндөгү негизделген ижара акысын тастыктоочу документтер берилген жок.

Ушундай эле, "Улуу Көчмөндөр Мурасы" Улуттук холдинг компаниясы" ачык акционердик коомунун президенти Болтурук Тенгиз Аяпбергендин (мындан ары – ижарачы) атынан "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы ижарага берүүчү Э.С. Богомбаев (мындан - ары ижарага берүүчү) менен 26.04.2022-жылы №С – 8315 ижара келишимин түзгөн. Келишим предмети болуп, ижарачы тарабынан аныкталган адистерди, кызматкерлерди жана башка адамдарды анда убактылуу жашатуу максатында, турак жайды убактылуу пайдалануу үчүн, ижара берүүчүдөн турак жайды алуу эсептелет (Бишкек шаары, Токтогул көчөсү, 116, 68-батир). Ижара мөөнөтү 26.04.2022-жылдан 12.01.2023-жылга чейин, 800 АКШ доллары өлчөмүндө ай сайынкы ижара акысы менен белгиленген. Ауитке карата максаттуу пайдалануу боюнча ижарага алган жайды жана 800 АКШ доллары өлчөмүндөгү негизделген ижара акысын тастыктоочу документтер берилген жок.

Ошондой эле, ижара келишимдери негизделген эсептөөлөр жок туруп түзүлгөн: Наншанло А.А. менен 22.06.2018-жылы №5999, айына 239,0 миң

сом жана 220,0 миң сом; ЖИ Кененбаева А. менен 09.07.2015-жылы, №С-4681, айына 2200 АКШ доллары.

**Корутунду**

1. Жайларды ижарага алуу келишимин түзүүдө, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан сатып алуунун мындай ыкмасы артыкчылыктуу болуп эсептелбейт жана жабдуучунун ишкер кадыр-баркын, тажрыйбасын, талап кылынган товарлардын/ кызмат көрсөтүүлөрдүн/жумуштардын өзгөчөлүктөрүн жана/же товарлардын/ кызмат көрсөтүүлөрдүн/жумуштардын мөөнөтүүлүгүн эске алуу менен, товарларды/ кызмат көрсөтүүлөрдү/жумуштарды бирден бир жабдуучунун болушун негиздөөсүз бөлүгүндө, №7-1 Эсеп саясатынын тлаптарын жана жол-жоболорун сактабастан жана аларды бирден бир булак ыкмасы менен түзүү практикаланууда.

2. Аудитке максаттуу пайдалануу боюнча ижарага алган жайды жана негизделген ижара акысын тастыктоочу документтер берилген жок.

**Сунуш**

1. Ижарачы Учкемпирова Р.М. менен ай сайынкы 2,0 миң АКШ долларындагы жана Богомбаев Э.С. менен ай сайынкы 0,8 миң АКШ долларындагы ижара акысын эсептөөсүз, негизсиз келишим түзүүгө алып келген, товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү/жумуштарды сатып алуу бөлүгүндө, Эсеп саясатынын жол-жоболорун сактабаганга жол берген, кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды 54**

14211 “КАТ запчастарына чыгымдарды кайтаруу” баланстык эсебинде, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан, өндүрүүчүнүн жеке критерийлерине ылайык, өндүрүүчүнүн дарегине кайтарылгандан жана анын чыгарганга баа берилгенден кийин, запчастарды түзүүчү Coreнин потенциалдуу наркын кайтаруу эске алынат.

Кумтөр кенинин консигнациялык кампасында, CK Agencies компаниясына тиешелүү товардык-материалдык баалуулуктар (запастык бөлүктөр) бар.

01.06.2022-жылдагы абал боюнча, көрсөтүлгөн эсепте 1 639,2 миң АКШ долларындагы дебитордук карыз эсептелген, анын ичинен, 1 447,1 миң АКШ долларындагы карыз, 02.12.2021-жылдагы №С-7974 негизги келишим жана ага карата кошумча макулдашуулар боюнча "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын дарегине, өндүрүүчү Катерпиллардан запастык бөлүктөрдү жеткирүүчү CK Agencies D.V. аркылуу Core запчастарынан наркын кайтаруу мүмкүнчүлүгү менен, ошондой эле запчастка (өндүрүүчү тарабынан калыбына келтирилген) запчасты алмаштырууга (мурун колдонулган) сатып алуучуга мүмкүндүк берген, өндүрүүчү Катерпиллардан (Бельгия) Reman (Core Return Program) – программанын эсебинен пайда болгон.

Өзүнүн ресурсун иштеп бүткөн жана келишимге ылайык CK Agencies D.V. берген (Core катары) запастык бөлүктөр, кендеги Борусан кампасында турат (контейнерлерде таңгакталган).

Core үчүн запчастардын наркы, өндүрүүчү Катерпиллардан (Бельгия) прайс баракка ылайык белгиленген. Катерпиллар компаниясы алып, Core абалын балагандан кийин, CK Agencies "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын эсебинен Core наркын кайтарат.

CK Agencies компаниясы менен түзүлгөн келишим шарттарына ылайык, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы Coreни кендеги Борусан кампасына кайтарат, бирок депозитти "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын эсебине кайтаруу, Катерпиллардын дарегине Coreнин өзүн жеткиргенден кийин гана жүргүзүлөт.

**Корутунду**

1. Түзүлгөн келишимдерде "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан адрес CK Agencies D.V. дарегине берилген мурда колдонулган запастык бөлүктөрдү Катерпиллар (Бельгия) компаниясына мөөнөтүндө жөнөтүү механизми жоктугунан, CK Agencies D.V.дан 1 447, 0 миң АКШ доллары өлчөмүндөгү төлөм өз учурунда, 02.12.2021-жылдан ушул кезге чейин алынган эмес.
2. Кумтөр кенинин аймагынан мурда колдонулган запастык бөлүктөрдү жөнөтүү тартиби жана мөөнөтү, 02.12.2021-жылдагы №С-7974-жылдагы келишимге карта 13.06.2022-жылдагы №С7974-003 кошумча макулдашуу менен кийинчерээк белгиленген.

**Сунуш**

1. Мурда колдонулган запастык бөлүктөрдү CK Agencies D.V. дарегине жөнөтүү жана 02.12.2021-жылдагы №С-7974-жылдагы келишимге карта 13.06.2022-жылдагы №С7974-003 кошумча макулдашуу менен каралган шарттарга ылайык, Катерпиллар компаниясынан 1 447,1 миң АКШ долларындагы төлөмдү алуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды 55**

2022-жылдын 22-июнундагы “Текшерип жаткан Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын демилгеси менен Кумтөр кенинде жана перевал базалары объектилеринде негизги каражаттарды жана товардык-материалдык баалуулуктарды инвентаризациялоо боюнча комиссия түзүү жөнүндө” буйруктун негизинде, негизги каражаттарды инвентаризациялоо жүргүзүлгөн, анын жыйынтыгы боюнча, баланстык наркы 3 362,95 АКШ доллары 262,3 миң сомдук <u>7500 кг Кальций хлориддин реагенттеринин ашыктыгы аныкталган.</u>

**Корутунду**

1. Жүргүзүлгөн инвентаризациялоонун жыйынтыгы боюнча, баланстык наркы  3 362,95  АКШ доллары  262,3 миң сомдук  7500 кг Кальций хлориддин реагенттеринин ашыктыгы аныкталган.

**Сунуш**

1. 262,3 миң сомду кириштөө боюнча тиешелүү бухгалтердик өткөрмөлөр жүргүзүлсүн жана алардын андан ар болушуна, ошондой эле  кем чыгуусуна жол берилбесин.

**Аныкталды  56**

Тандалма аудитте товардык-материалдык баалуулуктарды өз учурунда жеткирилбегени аныкталган. Алсак, 27.07.2021-жылдагы  №S270835 сатып алуу тапшырмасына ылайык, жабдуучу “Epiroc Rock Drills Ab”  тарабынан бургулоо орнотомосу үчүн,  6,3 миң АКШ долларындагы 3 даана гидравликалык цилиндр жеткире келип түшкөн эмес, бирок, ага төлөм аванасалык негизде жүргүзүлгөн. 3 жана жеткире келип түшпөгөн запчастар, 08.04.2022-жылдагы жеткирүү жөнүндө эсеп боюнча 22.04.2022-жылы гана *жүк ташуучуга* жеткирилген. Буга байланыштуу, жолдогу товар катары балансniтан алынган эмес.

16.06.2021-жылдагы №S269369 сатып алуу тапшырмасына ылайык, жабдуучу “Cummins filtration” тарабынан 6,4 миң АКШ долларындагы 213 даана аба кондицонерине карата фильтрлер жеткире келип түшкөн эмес. Алар 20.01.2022-жылдагы №11504020 жеткирүү жөнүндө эсеп боюнча 24.01.2022-жылы гана жабдуучудан жүк ташуучу кабыл алган (төлөм товардын толук суммасына 06.07.2021-жылдагы чет элдик валютада которуу жөнүндө арыз боюнча аванстык негизде жүргүзүлгөн).

Мында, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жетекчилиги жана жабдуу бөлүмү тарабынан, жүктү өз учурунда жеткирүү боюнча чаралар көрүлгөн эмес.

**Корутунду**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы  жабдуучулар менен сатып алуу тапшырмаларын жана тариздөөдө жана товардык-материалдык  баалуулуктарды сатып алууда, жеткирүү шартын жана мөөнөтүн, ошондой эле,  төлөм товардын толук суммасына аванс төлөө менен,  12,7 миң АКШ долларындагы ТМБлардын өз убагында жеткрилбешине алып келген,  өз учурунда жеткирилбегендиги үчүн айып пул санкцияларын көрсөтпөйт.

**Сунуш**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы  товарларды жабдуучуларга авансалык төлөмдү кыскартуу боюнча чараларды көрсүн.

2. Келишим түзүүдө, ТМБларды өз убагында жеткирбөө бөлүгүндө, айып пул санкциялары каралсын.

**Аныкталды  57**

Кумтөр кенинде турган "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын борбордук кампасындагы товардык-материалдык баалуулуктарды тандалма текшерүүдө, 2,8 миң АКШ долларындагы ашыкча жана 63,5 миң АКШ долларындагы кем чыгуулар аныкталган.

Борбордук кампанын адиси Э.Чекирбаевдин жана мастер К. Садыковдун түшүндүрмөсү боюнча, 46,3 миң АКШ долларлык 82 даана трубалар, Кумтөр кенинин карьериндеги суу аккычта аныкталган. Бирок, алар кампадан эсептен чыгарылган эмес. Кампадан көчүрмө аудит учурунда 28.06.2022-жылдагы квитанцияга ылайык жүргүзүлгөн.

Ошондой эле, 11,3 миң АКШ долларындагы 2 даана ЗИФтн насостору үчүн запастык бөлүктөр фабрикага жеткирилген, бирок, түшүнүксүз себептер менен кампадан көчүрмө квитанция жоголуп кеткен. Буга байланыштуу, борбордук аппараттын программасынан (маалыматтар базасынан) эсептен чыгарылган эмес. Кампадан көчүрмө аудит учурунда 28.06.2022-жылдагы квитанцияга ылайык жүргүзүлгөн.

30.06.2022-жылга карата "Кумтөр Голд Компани" ЖАКында нөлдүк наркы менен 3375 даана 20-40 тонналык контейнер болгон. Аларга карата өндүрүштүк эсеп финансылык отчеттуулук бөлүмүнүн жетекчиси Г. Шамырбаева тарабынан, контейнерлер 2022-жылдын башында “Манас” программасында киргизилгендиги жана ошол учурда болгон контейнерлердин бардыгы бул программада балансқа киргизилгендиги түшүндүрүлгөн.

**Корутунду**

1. Товарларды берүү жана кабыл алуу боюнча документтер "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кампалык чарба кызматкерлери тарабынан өз убагында таризделбегендиктен, 2,8 миң АКШ долларындагы ашыкча жана 63,5 миң АКШ долларындагы кем чыгуулар аныкталган.

**Сунуш**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы 2,8 миң АКШ долларындагы (222,6 миң сом) ашыкча товардык-материалдык баалуулуктарды кириштелсин жана 5,9 миң АКШ долларындагы (469,0 миң сом) товардык-материалдык баалуулуктардын кем чыгуусун калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

2. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кампалык чаба кызматкерлеринин жана башка материалдык жооптуу кызматкерлердин жоокерчиликтери күчөтүлсүн.

**Аныкталды 58**

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын Эсеп саясатынын 5.3-пункту (Финансы директору Саймон Тан бекиткен жана финансы контролёру Ана Качкинбаева тарабынан каралган) менен, *“ар кандай корлор, алардын эскиргендиги белгилүү болгон (мисалы, жабдууга тиешелүү, алар объектиде колдонулбайт, же колдонуу мөөнөтү аяктаган), же башкача колдонуу үчүн*

*жарабаган же бузулган болсо, идентифицирлениши керек жана талаптагыдай жана натыйжалуу жок кылынышы керек, кирешелер жана чыгымдар эсебине корлорду классификациялоону эске алуу менен, өздүк наркына киргизилиши керек"* деп көрсөтүлгөн.

Эскирген запастык бөлүктөр боюнча резервди аныктоо үчүн, төмөндөгүдөй эсептен чыгаруу ырааттуулугу колдонулат: 2 жылдан 3 жылга чейин - 20%; 3 жылдан 4 жылга чейин - 40%; 4 жылдан 5 жылга чейин - 60%; 5 жылдан 6 жылга чейин - 80%; 6 жылдан тартып - 100%.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы 2021-жылдын майынан тартып, 2022-жылдын июлуна чейин 37 709,4 миң АКШ долларын түзгөн товардык-материалдык баалуулуктар боюнча, 3 483,8 миң АКШ доллары суммасында корлорду баасыздандыруу таанылган, ал эми, бүтүндөй мезгил аралыгына карата ТМБларды баасыздандыруу 25 921,8 миң АКШ долларын түзгөн, анын ичинен, 15 367,1 миң АКШ долларындагы ТМБ калдыктарына (алар кампада 6 жылдан ашык сакталып турат) баасыздандыруу боюнча резерв, баланстык нарктын толук суммасына эсептелген (100%).

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын эсеп саясатына шилтемелөө менен, баасыздандыру боюнча резервди түзүүгө буйрук чыккан эмес.

ФОЭСтин 2 "Корлор" стандартынын талаптарына ылайык, *"активдер аларды алуу сатуудан же колдонуудан күтүлгөн суммадан жогору көрсөтүлбөшү керектигин эске алуу керек. Материалдык-өндүрүштүк корлор (МӨК) таза сатуу баасы боюнча отчетто көрсөтүлүшү керек, эгерде ал аларды сатып алууда факты жүзүндөгү өздүк нарктан төмөн болсо"*.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКы ТМБлардын кадыктарынын туура наркын тадаптагыдай баалабастан, баасыздандыруу боюнча резервди эсептеген.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитинин алкагында, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын 25.08.2022-жылдагы№KGC-22–217 буйругу менен, товардык-материалык баалуулуктарга инвентаризация өткөрүү боюнча комиссия түзүлгөн, ал боюнча баасыздандыруу боюнча резерв эсептелген. Буга байланыштуу, запастык бөлүктөрдүн көлөмүнүн көптүгүнө байланыштуу, 29.09.2022-жылдагы №KGC-22–288–1 буйрук менен, инвентаризация 24.10.2022-жылга чейин узартылган.

Тандалма ыкма менен, Кумтөр кенинде турган "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын борбордук кампасындагы баасыздандырылган товардык-материалдык баалуулуктарга 2022-жылдын 17-сентябрынан 2-сентябрына чейин жүргүзүлгөн инвентаризациянын жүрүшүндө, 0,9 миң АКШ долларындагы 1 даана алмаз бургулоо корнокасынын жетишпестиги, ошондой эле, 2 даана насостун автоматикасынын коробкасынын жеткире комплектелбегендиги аныкталган.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кампасында 150,7 миң АКШ долларында ар кандай майлоочу материалдар жана моторлук майлар, ошондой

эле, 2019-жылдын июнуна чейин колдонуу мөөнөтү менен, 0,3 миң АКШ долларындагы “Стандарт аммония” 3 пачка реагенти (кампада 6 жылдан ашык сакталып турат) бар.

ООО “Авто Индастри” жана “VR Trading co.LTD” даярдоочулардан салыштырма талдоо менен, көпчүлүк майлоочу материалдар - мотордук, гидравликалык, редуктордук, компрессордук жана башка стандарттуу майлардын түрлөрү жана майлоочулар, өндүрүү датасынан тартып, кепилденген 5 жылдык мөөнөткө ээ, анданк ийин алар өзүнүн майлоочу өзгөчөлүктөрүн жоготушаары аныкталды.

Жогоруда жазылгандаржы эске алуу менен, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жетекчилиги тарабынан аларды сатуу боюнча өз учурунда чаралар көрүлгөн эмес.

**Корутунду**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жетекчилиги тарабынан, 37 867,6 миң АКШ долларындагы өндүрүштө колдонулбаган жана эскирген ТМБларды (1995-жылдан 2020-жылга чейин) сатуу боюнча чаралар көрүлгөн эмес, аларга 25 921,8 миң АКШ доллары өлчөмүндө баасыздандыруу боюнча резервдер эсептелген, анын ичинен, аудит мезгил инде 3 483,8 миң АКШ доллары суммасында, анын натыйжасында, резервди түзүү боюнча чыгымдар, чыгымдарга жана продукцияны өздүк наркына киргизилген, ошону менен бирге, отчеттук мезгилге карата компаниянын кирешелерин азайтуу менен.

2. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кампасында 150,7 миң АКШ долларында колдонуу мөөнөтү өткөн мотор майлары жана 0,3 миң АКШ долларындагы реагенттер сакталып турат.

3. 0,9 миң АКШ долларындагы (71,6 миң сом) 1 даана алмаз бургулоо корнокасынын жетишпестиги аныкталган.

**Сунуш**

1. ТМБларды баасыздандыруу боюнча резервди эсептөө, ТМБлардын калдыктарынанын туура наркын талаптагыдай баалоо менен, ФОЭС 2нин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

2. Өндүрүштө колдонулбаган жана эскирген ТМБларды сатуу, эсептен чыгаруу жана башка максаттарга майлоочу материалдарды жана колдонуу мөөнөтү өткөн реагенттерди пайдалануу боюнча чаралар көрүлсүн.

3. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын жабдуу бөлүмү, ТМБларды заказ берүүдө жок кылынбаган товарларды сактоо жана ташуу боюнча кошумча чыгымдарга жол бербөө үчүн, алардын керектөөсүн эске алсын.

4. 0,9 миң АКШ долларындагы (71,6 миң сом) өлчөмүндөгү кем чыгууну калыбына келтирүү боюнча чара көрүлсүн.

**Аныкталды 59**

01.05.2021-жылга карата 16111 “Запастык корлор” эсеби боюнча калдык 131 583,0 миң АКШ долларын түзгөн, кезектеги мегилге карата дебеттик жүгүртүү - 10 408,3 миң АКШ доллары, кредиттик - 141 982,1 миң АКШ доллары, 31.12.2021-жылга калдык – 9,2 миң АКШ доллары.

Финансы бөлүмүнүн түшүндүрмөсү боюнча, 30.04.2021-жылга карата 122010 (Эллипс тутумунда) эсеби боюнча ТМБнын баланстык калдыгы убактылуу түзүлгөн 16111 эсебине (“Манас” программасындагы) киргизилген. май айына карата ТМБлардын жүгүртүлүшү боюнча бардык журналдык өткөрмөлөр (келип түшүүлөр жана кампадан эсептен чыгаруулар) кол менен жүргүзүлгөн. Ошол учурда, кампа боюнча корлор жөнүндө отчеттун негизинде, Эллипс тутумунан “Манас” программасындагы ТМБлардын каттоосу калыбына келтирилген.

Кийин, финансы бөлүмү менен кампа боюнча бөлүмдүн маалыматтарынын (эсептен чыгарылган жана келип түшкөн ТМБлар боюнча) ортосундагы жабдуучулар менен салыштыруу актысын түзүү негизинде, 9,2 миң АКШ долларында айырма пайда болгон, б.а. 31.12.2021-жылга карата отчет боюнча ТМБлардын баланстык наркы 9,2 миң АКШ долларында ашырылган.

**Корутунду**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын эсеби боюнча товардык-материалдык баалуулуктардын корлорунун ашырылган баланстык наркы 9,2 миң АКШ долларын түзгөн.

**Сунуш**

1. 2022-жылдагы финансылык отчет түзөтүү киргизилсин.

**Аныкталды 60**

23460 “Жеңил транспорт-чыгымдар” беренеси боюнча 01.05.2021-жылга карата пробалык балансдагы калдык 503 991,7 миң АКШ долларын түзгөн.

2021-жылга карата 909,9 миң АКШ долларында 21 бирдиктеги техника сатылып алынган, анын ичинен, 5 жүктөөчү, 3 айры менен жүктөөчү, 1 прицеп, 1 карда жүрүүчү, 11 жеңил автомобиль.

2022-жылдын январынан июнуна чейин 1 060,3 миң АКШ долларында 22 бирдиктеги техника сатылып алынган, анын ичинен, 1 КамАЗ, 2 прицеп, 5 айры менен жүктөөчү, 5 карда жүрүүчү, 9 жеңил автомобиль (анын ичинен, наркы 150,8 миң АКШ долларындагы “Lexsus 570” маркасындагы кызматтык автомашина). 30.06.2022-жылга карата бул эсеп боюнча калдык 28 111,5 миң АКШ долларын түзгөн.

Мында, төмөндөгүлөр аныкталган, бюджетке CIMC карда жүрүүчүнү сатып алуу үчүн, 48,6 миң АКШ доллары бюджетке салынган, ал эми жеткирүү менен сатып алуу факты жүзүндөгү сумма 59,7 миң АКШ долларын түзгөн, же 11,1 миң АКШ долларын ашыруу менен.

06.11.2020-жылдагы жабдуу келишимине жана 23.03.2021-жылдагы Р28653 ордерге ылайык, 3 айры менен жүктөөчү сатылып алынган: анын ичинен, “Hyundai Forklift 50-D-9SA” 1 бирдик, баасы 56,2 миң АКШ долларындагы 5 тонна жүк көтөрүүчү жана 61,4 миң АКШ долларындагы 2,5 тонна жүк көтөрүүчү “Hyundai Forklift 25-DT-7” 2 бирдик (баасы 30,7 миң АКШ долларында).

№3-6 Эсеп саясатынын 4-пунктунда, аларды максаттуу пайдаланууга чейин активдерди жеткирүү боюнча капиталдык долбоорлор, сатылып алынган активдин баасына капиталдаштырылышы керек, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы бардык үч айры менен жүктөөчүлөрдү жалпы нарктан орточо баа менен балanска алган, б.а. баасы 39,3 миң АКШ долларында салык жана каттоо боюнча чыгымдарды эске алуу менен, анын натыйжасында, 5 тонна жүк көтөрүүчү жүк ташуучунун наркы 16,9 миң АКШ долларына азайтылган.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКнын балансында турган, баштапкы наркы 38,0 миң АКШ доллары менен, мамлекеттик номери KGIH 0663, Форд Пикап 4х4 F350 автомашинасы 30.06.2022-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токтой чарбасы мамлекеттик агенттигинин Түп токой чарбасына документтерди тариздебестен, акысыз берилген, аудиттин жүрүшүндө - 14.10.22-жылы "Кумтөр Голд Компани" ЖАКына аудит учурунда кайтарылгандыгы аныкталган.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кенинин директору К. Молдобековдун 29.03.2022-жылдагы №22–078/1 буйругу менен, капиталдык оңдоо иштерин жүргүзүү жана 31.03.2022-жылдагы активдерди чыгарууга уруксат берүү формасынын негизинде анадан ары пайдалануу экономикалык жактан максатка ылайыксыздыгына байланышуу, 2006-жылы чыгарылган, мамлекеттик номери KGIH 0376, баланстык наркы 68,3 миң АКШ доллар турган, КАМАЗ-НЕФАЗ4208 (вахтовка) маркасындагы автомашина эсептен чыгарылган. Ал, кийин "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кайрымдуулук жана дем берүү боюнча комитетинин отурумунун 05.04.2022-жылдагы протоколуна жана 12.04.2022-жылдагы №С-8276 келишимине ылайык, КР ИИМдин Башкы финансылык-чарбалык башкармалыгына кайтарымсыз берилген.

Ошондой эле, жогоруда көрсөтүлгөн протоколдун негизинде, аларга дагы 16 бирдиктеги “Форд пикап” автомашинасы берилген (2005-2012-жылдары чыгарылган), алар 19.01.2021-жылагы активдерди чыгаруу боюнча уруксат берүү формасына ылайык эсептен чыгарылган.

"Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кайрымдуулук жана демөөрчүлүк жардам боюнча комитетинин протоколуна ылайык, автомашиналар кайтарымсыз пайдаланууга берилген:

- Төмөнкү Серафимовка социалдык стационардык мекемеге Тойота хи айс вен 2011-жылы чыгарылган, №KGBM2989;

- “Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фонду” КФга Мерседес- бенц S350, 2011-жылы чыгарылган, №0101KG3526M;
- Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөлдөө министрлигине Тойота ленд крузер-200, 2014-жылы чыгарылган, №KGBM353 (22.09.2021-жылдагы кайтарымсыз пайдалануу келишиминин 1.4-пунктуна ылайык, автомобиль 1 календардык жылга берилген, б.а. пайдалануу мөөнөтү аяктаган, бирок автомобиль кайтарылган эмес жана келишим узартылган эмес);
- Суу көйгөйлөрү жана гидроэнергетика институтунун алдындагы Тянь-Шань бийик тоолуу илимий борборуна, УАЗ 3390945, 2015-жылы чыгарылган, №KGIH0872;
- Жети-Өгүз районунун ИИБсына УАЗ-фермер, 2015-жылы чыгарылган, №KGIH0646 (22.09.2021-жылдагы кайтарымсыз пайдалануу келишиминин 1.4-пунктуна ылайык, автомобиль 1 календардык жылга берилген, б.а. пайдалануу мөөнөтү аяктаган, бирок автомобиль кайтарылган эмес жана келишим узартылган эмес);

**Корутунду**

1. Аудит мезгилине карата "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы эски автомашиналары болуп туруп (2005-2015-жылдары чыгарылган) 998,7 миң АКШ долларындагы 20 бирдиктеги жеңил автомашина сатылып алынган, ал эми, жалпы 214,1 миң АКШ доллары баланстык наркы менен мурунку автомашиналар, кайтарымсыз берилген: КР ИИМ – 16 бирдик, башка уюмдарга – 5 бирдик.
2. Бюджеттен каралгандан 11,1 миң АКШ долларынан ашык CIMC карда жүрүүчүнү сатылып алынган.
3. 5 тонна жүк көтөрүүчү Hyundai Forklift 50-D-9SA жүк ташуучунун баасы, эсеп боюнча 16,9 миң АКШ долларына азайтылган.
4. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын балансында турган, мамлекеттик номери KGIH 0663, 2008-жылы чыгарылган, баштапкы наркы 38,0 миң АКШ долларындагы “Форд Пикап” 4х4 F350 автомашинасы, 30.06.2022-жылы тиешелүү документтер таризделбестен туруп, Түп токой чарбасына кайтарымсыз берилгендигин аныкталган.

**Сунуш**

1. №3-6 Эсеп саясатынын 4-пунктундагы, аларды максаттуу пайдаланууга чейин активдерди жеткирүү боюнча капиталдык долбоорлор бөлүгүнүн талаптары сакталсын.
2. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын финансы бөлүмү, сатылып алынган баасы менен жүк ташуучунун баасын ылайык келтирүү бөлүгүндө, активдерге тиешелүү түзөтүүлөрдү жүргүзсүн.
3. Бекитилген бюджеттин каражаттарын ашыкча чыгымдоого жол берилбесин, №3-6 Эсеп саясатынын 4-пунктундагы, аларды максаттуу

пайдаланууга чейин активдерди жеткирүү боюнча капиталдык долбоорлор бөлүгүнүн талаптары сакталсын, финансы бөлүмү сатылып алынган баасы менен жүк ташуучунун баасын ылайык келтирүү бөлүгүндө, активдерге тиешелүү түзөтүүлөрдү жүргүзсүн.

4. Кайтарымсыз пайдаланууга берилген автомашиналар кайтарылсын. Транспорт каражаттарын негизсиз жана тиешелүү документтерди тариздебестен берүүгө жол берилбесин.

**Аныкталды 61**

30.12.2021-жылдагы абал боюнча, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын кызматкерлеринен алууга карата эсеп боюнча кредиттик карыздын калдыктары (берилген займдар, корпоративдүү карталар боюнча) 15,4 миң АКШ долларын түзгөн.

Бул калдык боюнча, эмгек акыны эсептөө боюнча бөлүмдүн менеджердин түшүндүрүмөсү менен, АКШ долларына карата кредиттик карыздын болушу менен, АКШ долларына карата курстук айырмадан улам, дебитордук карыз сомдо эске алынган жана “Манас” программасындагы “Элипс” программасынан калдыктарын которууда, мурункудан айырмаланган, КРУБ эсептик курсу колдонулган.

КРУБдун эсептик курсун туура эмес колдонуудан улам, алууга карата эсептер боюнча кызматкерлердин 15,4 миң АКШ доллары суммасында ашырылган кредиттик карыздар пайда болгон.

2022-жылга карата бул эсеп боюнча дебитордук жана кредиттик карыздар дын жүгүртүлүшү жүргүзүлгөн эмес жана 01.07.2022-жылга карата кызматкерлерден алууга карата эсептер боюнча кредиттик карыз 15,4 миң АКШ доллары өлчөмүндө калган.

**Корутунду**

1. КРУБдун эсептик курсун туура эмес пайдалануудан улам, алууга карата эсеп боюнча кызматкерлердин кредиттик карызынын ашырылышы 15,4 миң АКШ доллары суммасын түзгөн.

**Сунуш**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы финансылык отчеттуулукка тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизсин жана 15,4 миң АКШ долларында курстук айырмадан кирешелерди таануу менен, ашырылган кредиттик карыз азайтылсын.

**Аныкталды 62**

01.05.2021-жылга 01.07.2022-жылдагы Центерранын эсебиндеги **№31445** төлөмгө карата калдык 5 115,6 миң АКШ долларын түзгөн.

Бул калдык боюнча, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын финансы бөлүмү тарабынан “Центерра голд инк” компаниясынын алдында 3 387,8 миң АКШ долларындагы жана компаниялар ортосундагы ички топтук операциялардын

эсебинен, 2021-жылдын январынан апрелине чейинки мезгил аралыгында пайда болгон “КОК” ЖАКынын - 1 727,8 миң АКШ долларындагы карызынын болушу менен деп түшүндүрүлгөн. Кредиттик карыздын калдыгы “Эллипс” эсеп программасынан алынган.

01.07.2022-жылаг карата "Кумтөр Голд Компани" ЖАКында, “Центерра голд инк” компаниясынын (ички топтук операциялар) жана “КОК” ЖАКынын (келишимдер, эсеп фактуралар, салыштыруу актылары ж.б.у.с.) бул карызын аныктоо бөлүгүндө баштапкы документтер жок.

**Корутунду**

1. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынын эсеби боюнча, “Центерра голд инк” компаниясынын жана “КОК” ЖАКынын алдында 5115,6 миң АКШ долларлык кредиттик карыз бар.

**Сунуш**

1. Коомдун кирешелери катары, көз карандысыз аудитордун отчетуна ылайык, 5115,6 миң АКШ доллары суммасындагы ички операциялар боюнча милдеттенмелер таанылат.

**Аныкталды 63**

30.06.2022-жылга карата №18 310 “Авансалык төлөмдөрдүн суммасы” эсеби боюнча 66 630,7 миң АКШ доллары суммасынадагы дебитордук карыз эсептелген, анын ичинен, 2021-жылдын январында OMNI (Канада) компаниясынын чегерилген 42,0 миң АКШ доллары.

13.07.2020-жылдагы №3302037инвойско ылайык, 14,0 миң АКШ долларындагы товарды жеткирүү жүргүзүлгөн, жыйынтыгында 30.06.2022-жылы 28,0 миң АКШ долларындагы дебитордук карыз калган. 01.05.2021-жылдан тартып ушул кезге чейин, 8,7 миң АКШ долларындагы карыз бар, ага карата аудитке тастыктоочу документтер (бул дебитордук карыз эмне үчүн, ошондой эле кимге эсептелген, пайда болуу себеби, салыштыруу актылары ж.б.) берилген жок.

“Эллипс” программасынан “Манас” программасына өтүүдө, 8,7 миң АКШ долларына чечмелөө бөлүгүндөгү баштапкы маалыматтар жоголгон. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы 2022-жылдын августунан тартып, бардык эсептерди калыбына келтирүү ишин жүргүзүүдө.

**Корутунду**

1. 01.05.2021-жылдан тартып ушул кезге чейин эсептелген 8,7 миң АКШ долларындагы карыз бөлүгүндө, ага карата аудитке тастыктоочу документтер берилген жок. “Эллипс” программасынан “Манас” программасына өтүүдө, 8,7 миң АКШ долларына чечмелөө бөлүгүндөгү баштапкы маалыматтар жоголгон. "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы 2022-жылдын августунан тартып, бардык эсептерди калыбына келтирүү ишин жүргүзүүдө.

**Сунуш**

1. Алардын суммасын тактоо менен, дебиторлордун аталыштары боюнча бардык эсептерди калыбына келтирүү боюнча иш аягына чыгарылсын.

Аудит аудитор А.Т. Байгазаковдун жетекчилиги менен, башкы мамлекеттик инспекторлор: Итигулов К.К., Салиев Н.А., Ашимова Г.Дж., Джайлообаева Г.Ш., мамлекеттик инспекторлор Айталиев М.А., Жумаев Б., Иманбаев Р., инспектор Сooданбеков Ч.С., тышкы адис Кудайбердиев Н.А., "Кыргызалтын" ААКсынын башкы технологу Жумабаев Э.Д. тарабынан жүргүзүлгөн.

**Аудитор** **А. Т. Байгазаков**